
С кыргр.
Э 74

Анжаркын ЭРГЕШОВА

# ШООКУМСУЗ ТОЛКУНДАР



Формуляр книги

| | |
|---|---|
| ... корг. | 473066 |
| | Эргешова А. |
| | ... толук- |
| | 50с |

Скырг.
Э74

Айжаркын ЭРГЕШОВА

# ШООКУМСУЗ ТОЛКУНДАР

ИНФОРМАЦИОННО-
КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 473066

«Турар»
Бишкек – 2013

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7 – 5
Э 74

Эргешова Айжаркын.
Э 74 Шоокумсуз толкундар: Ырлар. – Б.: «Турар», 2013. – 290 б.

ISBN 978-9967-15-294-6

Поэзия дүйнөсүнө өзгөчө стили, кайталангыс саптары менен келген акын кызыбыз Айжаркындын жалбырт сезим менен ааламдын оош-кыйышы кошо өрүлгөн бул жыйнагы ыр жандуу окурмандарынын жан-дүйнөсүн дагы бир жолу жаркытат деген ойдобуз.

Э 4702300200-13 УДК 821.51
ББК 84 Ки 7 – 5

ISBN 978-9967-15-294-6
© Эргешова А., 2013.

Бул китеп окурмандардын колдоосу менен чыкты. Биз – акындар, ыр сүйгөн, ыр окуган, деги эле поэзия деп жан күйгүзгөн адамдар калбады го, өз ырыбызды өзүбүз гана окуйбузбу деп маанай чөгүп турганда тээ Финляндиядагы журналист агабыз Асыран Айдаралиев уюштурган «Фейсбук» социалдык түйүнүндөгү «Кыргыз Көчү» мекенчилдер тобу китеп чыгаруу демилгесин көтөрүштү. Асыран ага өзү улуу башын кичүү кылып, күн түндөп китептин толук жасалгасы менен алектенди. Аларга менин бир кездеги группалаштарым, азыркы санаалаш досторум кошулду. Мындай колдоого кандай алкыш айтаарымды билбей, дүйнөм кубанычтан, сыймыктануудан, карекке жаш айланткан толкундоодон кымгуут түшүп, ылайыктуу сөз таппай отурам. Бул сезим бүгүн эле эмес - китеп чыккандан кийин да аны барактаган сайын кайталанаарына, көөдөндү аптыктырып алкым бууган мындай аялуу сезимдер эч качан көөнөрбөсүнө ыманым кепил. Бар айтаарым, ыр сүйгөн жүрөгүнөрдө дайым ЖАЗ болсун!

**ДЕМӨӨРЧҮЛӨР!**
**«КЫРГЫЗ КӨЧҮНДӨГҮ» КӨЧМӨНДӨР:**

**Эрик РАСТ** жана **Венера РАСТ**.
Том-Прайс шаарынан, Австралия
**Аида Ахмад ЖАМАЛ**. Аби-Даби шаарынан, БАЭ
**Бахтияр БАЛТАБАЕВ**. Бишкек шаарынан
**Гүлсана САРНОГОЕВА**.
Фолиньо шаарынан, Италия
**Толукбек МЕНДЕБАЕВ**.
Москва шаарынан, Орусия

**Назира АСАНКОЖОЕВА**. Бишкек шаарынан
**Сыймык БЕЙШЕКЕЕВ**. Бишкек шаарынан
**Чынара САРБАГЫШОВА**. Бишкек шаарынан
**Айжан КУЛМАМБЕТОВА**. Бишкек шаарынан
**Совет ҮСӨН**. Корея
**Элбек БАЗАРОВ.** Сургут шаарынан, Орусия
**Нуржан ТОКТОНАЗАРОВА**, Бишкек шаарынан.
**Атыргүл ЗАКИРОВА.**
Алтай крайынын Барнаул шаарынан
**Айкызы КӨЧКӨНБАЕВА.**
Кызыл-Жар (Красноярск) шаарынан, Орусия
**Улан КОШАЛИЕВ.** Кимхчон шаарынан, Корея
**Нурзат МОКЕНОВА,** Бишкек шаарынан

**ГРУППАЛАШТАРЫМ:**

**Нургазы МУСАЕВ. Бишкек шаарынан**
**Сайвали ХУДАЙКУЛОВ. Бишкек шаарынан**
**Хикмат АДАХАМОВ. Бишкек шаарынан**
**Улан САПАРБАЕВ. Саха республикасынан, Орусия**
**Замира КАДЫРАКУНОВА. Бишкек шаарынан**
**Гүлзат МАТИБАЕВА. Бишкек шаарынан**
**Гүлбарчын ТАЖИЕВА. Бишкек шаарынан**
**Жайнагүл ДҮЙШӨБАЕВА. Кызыл-Жар, (Красноярск) Орусия**
**Гүлбарчын АПАРКАНОВА. Кызыл-Жар, (Красноярск) Орусия**
**Тынчыкан ИСАКОВА. Казакстан, Алматы шаарынан**
**Сабира МАМАТАЛИЕВА. Орусия**
**Айнура СУЛТАНОВА. Ош шаарынан**
**Айчүрөк КОЖОМБЕРДИЕВА. Ош шаарынан**
**Зарипа АБДУЛАКИМОВА. Баткен облусу**
**Бактыгүл ЫСМАИЛОВА, Ош шаарынан**



# БИРИНЧИ КИТЕП

# СИЗ

## ЫРЛАР

*Бул китеп түн баламдай ыйык мага*
*Армандуу жылдарымдын дарыгери*
*Күтүп ал, жан-дүйнөңө бүлө кылып*
*Ырыма шек келтирбе, мени айыпта*
*Тапшырдым, ак жол тилеп... аздегимди.*



Поэзия дүйнөсү - көөнөрбөс, сырдуу дүйнө. Анын күйөрмандарын кошпогондо, бул улуу жана сыйкырдуу дүйнөгө бирөөлөр келет экен, бирөөлөр андан кетет экен.

Тамшандырып коюп, бул жашоодо ыр болуп өмүр сүрүп калган Алыкул, Жолон, Турарлардын арман касиретин поэзияда жаңыдан көрүнө баштаган таланттардын жарк эткен жылдызы басып таштайт экен да, зор үмүт менен поэзия күйөрманы болуп жашооңду уланта берет экенсиң. Мен мындан үч жылча мурда Айжаркындын поэзия дүйнөсүнө кабылганда өз башымдан ушундай сезимди өткөрүп, кыргыз поэзиясы таланттуу жаштардан куру кол эместигине дагы бир жолу ишенип, Кудайга шүгүрчүлүк келтирдим. Андан бери убакыт өтүп, Айжаркын факультетте гана эмес, ыр жандуу Оштун ыр күйөрмандарына белгилүү болду. Кайсы бир өлчөмдө өз бактысын тапкансыды. Ырдын техникасын өздөштүрдү. Айрым ырлары чоң акындын саптарындай сенин жашыңда да, кесибиңди да эске албай, муютуп турат. Кээ бир ырлары сени үмүттөндүрүп турат. Албетте, "балалык оору" менен ооруган саптар да жок эмес. Канткен күндө да улуу поэзиянын зор мүшкүлүн Айжаркын башынан өткөрүп жатканын ушул китепчени окуп чыккан поэзия күйөрманы бат эле сезет.

Бул китепче Айжаркындын тун китеби. Андагы ырлар аркылуу жаш акын кызыбыз поэзия дүйнөсүнө чыгар алдындагы элден сураган урук-

саты, элден сураган батасы.

Китептин баш-аягын ыйык сүйүү чулгап жаткансыйт. Ооба, ошондой, а бирок Айжаркындын поэтикалык жан дүйнөсүн таба алган окурман сүйүүдөн башка темалар да арбын экендигине ынанат. Кайра эле Айжаркындын жаштык курагы аны махабат дүйнөсүнө ээрчитип кетип калат.

Жазарга азык таппай,
Жан дүйнөм ачка азыр,
Ой жеткис Сиз бийиксиз,
Төрөлсүн кайдан жаш ыр.
Агатай, Сиз жөнүндө,
Жазбасам көпкө чейин.
Шору арбын жашоомдогу,
Өтө оор күнөөм менин, – дейт Айжаркын жан сырын окурманы менен бөлүшүп. Ооба, Айжаркын, Сени толгонткон сүйүү ырлары сага поэзия ырыскысын алып келерине ишенем.

Азиз окурман, китепти окуп чыгып, Айжаркынга кыялыңда ак жол тилеп кой.

Узун-туурасы менен алыс-жакынын бир да акын көрбөгөн поэзия жолунда сага ийгилик каалаймын.

Кудай сага чыныгы ыр берсин, Айжаркын,

***Т. АШЫРБАЕВ,***
***филология илимдеринин кандидаты***



# 1992-1997-ЖЫЛДАР

Силер улуу жолго аттандыңар..., кантер экенсиңер. Ким кандай кабыл алып, эмне деп сындар экен.

Силердин мойнуңарда улуу милдет, ыйык сүйүү бар, ошону көтөрүп кете алар бекенсиңер. Айтарым, этиет болгула, аруу болгула! "Сиз" кирдеп, сөз тийип калбасын.

Кандай күнгө туш болсоңор да бек болгула, ыр канаттуу периштелерим! Баргыла эми. Силерди жаңы гана агарган таң алдында, жамгырга чыланган сапсары бариктерге төшөлгөн кеч күздүү, кусалык уялаган суз көчөмдөн үмүткөр көз менен жалгыз узатып калам...

Жолуңар ачылсын, тагдыр периштелерим!!!

## ТӨРТ САПТАР

Мен жашоодон учуп кеткен бир кечте,
"Өлдү" - дешип айтышпасын досторум.
Албууттанган ырлар жарып мүрзөмдү,
Тоо дайрадай тилин албайт тосмонун.

* * *

Сырдашым аярлай көр, ушул ырлар,
Кем тагдыр тартуулаган бактым менин.
Жашоодо акын тагдыр менен жашап,
Өлөрдө акын өлүм алып кетсин...

* * *

Мен СИЗге согуш ачам Сүйүү деген,
Кылымдын кыйрын кезип бүтпөй келген.
Ордосу жүрөк деген бейиш жерде,
Аскерим улуу сөздөн куп иргелген,
Өлкөңө баштап кирет СЕЗИМ баатыр,
Жеңилгин, же каршы чык сүйүү менен.

* * *

Канчалык унутууга тырышсам да,
Жүрөктү өрттөп турат ыза-күйүт.
"Сүйөм" - деп, өмүр бою "Сизди" ырдап.
Күн бүтөт "сүйөм" деген сөздү чийип.





* * *

Эч кимге айтпай жашырам атыңызды,
Койбосун деп айың сөз Сизди булгап.
Ачыла албай сыр төгүп ичтен сызып,
Жашыруудан Агатай кеттим куурап.

* * *

Бүгүн кечте барайын күтөсүзбү?!
Эриниме учкун от ала барам.
Өрттөйлүчү сар-санаа, убайымды
Өзүбүз да калбайбыз, бирок аман.

* * *

Кан базар, ырдап жатты байкуш сокур,
Кардыккан каргыл үнү жүрөктү эзип.
Ырдагым, же болбосо кетким келди,
Акча эмес, сүйүү сурап дүйнө кезип.

* * *

Келчи, агатай, элди көзгө илбей,
Жүдөө дүйнөм калсын көрктөнүп,
Жыгылайын өрттөй кучакка
Бул кем дүйнө кетсин өрттөнүп!

* * *

Күү толгоп, аёо толгоп сезимдерге,
Ырдашат бир муңдуу ыр жалбырактар.
Силерди аяп кетем, аяй албай,
Алдастай алсыз онтоп куласаңар.

* * *

Жолугуу оор бизге ушунчалык,
А бирок, жолукпоодон жеңилирээк.
Эстесем биздин жолдун бир болбосун,
Өзүмдөн өзүм качып кетким келет.

* * *

Кызганам Сизди кайыңдан, талдан, көчөдөн,
Күйгүзө көрбөң башканы карап өзгөчөм.
Мен өлбөс жанмын сүйүүдөн мүрөк суу ичкен,
Сиз сүйбөй коюп ошондо гана өлбөсөм.

* * *

Сизди эскерип түшкөн ар бир жалбырак,
Күз кечтери кусалуу ай өзгөчө,
Кезикпейин канча жакшы адамга.
Алмаштыра албайт окшойм өзгөгө.

Дирилдеши жалбырактын акырын,
Сиз мени өпкөн абалымды эскерет.
Үйгө батпай биздин күздү сагынган,
Оо алдыда али далай кеч кирет...





* * *

Дайынсыз али мага арнап тартчу көшөгөң,
Салбассың жоолук, көйнөгүң деле кийбеймин.
Чырактай балаң, жарың бар сендей пендени,
Сүйүүң түшкүр, сүйдүрдү неге билбеймин.

* * *

Жамгырдай жаайт кечте,
Сапсары жалбырактар.
Бариктей түшөт колдон,
Оштонгон жаштык жылдар.

* * *

Күз жели картаң кыздай улутунат,
Жалгыздык жанга батып, ээт куса,
Жүрөгүм буулугуудан онтоп ийет...
Жалбырак бут алдымда сулап жатса.

* * *

Айтайын баарын, чарчадым ууру жашоодон,
Каргыш тий сүйүү көтөрткөн тоодой күнөөнү.
Уруксат сура, аялың макул болсо эгер,
Өлбөстүн күнүн бир үйдөн чогуу көрөлү.

* * *

Дүрбөтүп коюп жүрөктү,
Дүбүртүн укпай кетпеңиз.

Тагдырдын сыйы, же жаза
Жат болбоң мага эми Сиз!

* * *

Күз келди, өңү өчкөн жалбырак,
Дарактан араң жан ажырайт.
Оомалуу, көз ирмем дүйнөң кур,
Өкүттүү окшошкон тагдырды айт...

* * *

Балдарың билем кечпейт "айыбыбыз",
Күнөөмдү актар беле ыйык сүйүүм.
Не дейин бой жетишсе түшүнүшөр.
Күнөөдөн бийиктигин ак сүйүүнүн!

* * *

Мезгилсиз саргайды жалбырак,
Дал менин кусалуу өңүмдөй.
Сары санаа жан-дүйнөм аркылуу
Даракка өткөнбү көрүнбөй..?

* * *

Сиз азыр алыстасыз жакын туруп,
Тосмо бар ортобузда көрүнбөгөн.
Улуу сел алып кетер күн кайда экен,
Тосмону экөөбүздү эки бөлгөн.





* * *

Жолум болбой аруу сезимден,
Тагдыр жолдо аксап келатам.
Жүрөк күтүп сүйгөн түгөйүн,
Таңдар атты коштоп куса арман.

* * *

Маанайым чөгүңкү жай басам,
Көңүл да серпилбейт негедир.
Чөктүрүп сагыныч санаага,
Кусадар кылдың го жаз мени.

* * *

Жаштыкты сага,
Жараткан бербейт эки ирет.
Андыктан курбум,
Сүй, ырда, оттой күйүп өт.

Басынба паска,
Жашоонду өзүң көрктөгүн,
Колуңдан келсе,
Башканы кошо өрттөгүн.





* * *

Качандыр бир кездерде,
Биз, балким, жолугарбыз.
Унчукпай түшүнөбүз,
Абалды ошол алсыз.

Ошондо жымжырт болоор...
Бүт дүйнө бир сөз күтүп.
Көбөйөр..., калбас анда,
Көп жылдык арман бүтүп.

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №.....473066.....

* * *

Сурадым, карап туруп
Жай көчкөн ак булутту.
"Көрдүбү ал да сени,
А балким, мени унутту?"

Сапарын улайт булут,
Санаасыз суз каалгып.
Купуя салам айтам:
"Абалын сура барып.

Сагынчым айткын анан
Төгүлүп жамгыр болуп,
Көздөрүн тамчың өпсүн,
Чачтарын сыла конуп".

Көк челген тоолор да суз,
Сагындым эриниңди...
Сени да куса кыйнап,
Шат күлкүң кемидиби?





*Көздөрү нурдай таза, баёо сары кыз ар убак түшүмө кирет. Ошол нурдай таза көздөрдөн бозор-болбос балалык эрке таарыныч, экиленүү, кетише элек ишеним, анан алда неге болгон эңсөөнү, чаңкоону көрөм да, чочуп ойгоном. Түшкө кирген балалыктын чаңкоосу дале канбаганын туям. Мен төрөлгөндөн сүйүүгө чаңкап төрөлгөм сыягы...*

## ӨРҮК

Күндө көрөм жалгыз өрүктү,
Жатакана артын көрктөгөн.
Жел кубүсө назик бүрлөрүн,
Арман коштойт мени бүтпөгөн.

Эстейсиңби биздин өрүктү,
Там артында аппак гүл аччу.
Ай тийгенде шоокум шоолага.
Ал айланып жүрөк туйлатчу.

Далдааланып мени күтчүсүң,
Чачтарыңа аппак бүр конуп.
Дирилдеген коңур үнүңдү,
Уксам кетчү дүйнөм ыр болуп.

Ах, көздөрүң сенин андагы,
Ыпысык нур турчу чачырап,

Кулак түптөн табы кете элек.
Алаканың дале чакырат.

Жүрөгүмдү тилген алиге,
Сага деле ал кез армандыр.
Бизди күтүп, балким, өрүк да,
Кусалыктан куурап калгандыр.

Куурап калса деле барып тур,
Ай төгүлгөн түндө түбүнө.
Ишенип кой сезет жүрөгүм,
Өрүк ыйлайт жоктоп күнүгө.





## ТУН СЕЗИМ

Эстедим неге бүгүн,
Тынч жашоом ойго салган.
Армандуу жигит сүйүүн,
Айылда алыс калган.

Чын дилден сүйчү эле,
Эрини албырган от.
Колумду араң кармап,
Аптыкчу деми токтоп.

Шок мүнөз токтоо тартып,
Сүрдөнүп турар элем.
Көзүңдө сырдуу учкун,
Өбүүгө кумар элең.

Үйлөндүң башкага анан,
Сыйрылды ичим тыз-тыз.
Жолуктук күнөөлүүдөй,
Айлуу түн, тоолор да үнсүз.

Ыйладым билбейм неге,
Дүйнөмө сиңген белең.
Алгачкы наристе ыр,
Тана албайм тапкам сенден.

Жомоктой күндөрүмдүн,
Күбөсү аман болгун.
Бизди эми жолуктурбас,
Сапары тагдыр жолдун.





* * *

Тилек кылар максат да жок,
Күңүрт жолдуу келечек.
Биз жөнүндө билген жандар
Түрдүү сөздөн жип эшет.

А душмандар ошол жиптен,
Сыйыртмагын ыргытар.
Сөз уусуна чыдай албай,
Ыйлайт жүрөк жарадар.

Өзүмө-өзүм канча ирет,
Жолукпоого ант бердим.
Эрким жетпей улам кайра
"Эми такыр" - деп келдим.

Биз жолуккан күүгүм кечтен,
Эстечи эчен күн өттү.
Кыйбас болуп калдык беле,
Санаа эзет жүрөктү.

Тапкан элем жаштыгымдын,
Кайгы билбес күнүнөн.
Жарымымсың, балким, менин,
...мен сен үчүн төрөлгөм.

Бүтпөс бакыт болбойт тура,
Жеттик чекке айрылаар.
Эңсеп өткөн сүйүү жазын,
Уйку көрбөс түндөр бар.





## ШАКЕК

Ызгаар түн ошондогу,
Дайра үнү күңгүрөнгөн.
Жээкте муз эритип,
Наристе сүйүү жүргөн.

Апкаарый назик кармап.
Колума шакек салдың.
Калтырак басып бойду,
Не дээрим билбей калдым.

Унутуу үчүн сени,
Шакегиң алып койгом.
А бирок, алалбадым,
Жүрөктөн, көңүл ойдон.

Делгиртпейт мени азыр кыш,
Армандуу сүйүү өчтү.
Жаайт кар сезимге жат,
Мыжыгат муң жүрөктү.

## КҮЛҮП КОЙЧУ

Эскерем ичтен сызып,
Кайрылбас сүйүү жазын.
Наз шыбыр, жумшак үнүң,
Сагындым сен кайдасың?

Суз жүрөм кусаланып,
Эч кимден мээрим таппай.
Тагдырым мажбурлаган,
Болууга сага жаттай.

Бүт өмүр балким биздин,
Өткөндү сагынуудур.
Көргөндө көңүл ыйлап,
Армандуу сабылуудур.

Бузалы бул өкүмдү,
Карай бер төгүлчүдөй.
Сыр катып күлүп койчу,
Баягы кышкы түндөй....





* * *

От болуп күйүп,
Аптыккан демиң.
Уят ай мынча,
Дуулдайт эрин,
Өзөккө салган
Өчпөгөн өрттү.
Ушул түн шамдыр,
Жашоомо менин.

Көздөр бу сырдуу
Дүрбөтүп дүйнөм,
Кантерим билбей,
Дардисар жүргөм,
Коркпогун жүрөк
"Өкүнбө кийин"
Мен үчүн бакыт
Бүгүнкү күнөөм.

Көөдөнгө жагып,
Жылт эткен учкун.
Алдады тагдыр,
А мүмкүн уттум.
Түбөлүк билем
Өтөмүн ырдап,
Табында калып
Өчпөгөн оттун!

## 3-ДЕКАБРЬ

Кыш түнү шоокум, бөлөнүп нурга,
Музыка муңдуу жаңырат.
Жүрөгүм менин айлымда өткөн
Туулган күндү сагынат.

Алыста калган сыйкырдуу ал түн,
Көңүлдөн такыр узабай.
Дале ысык көзгө суу бою, чоң таш,
Үлбүрөк жапжаш уяң ай.

Табият, талаа аппак кар баары
Жомоктой нурга айланган.
Аптыккан шыбыр дүргүтүп канды,
Ыпысык эрин бал тамган.

Олтурам азыр толбогон орду,
Кусаны камап өрттөгөн.
Каалоомду айтам, жылмаюум жалган.
Бокалды шаттуу көтөрөм.





## ИЗДЕР

Көкүрөккө сыйбай кетти арманым,
Көп эскерүү саргаюуда жыл сайын.
Энекемдин бубак баскан чачында,
Билем биздин чуулуу сүйүү калганын...

Ошол биздин шордуу сүйүү барын сез,
Айылымдын чаң жолунда, ташында.
Ишенип кой, биздин издер өчө элек,
Улуу тоонун темир аяз кышында.

Деги койчу баары өткөн күндөрдүн,
Изин сактап, кадам сайын эскертсе.
Айтчы кантип дитим чыдап унутам.
Жүрөгүмө кантип айтам "эстетпе!".

## АЛДОО

Жолугабыз элден уурданып,
Биздин жолдор калды тосулуп.
Жашоо бизге эми буйрубас,
Эл катары бирге кошулуп.

Сен жөнүндө сагыныч арзууну
Абысындан, достон жашырам,
Кирпигимде түнөйт кусалык,
Көздөрүмө арман бүт сыйган.

Түбөлүктүү бүтпөс нерсе жок,
Үмүт үзүү, кыйнайт өкүнүч.
Эш тутабыз эсен-соолукту,
Өзүбүздү алдап өзүбүз.





* * *

Баш ийдирди тагдыр өкүмү,
Кечирип кой, мени ардагым.
Ыроолобой сендик дилимди,
Жары болдум, бирок, башканын.

Ысык шыбыр, назик жылуу сөз,
Эргите албайт неге сенчелик.
Айткан сөзүң ээзет жүрөктү,
"Эч ким сүйбөс сени менчелик!".

Биз жолуккан күндүн эртеси,
Таттуу кыял жүрчү жетелеп,
А азырчы аруу сезимдер,
Күдүктөнткөн кирден кетилет.

Кечирип кой мени ардагым,
Баш ийебиз турмуш шартына.
Талкаланды биздин сыр сарай,
Кайтуу болбойт эми артыма.

## АТАМА

Эмнегедир мен өзгөчө,
Жакын өстүм баарынан.
Ата Сизди теңейм неге,
Алыс кетсем сагынам.

Жумшак мүнөз, бала жандуу,
Ичтен сызган кайгыга.
Сыр алдырбас бекем элең,
Эстүү, токтоо дайыма.

Сокку алып мен тагдырдан,
Жолдон тайган кезимде,
Жаш баладай биринчи ирет,
Зар ыйладың, эсимде.

Аскар тоом, эш тутарым,
Колдоп жүрөөр тумарым.
Мен көбөйттүм билем Ата,
Чачтарыңдын бубагын.





*Туулган жердин деми делөөрүтүп делбиреп барчумун. Көк-Кыядан чыгарым менен жап-жашыл дөңдөн, анда отурган бөжөйгөн караандан көзүм өтүп кетчү.*

*Ал – чоң энем эле. Үшүп калса да отура берчү жарыктык. Мени күтүп бар жанарын карылык өчүргөн шоролуу, нурсуз көздөрү жолду кусалуу тепчип жалгыз отурчу... Азыр Сиз жоксуз асылым. Эми ошол кароол дөбөдөй жашыл дөңдөн атамды көрөм. Атам да картайып калыптыр... Чачынын ар бир талында менин кошумчам бар. Жанына дагы бир караан келди... Ал – апам...*

*Көп өтпөй ал дөңгө мен отурам, уулумду күтөм.*

## ТУУГАН ЖЕР

Ызы-чуу түшүп козу-улак,
Тызылдап тоскон жыңайлак.
Тосо албай калсак ызадан,
Козу-улак менен кошо ыйлап.
Сексейген сары секелек,
Туурук бет, кетик тиш убак,
Балалыгым сенде өткөн,
Али эсимде, Тууган Жер.

Көз жаштай тунук булактар,
Жээгинде далай ойногон.

Жоодур көз тайлак ошол жай,
Энеси өлүп боздогон.
Кусалуу үнү зар каккан,
Жүрөктөн али кири жок.
Аялуу сезим козгогон,
Кез эсимде, Тууган Жер.

Мүлдө аалам кызык көрүнгөн,
Кылгырып карек нурданып.
Билекте күмүш билерик,
"Шыңгыр" - деп назик үн салып.
Басканда карап көлөкө,
"Шыңк" күлүп наздуу буралып,
Беш көкүл кездин кыялкеч,
Издери сенде Тууган Жер.

Бейкүнөө баёо көңүлгө,
Дүрбөлөң салып толгонткон.
Көрбөсөм самап, көргөндө,
Ысык кан бетке ойноткон.
Ыймандуу уяң жүрөктөн,
Наристе ышкы ойготкон,
Мен унутпас бир пендеңдин,
Дидары сенде Тууган Жер.

Жомоктой ошол ааламды,
Капылет бир күн сел алды.





Ак көйнөк кызың адашып,
Азгырык жолдо алыстап,
Кайрыла албай кыйналды.
Кош жүрөк бирдей жарадар,
Ким билет башка арманды.
Өзүңдө калды Тууган Жер,
Сүйүүмдүн өчпөс муң-зары.

Жупжумшак түтүн каалгый,
Ынак сүт жыты буркурап.
Кызгыч нур төккөн жайкы кеч,
Тоо суусун боёп кулпурат.
Арчалуу тик бет шыбактуу,
Кусадар кылды тоо тарап.
Энекем тиккен ак боз үй,
Тургандыр кошо жол карап.

Кекилик учкан белестер,
Айдыңдуу колот-талаалар.
Мунарык баскан УлууТоо,
Эңсетет кылып санаадар.
Ырларды өзүң тууралуу,
Мен шаңшып жүргөн кусалуу,
Сенсиз бир кушмун жарадар!

## ТУУЛГАН ЖЕР ТУУРАЛУУ

Тоодо, түздө туман самсаалап,
Айлананы басат мунарык.
Кечээги эле дарак кулпунган,
Бүгүн турат көрксүз кубарып.

* * *

Күз жамгырынын тыншап шыбырын,
Жалгыз келем ойлуу көчөлөп,
Тагдырына көнгөн чарасыз,
Сары жалбырак жолго төшөлөт.

* * *

Өрүктөрдө өрттөй жалбырак,
Мөлтүр бермет мончок тагынат,
Өмүр күзүн тоскон далай жан,
Жаштык жазын эңсеп сагынат.

* * *

Ак кол чатыр жаштар жашынган,
Күзгү бакта сүйкүм агарат,
Шыбыр-шыбыр бийлейт жалбырак,
"Күздө күздөй сүйүү жаралат".





* * *

Күн да алсыз, тартып муңайым,
Жай күнүндөй тийбейт толукшуп.
Келгин куштар сайрайт кусалуу,
Тынчсыздана учуп, конушуп.

* * *

Толкун минип калкый жаркырап,
Агат сууда алсыз жалбырак.
Жаралбасы жазда кайрылып,
Бир аялуу сезим калтырат.

* * *

Түркүн мөмө бүткөн жыйналып,
Жемиш багы азгын шапаят.
Томкорулган айдоо аңыздар,
Жазды күтүп бейпил эс алат.

* * *

Күз жамгыры күүлөп жүрөктү,
Курдаш кыздар ойнойт гитара.
Сырдуу кайрык козгоп жараны,
Кайра барам кайткыс жылдарга.

* * *

Айланам улуу тоолор,
Тунжурайт ойлуу тартып,

Боорунан шаңшыйт улар,
Жай таңын ырга айлантып.

* * *

Салам айткан чулдур суур,
Колуң алып бооруңа.
Кире качпа жаман жандай,
Сүйлөшөлү корунба.
Сырдашуудан бул тоолордун,
Эркетайы оорунба...

* * *

Жаш кулундай шыңгыр үндүү,
Кишенейт да чакчыгай.
Кайра дароо шок жеңедей,
Шыңк-шыңк күлөт токтобой.

Жалт каратат итти туурап,
Багындырып эркиңи.
Боз уландай бирде ышкырат,
Селт эттирип селкини.





## МӨЛ БУЛАК

Мупмуздак шербет булак,
Шылдырайт таш түбүнөн.
Күмүш үн тартуулаган,
Сыйкырдуу ташка үңүлөм.

Кыялды кытыгылап,
Мөл булак сырдуу ырдайт.
Миң кайрык музыканы,
Арчалар ойлуу тыңдайт.

Ырында түгөнбөгөн,
Күкүктүн арманы бар.
Көйгөйлүү адамзаттын,
Көр тирилик, жалганы бар.

Мөлтүрөйт күн чачыла,
Түбүндө таш кубулуп.
Булакта жашайт анан...
Аруулук, мөл сулуулук.

* * *

Аппак талаа, кар жамынган жер сага,
Изи түшөт жакшынын да жамандын.
Карап турдум терезеде дем тартпай,
Эзүүсүнөн кутула албай санаамдын.

Чарчап кеттим, маңызы жок жашоодон,
Ишенимим улам бирөө тебелеп.
Ата-энемден башка бир да жан пенде,
Түбөлүктүү сүйүү алып келе элек.





* * *

Арчалуу, аскалары сепил төрдүн,
Кең өзөн жээги эле конушубуз.
Уйкулуу көзүн ачпай күңгүрөнгөн,
Зоолорго сиңип кетчү добушубуз.

Көөлгүп мемиреген жумшак кечте,
Тоолордо боз мунарык уюп жатчу.
Жанында абдестеси томурайган,
Токо авам созолонуп азан айтчу.

Капкара кыз чачындай түн төгүлүп,
Жылдыздар түндүк серпсе үркүп турчу.
Толгон ай шыкаалаган туурдуктан,
Коктуга жан киргизген чырак күйчү.

Ак-Буурам, Ата Журттан агып келип,
Жайлоону, бала кезди эске салат.
Көйнөгүн жылгаяк таш айрып салган,
Тентек кыз кайрылсачы атаганат..!

* * *

Балалык өткөн тоолуу айыл алыс,
Элеси даба дарттуу жүрөгүмө.
Сексейген сиңдилерим сагынышып,
Сүйлөшөт от боюнда мен жөнүндө.

Апакем сүт бышырып кечки иңирде,
Ойлуудур атам малды көздөп сыртта.
Экөөнүн колу иште эсинде мен.
"Пальтосу жок эле - деп - кийчү кышка".

Арчалар дүпүйүшөт, тоонун сүрү,
Артылып чөгөт анан коюу түнгө.
Баарына кусам артып теңиримдей
Сыйынам Улуу Тоого, Улуу Күнгө.





* * *

Күндөрүм супсак тартып эмнегедир,
Жан-дүйнөм жоктогонсуйт алда нени.
Курагым энеликке жеткен белем,
Сагынат бала тили, жыты адеми.

Күлкүңдү эртеңиме дем кылайын.
Наристем бакыт апкел эмки жазда.
Атакең бизди таппай жүрөт окшойт.
Жалгыздык, куса кыйнайт азырынча.

## ЖӨЛӨГҮМ

Мен балким, жакшы акын болсом дагы,
Кечиргин жакшы перзент боло албадым.
Көңүлүң капалыкка чөккөн кезде,
Жаныңда жакын жүрүп жоё албадым.

Сен менин көйгөйүмдү тартсаң Ата.
Мен тарттым башка жандын сүйүү азабын,
Небере көрсөм деген тилегиңди,
Кем тагдыр кечиктирип.., актабадым.

Жалганга жалгыз келип, жалгыз жүрөм,
Жабыккан көңүлүмө төтөгүм жок.
Башыма кайыштырар кайгы түшсө,
Атаке, жалгыз сизден күтөөрүм көп.





## МЭЭРИМИҢ ЖҮРӨМ САГЫНЫП

Алыс жүрүп барсам көптө айылга,
Шаша басып этегиңе чалынып.
Күмүш чачың ак жоолуктан кылайып,
Көзүң жаштап калар элең, жалынып.

Сен жалынган сөздөр дагы өзгөчө,
Бир керемет сыйкыр күчкө ээ эле.
Жаш баладай арыздансаң жашырып,
Көңүл бурбай койдум экен неге Эне.

Жалтаң карап келер күнүм сураган,
Үнүңдү эстеп дүйнөм кетет кайыгып.
Жок дегенде балага эне боло албай
Жүрөм жалгыз мээримиңди сагынып.

## ЭЖЕЙГЕ

*(Сүйүктүү эжейим Мастура Алибаевага)*

Оо ал кездин ар бир күнү,
Майрам болчу түгөнгүс.
Тентектиктин азабынан,
Жетекчисиз жүргөнбүз.

Агай кирди. Уяң, токтоо,
Жаш эжейди ээрчитип.
"Ушул класс. Таанышып ал,
Кете аларсың телчитип".

Ошол күндөн бизге арнаган,
Бүт жан-дилин эжейим,
Кантип чыксын наристе ойдон
Жөп-жөнөкөй белегин...

Циркул, жагоо, сызгыч менен,
Көрсө дилиң берипсиң.
Ыкка көнбөс ойноо балдар,
Аны кайдан сезишсин.

Кечир, эжей, баалабаппыз.
Эмгегиңди андагы.
Көрсө тоодон оор тура,
Ар бир күндүк салмагы.





*Күтүү... Кулакка жагымсыз угулат. Ошентсе да сен менин кыйбас жолдошумсуң. Экөөбүз чогуу жашап, чогуу буулугабыз, чогуу жазабыз, кичине жылт эткен кубанычты чогуу бөлүшүп, күйүткө чогуу бук түшөбүз. Деги бар болчу. Сенден башка күйүт, кубаныч бөлүшөр сырдаш-муңдашым деле жок.*

* * *

Өрүктөр кайра гүлдөп калса дагы
Тагдырым өзгөрбөдү сүйүүдөгү.
Жолукпай ордуңузду басчу пенде,
Жакындап келе жатат өмүр өрү.

* * *

Жупуну бөлмөмө келбейсиз,
Аялуу сезимди дүрбөтүп.
Үлгүрүп калыңыз Агатай,
Калганча буйруган күн бүтүп.

* * *

Күн күтүүдөн жоолук салынган,
Сагынычтар булут көшөгө.
Көз жаш болуп жамгыр төгүлгөн
Жалгыз келем ээн көчөдө

* * *

Күтүүгө жаным чөгүп кетмей болду,
Өрттөнөт сүйүү самап жапжаш денем.
Тар төшөк деги качан буйруйт бизге,
Бириккен бүт жан-дүйнөм Сизим менен.

* * *

Жыланач дарак, жыланач көчө, чаңдуу жол,
Бараттык үнсүз.., ой басты неге билбеймин.
Балаңды сурап күнөөкөр, муңдуу жылмайдым,
Ага өгөй эне, ага элек жарың мен сенин.

* * *

Көйнөк кийип кыялдардан үлбүрөк,
Аруу жашайм Сиз бар үчүн дүйнөдө.
Сизге жетчү жолдор али уч-кыйырсыз,
Үмүт кургур үзүлө албай сүрөөдө.

* * *

Бүтсө өмүр туюп ысык демиңиз,
Тыңшап жүрөк зар жүрөктүн түрсүлүн,
Жан билбеген зор майрамга айланмак
Мен дүйнөдөн учуп кеткен ошол күн.

* * *

Канчалык сооротпоюн кыял менен,
Жүрөгүм жаш баладай өксүп ыйлайт.





Агажан буурул тарткан чачыңызды,
Сагынган салааларым качан сылайт.

* * *

Бала жытын сагындым ушул жазда,
Жаным кыйнап кусалык түшүнүксүз.
Жөп-көнөкөй жай кыргыз эне болуп,
Улуу Тоого кетсемби күтүүм Сизсиз.

* * *

Жамгыр жууйт жүдөө көчөнү,
Дарак ойлуу жаңы түлөгөн.
Жаш көчөттөр ыктап титирейт,
Жаз койнуна сагыныч түнөгөн.

* * *

Мунарык чулгаган,
Мелтирейт тоо тарап,
Жүрөктө муң турат.

* * *

Асман не булуттуу,
Талаалар кусадар.
Төгүлдү кечээ эле,
Гүлдөгөн өрүкзар...

* * *

Агатай, эселегиң кечирип кой,
Сактабай кыз адебин сырын ачкан.
Өзүңө теңдеше алар жан жолукпас,
Бир сага ашыктыгым артканы арткан.

* * *

Зор эңсөө көөдөндү тыткылап,
Жай таппай удургуйт көңүлүм.
Күтүүнүн чырмоогу бошотпой,
Бейопа өтөбү өмүрүм.

* * *

Күтөйүн зарлап тилеп,
Көзгө илбей келчи элди.
Бир түнөп мейли келбе,
Кетейин кезип жерди.

Өтөйүн өмүр бою,
Баш байлап ошол түнгө.
Түбөлүк түгөнбөгөн,
Ыр болсун жүрөгүмдө.

* * *

Ай төгүлгөн түндө күтөйүн,
Сутак болуп атың чакырып.





Көз жашымды сээп күн сайын,
Чачым менен жолуң шыпырып.

* * *

Кыш кечи... Муздак дүйнө,
Сүйүүгө көөдөн суусап.
Аранжан чырак күйөт,
Тажатма баары супсак.
Айкашып кучак ысып,
Эх, азыр бирге турсак.

* * *

Түбү жок ойлор кыйнап, түнүм кылым,
Ордуңуз зарыктырган күтүү ээлеп.
Зилдетип жүрөктү эзген сары санаа,
Өпсөңүз эрдиңизде эрип кетмек.

* * *

"Күтөм!" Чын эле айттыңызбы ушул сөздү,
Түш болуп калбаса деп, турдум коркуп,
Сиз дагы мени күтөт турбайсызбы..!
Дүйнөңүз кымкуут түшүп, сезим толкуп.

* * *

Кудай ай, ушул түндөр кандай узун,
Жылуулап жамынсам да үшүйт денем.
Ыпысык кучагыңыз күн нурундай,
Мупмуздак "дубалдардан" өтпөйт билем.

* * *

Күн санап, саат санап, мүнөт санап,
Зарыгып ичтен сызып күтөм сени,
Дүйнөмдү селт эттирип бүлүк салат,
Жаңылыш терезөмдин чертилгени.

* * *

Күттүрүп умсунтпачы ыйлайт дүйнөм,
Сагындым жаш баладай эне күткөн.
Аячы, жетер эми ушунчасы,
Өрт кетти өзөгүмө түтпөйм, түтпөйм.

* * *

Тык этсе добуш, селт этип тыңшап,
Мынча эле сени зарыгып күтөм.
Келбесең эгер кыйратып кыял,
Мен анда сүйүү дүйнөдөн кетем.

* * *

Умсунуудан жүрөгүм ыйлап жатат,
Күтүүм азыр айланып ызалыкка.
Корком Сизди жек көрүп калбайын деп,
Орноп калып көңүлгө ушул ыза.

* * *

Жол карап күтүп жүрөм кыял менен,
Гүл алып, күлкү чачып келээриңди.





Күтүүдөн мен жабыркап жүргөн кезде,
Сен мени кудай билет эстедиңби?!

* * *

Куру сүлдөрүм чалат телефон,
Кысынган үн, үнү сезимдин,
Зейнеп болуп жанга көрүнбөй,
Күкүгүм ай, күтүп эзилдим.

* * *

Жолугууга арнап бөлүнгөн,
Эркин дүйнө ээн арал жок.
Өмүр турат сагыныч, күтүүдөн,
Эртеңине азгырчу үмүт көп.

* * *

Тунжурап тоолор үнсүз,
Ой басып турат бүгүн.
Сагынды жаздын балким,
Туланын кызыл гүлүн,
Гүлгө ашык булбул үнүн.

* * *

Жакшы күн күтүп, жашоодон үзбөй күдөрүм,
Жашаган элем, а азыр чөгүп жүдөдүм.
Кечиргин жүрөк, басынтып сени сүйүүгө,
Эрктен тыш күтөм башканын өмүр түгөйүн.

* * *

"Күт" - дечи, күтөм,
калсам да чымды жазданып,
"Кел" - деген күнүң көрүмдөн туруп келейин,
Бир түндүк сүйүүң денемде сактап ийменбей,
Кечирер эл да, кайыптан төрөп берейин.

Пенделик кылып сунушум четке какпачы.
Кыздык ар алсыз ашынган дарттын алдында.
Эл дебе куру, түшүнөт сүйүү өткөргөн,
Сөз кылган наадан кабылсын менин кайгыма.





## ТӨГҮЛГҮМ БАР

Ээ боло албай өзүмө-өзүм негедир,
Кыялдардын дүйнөсүндө адашып.
"Тобокел" - деп бүт баарына кол шилтеп,
Төгүлгүм бар өзүңүзгө сыр ачып.

Артыңыздан карап калган тымызын,
Укпадыңыз үшкүрүгүн көзүмдүн.
Сезбейсиз ээ бир секелек дербиштей,
Күңү болуп калгандыгын сезимдин.

Таманыңыз тийген жерден күн чыгып,
Сиз кармаган буюм мага асыл баа.
Бир жалт карап, өтүп кеттиң тим эле,
Бир нече күн кубаныч болот ал мага.

## СИЗСИЗ

Жалганда Сизсиз өткөн өмүр жетим.
Эске албай унут калган көңүл жетим.
Сиз сүйүп карабаган көзүм жетим.
Жупташып өбүлбөгөн эрин жетим.

Берилип сылабаган от алакан,
Төгүлгөн айдалыда чачым жетим.
Узун түн кош жаздыкта жалгыз жаткан,
Армандуу ой чулгаган башым жетим.

Моюнга артылбаган билек жетим.
Күттүрүп орундалбас тилек жетим.
Көөдөндө кусалыктан солуп жаткан,
Байкуш ай, көпкө түткөн жүрөк жетим.

Уулуңуз аймалабас мамак жетим,
Так салып Сиз өппөгөн тамак жетим,
Адашып көлөкөсү наз күлкүнүн
Санаадан арылбаган кабак жетим.

Айланып ак тайлакка мунун баары,
Талаалап боздоп жүрөт үнүн баспай.
Куткарбайт жетимдиктен Сизсиз эч ким,
Тезирээк келиңизчи, Бактым Агай?!





*Анда баары башкача болчу. Суу да, тоо да, адамдар да. Эч нерсенин боёгу, кири жок болчу. Чачым да төгүлүп. кулпунуп турчу.*

*Азыр баары өзгөргөн, баарын боёп салгам. Чачымды, сезимдерди... Баары оор, түпкүрдө бирдеме кайрылып сынып калган. Зордоп кайрылган, араң кайрылган. Ошол жабыркаган сезимдин онтогон үнүн күндө, мүнөт сайын угам...*

*Кээде гана угулбай калат, чарчайт го... же... Байкушту аяп кетем, зээним кейип аяйм, а бирок, тумчуктуруп камап жүрөм.*

*Байкуш..., үнүңдү угуп жүрөм...*

* * *

Кусалуу көздөй ыйлаган,
Күн чөгөт кызгыч нуруна.
Бүгүнкү мүнөз эртең жок,
Адамдар неге кубулма.

* * *

Чачтарым да дилдей таза эле.
Капкарага анда боёлбой.
Дале үнүңүз жашайт түпкүрдө,
"Кыйналарсың эркем, баёом ай".

Чын кыйналдым таппай Сиздейди,
Көбү алдашты, мен да алдадым,

Жүрөгүмдө калды дарт болуп,
Көз жаш менен көңүл арманым.

* * *

Буурул таңда, дөңдө отурдук,
Тээ алыска ойлуу тигилип.
Бейтааныштай калдык экөөбүз,
Кете албадым сага берилип.

* * *

Жаш, назик жалбырак,
Оронот дарактар.
Сыдырым жел жүрсө,
Ыргалат бутактар.
Негедир кусалуу,
Башталды ушул жай.

* * *

Жаңырат күлкү зал жактан,
Эх кандай жандар бактылуу.
А мени кысат кош сезим,
Жек көрүү, балким жактыруу.

* * *

Сезимдер шар дайрадай алып-уруп,
Чамам жок алды-артымды ойлоп алар.
Күнүмдүк көйгөй бийлеп жүрөктөрдү,
Көөдөндөн басып турат чамындылар.





* * *

Таза жансың аныңа ишенем,
Башка күдүк өйүйт жүрөктү.
Биз өңдөнүп жокко алданган,
Бул дүйнөдө көөдөк жан көппү.

* * *

Мойнуңа оролбодум мурдагыдай,
Жүрөктүн тээ түпкүрү турду муздап.
Андагы сезимдердин баары түштөй,
Сени эмес мен өзүмдү жүргөм алдап.

* * *

Мен Сизди унутууга бел байладым,
Пенделик жашоодогу ордум үчүн.
А бирок.., көндүрө албай жүрөк эркин,
Өзүмдү-өзүм алдап өтөрүм чын.

* * *

Сиз мага жигит болуп келе албайсыз,
Селкилик каадам менен чыга албаймын.
Суз гана учурашып тез кетесиз.
Умсунуп алкым бууйт ачуу жашым.

* * *

Үн-сөзсүз көздөр гана учурашып,
Достон да жашырабыз көңүл отун.

Басынтат кумар жазып өбүшө албоо,
Тар төшөк буйрубаган сүйүү биздин.

* * *

Аргасыз моюнга алар айыбым бул,
Жалтактап тик карабай аялына,
Өзүм да эне жүрөк аял туруп,
Ортоктош болуп жатам бактысына.

* * *

Көргөндө каректерин аялыңдын,
Эстегин куса толгон көздөрүмдү.
Өпкөндө алган жардын эриндерин,
Эрдиңди меникиндей өрттөдүбү.

* * *

Суранам калчы жат бойдон,
Жүрөктүн үшүн кетирбей.
Калтырак басат көргөндө,
Канткенде коём баш ийбей.





* * *

Келдиң да жүрөгүмө келгин куштай,
Түпкүрүн уя жасап ээлеп алдың.
Эртеңим болжой албай эс-мас болуп,
Өзүңдө болуп калган оюм-дартым.

Ааламым жазга айланттың, күздү унуттум,
Түндөрүм кадыр түндөн айрымасыз.
Бүтпөгөн бакыт болбойт, бүттү анан...
Жүрөктө уя калды тирүү жансыз.

* * *

Өтө кеч келдиңиз,
Бейтааныш таанышым.
Аттиңай караңчы,
Экөөбүз жолукчу,
Жолдордун алысын.

Көзүңүз дүрбөтөт,
Кусалуу көңүлдү.
Кол шилтеп баарына,
Сизге арнап койсомбу,
Бир келген өмүрдү.

Жок антип жүрөктү,
Жеңил ой азгырба.
Күтүүдөн тажаган,
Жан-дүйнөм дапдаяр,
Азгырык арзууга.





* * *

Түпкүрдө купуя сыр каткан,
Көзүңүз кусамды ырбатат.
Күн батып үмүткө коштолгон,
Жаңыга баш байлап таң атат.

Пенделик жазгырып көңүлдү,
Бир сезим жүрөккө түнөйт да.
Эми эле сүйүүдөй туюлган,
Бул кыял тез эле урайт не..?

Мупмуздак, толкубайт жүрөгүм,
Жан-дүйнөм тымызын өрттөнөт,
Сүйбөгөн жан менен жолугуу,
Күнүмдүк алдануу бул, демек.

*Күлүп жатсаң да көздөрүң кайгылуу дешет. Жан-дүйнөм кайгылуу. Силер менин жан-дүйнөмсүңөр...*

*Жан айламды таптырбаган кусалык мени Сизге алып жөнөйт да анан..., атаганат, тим гана жетекчинин көздөрүн көрүп демим сууп, канатым кайрылат, ошондо дилим катуу ооруйт... "Мыкачым ай, баары бир Сизди унута албасымды кантип түйбайсыз. Туюп турган болсоңуз, кантип ушундай жасалмалыкка бардыңыз экен... Жок. Ал Сиз эмес болчусуз. Менин Сизим эмес болчу ал...*

*Ал бир пенде, көр пенде эле... Сиз пендеден улуусуз, Сиз адамсыз, кагылайыным..."*

*Дилимди ушинтип соороттом. Кантели эми, адам төрөлгөндө ыйлап төрөлүп, өлгөндө ыйлап узатып.., бу дүйнөң түшкүрдүн башталышы менен бүтүшү ый тура...*

* * *

Апаке сен билбейсиң ушул кезде,
Кызыңдын кыйналганын түйшүк тартып.
Кечиргин.., төрөбөй эле койбоптурсуң,
Жашоодо ордум калбай.., болдум артык.

* * *

Терезеден кирген шамал,
Сылайт саамай чачымды,





Кирпигимден өбөт аяп,
Аарчып аккан жашымды.

* * *

Коңур үнүн угам, мага эмес,
Башкаларга токтоо сүйлөгөн.
Куру үмүткө минтип ууланбай,
Жат жан болгум келди сүйбөгөн.

* * *

Күбүлүп гүлү өрүктүн,
Апапак бүрү желге учат.
Өкүттөн сыздайт жүрөгүм,
Ушул жаз такыр кайрылбайт...

* * *

Тим гана тирүү турпат жашап жүрөт,
Дүйнөм бүт шал оорудан жылбай калган.
Ооруткан кусалыкка сениби деп,
А бирок, айыга албай жүрөм андан.

* * *

Кыш түнү айланганда кылымдарга,
Кыйбаган жан жолдошум сары-санаа
Ыпысык эрдиңизди самап бирок,
Муңумду көз жаш менен төгөм ырга.

* * *

Жалгыздык өөп жатты эринимден,
Ах муздак, кайда качам бөлмөм да тар.
Сиз алыс, жан камалат туңгуюкта,
Кай жерде арман билбес мейкиндик бар?

* * *

Койгум келди такыр ыр жазбай,
Сизди дагы келген унуткум.
Анте албадым колдон келбеди,
Агатайым айлам куруттун.

* * *

Сыртым токтоо бекем тиштенем,
Чабалактайт жүрөк өрттөнүп,
Намысың кур мындай тагдырга,
Баш ийе албай жүрөм күн көрүп.

* * *

Бактымсыз, жок, жок чыны азабымсыз,
Үмүттөн камчы өрдүрүп балак алган,
Жүрөктө камчы тагы зилге айланып,
Айыкпай калдым окшойт ушул дарттан.

* * *

Күздүн кечи, күүгүм тарткан күндөр көп,
Күкүк үнсүз..., жалбырактар суз алсыз,





Жан жүрөгүм кусалыктан ыйласа,
Ким жубатат.., азыр дүйнөм кунарсыз.

* * *

Какыр жерге өсүп калган тал сымал,
Сүйүү жамгыр көп жааса деп тиледим,
Анда-санда тамган муздак тамчыдан,
Куурап барат таза, баёо тилегим.

* * *

Жан-дүйнөмө түнөп жалгыздык,
Кусалыктан жүрөм жабыгып.
Өзүм тандап татаал тагдырды,
Кайдан Сизди сүйдүм жаңылып.

* * *

Кусаландым бүгүн неге билбейм,
Ыйлап алгым келди чындап төгүлүп,
Көздөрүмдүн жашын аарчып колдоруң,
Кучагыңда тургум келди өбүлүп.

* * *

Жүрөктө дабаасы жок сыздайт жара,
Деги айтчы, ыйды билбес барбы пенде.
Күйүткө күйө бербей минтип түтөп,
Эс-учум билбей ооруп калсам эмне

* * *

- Кандай? - дешсе, менден жай сурап,
- Эл катары - деймин жылмайып.
Не ырысыма жашайм, не күтүп,
Сүйүүм көздөн учкан жел кайык...

* * *

Күндөрдүн далдаасында үмүт жашайт,
Бозоруп күсөгөнү орундалбай.
Бошошпо сүйөнөрүм үмүт өзүң,
Мен азыр жашап жүрөм сени кыйбай.

* * *

Бактылуу болом го деп ушул жазда,
Эртеңден үмүт кылгам жаш баладай,
Аттиң ай, жүзөгө ашпай кыял бойдон.
Курулбай урап калды ыйык сарай.

* * *

Мен эми өппөй калдым сүрөтүңдү,
Сезилбейт мурдагыдай жакын, ыйык.
Сезимди "Сизге" деген жаңы бөрткөн,
Мыкаачы!? Койбодуңбу өзүң кыйып.

* * *

Келаттым ыйлап жалгыз,
Кошо ыйлайт жазгы жамгыр.





Ыйлаткан жазды, кызды
Сизге да кудай бардыр.

* * *

Менсинбе... пендесиң сен кудай эмес,
Мага эми баары бирдей бийик, пасы.
Жашоодо араң баскан караанымбар,
Бир тыйын өмүр, дүйнө, кубаныч, кайгы.

* * *

Түшүмө кирипсиз кайра Сиз.
Бирооз сөз айта албай кыйналам,
Сизди да уктатпас күн келер,
Көз жашым сел болуп ыйлаган.

* * *

Агатай, ушунчалык мерез белең,
Карачы, ыйлап жатат карындашың,
Аарчып кой бир көз караш отуң менен
Армандуу сары кыздын ысык жашын.

* * *

Билесизби, көз жаш кайдан чыгаарын,
"Көздөн" дээрсиз жок Агатай жаңылдың,
Көз жаш агат күндөрүмдү кемирип,
Канча ыйласам кыскарганы өмүрдүн.

* * *

Дарактар бүчүр жарып калышыптыр,
Жан-дүйнөм эргип алып, кайра сыздайт.
Неге эргийт түшүнбөдүм, сыздаганым,
Бир жазга картайыпмын атаганат.

* * *

Жыгылдым өтө катуу,
Колумду кайрып алдым.
Кайрылган колум эмес,
Жүрөгүм сыздайт дайым.

* * *

Соолуган назик гүлдүн,
Саамайын жууйт жамгыр.
Түнөгү жашыл жаздан,
Айдады алыс тагдыр.

* * *

Ой басат кыйнап неге,
Маңызсыз кыжаалаттуу.
Сагынды эриндерим...
Өбүүнү абдан таттуу.

* * *

Артымдан күнөөлүдөй ээрчип алып,
Сөзүң жок, көзүң гана өрттөйт мени.





Күйбөгөн эмнем калды күлгө айлантпай,
Каалабайм..., бирок, алыс кеткин эми.

* * *

Колдорум колуңда турса да,
Самадым сени эмес башканы,
Сага да зар болгон пенде бар,
Мени унут, сыйла эми сен аны.

* * *

Каралуу кабар айтчу чабармандай,
Сөзүңдөн үшүп кеттим, неге келдиң?!
Сүйүүмө суук колуң сала көрбө
Бар болгон сан байлыгым сүйүүм менин.

* * *

Селт этим, "мынча эрте саргайды бу?"
Айнектен ойлуу тиктейт жалгыз дарак.
Негедир чымчыктар да көңүл бөлбөй,
Солкулдак теректерде канат тарайт.

Уугуп жан кашайткан кайгысына,
Шалдайып шуудурабай үнсүз турду.
Мезгилсиз бутактарын куураттыбы,
Сүлүктөй ичтен соргон сагыныч.., күтүү.

Бир келчү көктөмдө да бүрдөй албай,
Өмүрүң байырлайбы күз бактысыз?
Жаз эми сендик болбой калдыбы айтчы,
Басынба.., андай болсо тагдырлашпыз.

Эскерип, эскерүүдөн кубат алып,
Сагынган башкалардын жашыл жазын...
Өзүңдөн мен өзүмдү көрүп турам,
Жабыкпа  кагылайын... кагылайын.

Сен жыгач, а мен пенде кош жалгызбыз,
Жан жокто ыйлап алчу арман арбын.





# ТЕРЕЗЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ ОДА

## 1-ЫР

Сырдуу дүйнө ыйык терезе,
Карай берем үнсүз жалооруп.
Үмүтүмдөн кабар айттырам,
"Бир сары кыз жүрөт дили ооруп.

Ал күтө албайт Сизди келет деп,
Сары оорунун болуп дабасы.
Кусалыкка кыйнап жүдөткөн,
Агатайым болчу арачы!".

Кабар жетпес, балким, жеттиби..?
Зарыктырган далай күн өттү.
Тилегимден жасап жашыл дөң,
Чүкө кылып калчайм жүрөктү.

Келди үмүтүм! Кыял төө минген,
Ай, кудай ай, түшүм бергенби.
Көз чачырап тосом делбиреп,
"Эмне сөз бар үмүт кербени!?.

Кербен үнсүз көзүн жашырат,
Саруулаган жүзүм карабай.
Ноюба үмүт, майрам күн келер..!
Ошол күндү күтөм тажабай.

## 2-ЫР

Күндөр өттү жолдой уч-кыйырсыз,
Мен чарчабас дербиш жолоочу,
Каным катып сүйүү чөлүндө.
Сиз алыссыз суусун суроочу.

Маяк мага Сиздин терезе,
Дарман куруп жетпейм үшкүрүп,
"Солк" дегендир эшик-дубалдар,
Жетсе муңдуу ошол үшкүрүк.

Санаа кумун кечип басалбай,
Бүгүлүүдө бутум кайрылып.
Сизден суусун сурайм жалгызым,
Жака белде "булак" бар туруп.

Агатайым жөлөп боор ооруп,
Сунуңузчу сүйүү бир кесе.
Ошол суусун жүрөр дем болуп,
Татып турар жылга бир нече.





## 3-ЫР

Эски жашыл жоолук салынып,
Жалгыз турам жарлуу жээкте.
Ойлор өлүк, жүрөк сулк жатат,
Жаш деле жок муңдуу каректе.

Ындыны өчүп ийним шалдайып,
Шыпырылат жансыз жоолугум.
Кубануута арзыр нерсе жок,
Жан-дүйнөмдү кысат кайгы-муң.

Алып кетчү сиздин дүйнөгө,
Жетпей калдым жалгыз билетке.
Дүйнөң түш ай! Кемчил мынчалык,
Бул ааламга келбей койсом не...

*Ак канаттуу периштелерим. Жок, кыял канаттуу десем төп келчүдөй силерге.*

*Кайда гана чабыттап учпайсыңар, кимдерге гана чарпылбайсыңар, бирок, армандуу жүрөгүңөрдө Сиз аттуу ыйык тумар жүрөт, сурарым ушу, ошону аярлагыла, этиеттегиле. Канатыңардын күүсүндө, шамал жиреген көкүрөгүңөрдө Сиз болсун.., сырткы турпатыңарда башка жүрсө да, жүрөктө Сиз болсун.*

*Күн нуру каерге гана тийбейт. Силер нурсуңар, кыялсыңар, армансыңар, максат-тилексиңер...*

* * *

Баарын топтоп жасап өзүңдү,
Сага гана арнайм ырдын кайрыгын.
Жүрөгүңдөн жаш ордуна кан акмак,
Бир күндүгүн билсең эгер кайгымын.

* * *

Жууйт биздин жупуну аралды,
Эң алгачкы жаздын жамгыры.
Кетиргиси келбейт калкалайт,
Жаш бүчүрлүү жалгыз табылгы.

* * *

Кусалыктан жабыктыңбы?
Түнт тарткандыр мүнөзүң.





"Сүйүү" деген дарт ашырган,
Кечир жүрөк күнөөсүн.

* * *

Түн жылуу жымжырт болчу,
Ай аңдып терезеден.
Бооруңа кыса сүйүп,
Жалбарган көзүң менен.
Табыңа ошондогу,
Өрттөнөт дале денем.

* * *

Сагындым, сагындыңбы сен да мени,
Көздөрүң кусалуудур меникиндей.
Уйкудан атымды атап ойгондуңбу,
Жаздыгың суу болгондур өзүң билбей.

* * *

Тажадым окшош күндөн сенсиз өткөн,
Кубарды кусалыктан күлгүн өңүм.
Алыстык аргасыздан көндүрдүбү,
Кеч көрүп, сагынчумун кайра бүгүн.

* * *

Үркөрдөй айыл тоолорго ыктап,
Өлүктөй жымжырт жан жагым.
Кусалык мени ансайын кысып,
Жат болуп турду өз айлым,

* * *

Алыскы тоодо, алысмын сенден,
Жүрөгүм сыздайт неге абдан.
Коштошор күнү жолукпай сага,
Суз маанай менен узагам...

## СҮРӨТ

Ичим тарып жанындагы өзүмө,
Ийниң жөлөп жылмайыңкы кыналган.
Ысык эрин сүйсө деле муздаксың,
Андан сени тартып алаар жок айлам...

* * *

Көздөрүң кусалантып көрбөй калсам,
Делбиреп сен деп келем сабагыма.
Албырган көңүл муздайт келбептирсиң..,
Менчелик ашыкпайсың демек мага.

* * *

Чакырдым сени, сагынгам ысык демиңди,
Көзүңө көзүм кадагым келген жан биргем,
Келбесиң айттың, суз басып кеттим ызалуу,
Жигиттик кылып бир өпсөң болмок көзүмдөн.

* * *

Унчукпайсың неге кайдыгер,
Байкуш жүрөк тынчсыз буулугат.





Көргөн го деп менден башкасын,
Кызганычтан дүйнөм куурулат.

* * *

Не кыларым билбей чайналам,
Эмне жагат ушул мүнөттө.
Көңүлүңдү алар аргам жок,
Ыза гана кайнайт жүрөктө.

* * *

Сен жөнүндө оюм чаржайыт,
Укпайм үнүн лектор эжейдин.
Бирге отуруп басып жанаша,
Көздөрүңө куса мен сенин.

* * *

Сары аңыз жээги дайранын,
Бариги жок дарак далдаалап.
Кумармын деп өчпөс сүйүүгө,
Дилиң, көзүң, эрдиң жалбарат.

* * *

Нөшөрлөгөн жамгыр алдында,
Айдоо аңыз менен бараттык.
Буттагы ылай тоскоол боло албайт.
Биз бир түнгө алдык азаттык.

* * *

Титиресем кыстың бооруңа,
Жүрөгүңдүн угам дабышын.
Мейли жамгыр үшүт, бул кездин.
Каалабайм бүтүп калышын.

* * *

Эмнегедир дилге жакын сезилип,
Жан-дүйнөмдү ээлеп барат көздөрүң.
Көп күттүрүп өз маалынан кеч калган,
Өкүндүрбөс бекен ушул кез келүүм...

* * *

Арманбы, балким, сыр болор,
Таанышуу бирок шарт эмес.
Жүрөктү жүрсүн толкутуп,
Көңүлдө калган бир элес.

* * *

Нөшөрлөп жааса жамгыр,
Күлкүмдү ук, добушунан,
А өзүм булуттарга,
Жашынып карап турам.

Булуттун далдаасынан,
Издебе көзүң менен.
Жүрөгүң эмне көрсө,
Ишенгин ошолмун мен.





* * *

Көздөр гана көздөр сүйлөшүп,
Жай эңилип сүйдүң бетимден.
Жаралгандан сүйлөөк жан элем,
Апкаарыдым билбейм неликтен.

Кеткиим келди такыр жок болуп,
Тереңине чөгүп көзүңдүн.
Колуң сунуп токтоо коштоштуң,
А мен сага келген өбүлгүм.

Жалгыз, ойлуу шашпай узадың,
Жаз жыттанат кышта капырай.
Үлбүрөгөн мээрим себелеп,
Көктө үнсүз жапжаш кетик ай...

* * *

Сен мага түйшүк болуп келдиң неге,
Сүйүүдөн тажап, чарчап калган кезде.
Кетели кол кармашып дүйнө кезип,
Эл көрбөс, жарың билбес алыс жерге.

Тоолордон дос күтөлү урабаган,
Гүлдөрдөн кыз күтөлү, куурабаган.
Шумкардан уул күтөлү, үйүбүз Көл,
Ата-эне болуп берсин Жер жана Асман.

Ошондо эркин болуп жашаар белек,
Кутулуп суук көздөн, ушактардан.





* * *

Чиймелеп салдым кечир
Сага арнап жазган катты.
Жоготуп койдум бүгүн,
Андагы ыйык сапты.

Ал күндөр жакшы түштөй,
Мени да аз эстээрсиң.
Дабаасыз эски дарттай,
Жүрөктө каткан черсиң.

* * *

"Сүйүү" деген сөздөн тажап,
Чарчаганда кезиктиң.
Кууган сайын бекем орноп,
Табаладың кейиттиң.

Эңсебедим өбүшүүнү.
Же, жалбарган таттуу сөз.
Бар болгону сүйөт экем..,
Мен айтпасам айтат көз.

Кеткин менден алыс-алыс,
Зар болоюн көрүүгө.
Эрин муздап куса болсун,
Түштө гана өбүлө.

Күтөлүчү көпкө чыдап,
Бир болууга шашылбай.
Кусалыктан жаш баладай,
Ыйлайлычы жашырбай.

Жолугалы качандыр бир,
Жаздын жымжырт кечинде.
Ошондо да өппө мени,
Боюң таштап берилбе.





Өбүшүүдөн тажап бүткөм,
Тим тосолу бул кечти.
Тиктешели көздөр талбай,
Айтчу сөздүн баары эски.

* * *

Ушул түн бирге болдук ырас сөзүң,
Ойлобо бирок, мени багынттым деп.
Жеңилдик утурумдук бир сезимге,
Антпесе, пенде Кудай болуп кетмек.

Сен мени сүйө албайсың мойнуңа алгын,
Кош анда куру бекер кылчактаба.
Күнөөкөр жан эмесмин бул түн үчүн,
Өзүмдө калды сүйүүм сүттөй таза.

Түпкүрдө ыйык бойдон калды баары,
Аялга тиешелүү абийир жана ар.
Күнүмдүк көйгөйүнөн бөлүнө албас,
Сендейлер колу жеткис бийиктик ал.





* * *

*Мен Сизди баары бир сүйөм, аны билесиз... Сиздин бийиктигиңизден чарчап, алым куруп калды, аны да билесиз...*

*Сизди башкага алмаштыра албай жанчылып, өз тазалыгыман өзүм тажап, жиндилик менен сооluктун ортосу бир көз ирмем... Аны да билесиз...*

*Мен Сизди ушунчалык жек көрөм... Аны да билесиз...*

*Бир гана мунун баарынын кунун эмне менен, кантип төлөп берүүнү билбейсиз, падышам...*

* * *

Кутулам деп ойлобо, кутулам деп...
Сенде жашайм сен жүргөн аалам болуп,
Сенде жашайм бүтпөгөн арман болуп.

* * *

Чындыкка айланбастан өбүшүүлөр,
Калабы кыял бойдон... Жүрөк сыздайт,
Сорулбай Сиздин ысык эрдиңизге,
Кеберсип оорулуудай эрин муздайт.

* * *

Сары оорудан кетсем көз жумуп,
Агайымдай кейип коюңуз.

Бар сурарым, жалгыз кызыл гүл,
Табытымда турсун болуп суз.

* * *

Сиз кеткен күн мага кыямат,
Жан-дүйнөмдүн кыйрап ааламы.
Аңгыраган ээн чөл болоор,
Улуп анда сагыныч шамалы.

* * *

Өзгөрдү өмүрдөгү басчу жолдор,
Коркутпайт жалгыз калуу коркунучу.
Сиз мага тартуулаңыз жандуу белек,
Тагдырдан сураганым ошол болчу.

* * *

Ыпысык эриндердин табы калды,
Сүрдөнүп араң өпкөн жүзүбүздө.
Түбөлүк байлап салды бул өбүшүү,
Кудай ай.., кантип барбай коём Сизге?!

* * *

"Ушул кийим укмуш жарашат"
Үнүңүздө ысык илеп бар.
Көздөрүңүз сырдуу, кумарлуу,
Эркиндикке турдук болуп зар...





* * *

Дирилдеп, алдан тайып, дем кысылып
Сүрдөөдөн жыгылчудай турдум араң.
Түк тойбой карай бердим жүзүңүздү,
Унутулуп жалган жашоо, жармач аалам.

* * *

Кетпеңиз жалгыздыкка мени таштап,
Жашоомо түн түшүрбөң шоолам менин.
Сизсиз бүт дүйнөм, күнүм бопбош калат.
Жалганга мен Сиз үчүн төрөлгөнмүн.

* * *

Көз менен эркелетип суз айттыңыз,
"... барагой, кеч калбагын жалгыз жүрбө"
Жүрөгүм калып жатса ушул жерде.
Агатай, кантип кетем муздак үйгө?

* * *

"Күндөшүм", кечирип кой мен көрө элек,
Бактыңды талашууну ойлобогом.
Бул тагдыр сендей эле мага да оор,
Бир жанга экөөбүздү байлап койгон.

* * *

Жалгызмын... ал азыр жанында,
Көрдүңбү сен, менден бактың зор...

Күтүүнүн күйүтүн тең тарткан,
Шордуубуз муну да билип кой.

* * *

Эне болуп сүйүктүү балдарына,
Бүт өмүрдө болсоң да ага канат.
Мойнуңа ал, менчелик сүйө албайсың,
Бирок ошол бактыңдыр... атаганат.

* * *

Бир бүтүмгө келели, кел жеке,
Сиңди болуп кирейин үйүңүзгө.
Уруксат эт бир маал көзүн көрүп...
Айланайын мейли анан күнүңүзгө...

* * *

Эчак эле сүйгөм мен Сизди,
Агам болуп сүйүүм баскансыз.
Кетпей калдык жашыл аралга.
Өмүрүмдө бүтпөс армансыз,
Ырас эле.., менин агамсыз.

* * *

Эриндерин күйүп от болуп,
Акылымды өрттөйт ан сайын.
Ай булуттан уяң шыкаалап,
Сүтак какшайт бүтпөс арманын.





* * *

Көзүмдөн өпсөңүз аяр,
Бүгүлөт тизелерим.
Оролот мойнуңузга,
Ыпысык билектерим.
Көөдөнгө сыйбай эргип,
Оболоп учуп жүргөн,
Жүрөгүм кептер менин.

* * *

Төгүлүп ыйлап аттым,
Жаш сүртөр эч кимим жок.
Жан-дүйнөм жылуу колду,
Арман ай.., жатты жоктоп.

* * *

"Сен" дебеске чарам калбады,
"Сиздикти" сен кура албадың.
Эх, билбедиң бакыт келгенин,
Көтөрүп өт сүйүү убалын!..

* * *

Тутантып койгон өзүң оттук болуп
Көрбөсөң көзүмдөгү улуу отту,
Этиет бол, Агатай, көзүң соолуйт.

* * *

Ойготуп каргыш тийген сезимдерди,
Азада ааламыма чаң салдыңыз.
Сиз эми жек көрүүгө жардам бериң,
Кантейин.., жан экенсиз сүйүүгө алсыз.

* * *

Мен "Сизде" жашап жүргөм.., кечип кетип,
Үлүлдүн кабыгына окшоп калдым...

* * *

Өтөм да Сиз иштеген ушул жерден,
Үшкүрөм эч арылгыс куса менен...

## ЧАРЧОО

Жашоого кудуретим жетпей калды,
Өзүмө бычак уруп уктагым бар.
Жүрөктүн арсыз үнүн "Сиз, Сиз" деген,
Аттиңай, колдон келсе, укпагым бар.

* * *

Көтөрөм канча азабың болсо дагы,
Өчпөчү бүт өмүрүм сага арналат.
Сен өчсөң, менин күнүм бүткөнү ошол,
Армандуу сүйүүм сага жан аманат.





## СҮЙҮНЧҮ

Жаз келатат сүйүнчү, Агатайым!
Делбиреткен дүйнөмдү ырга бөлөп.
Жүр чуркайлы алдынан кол кармашып.
Жок дебечи! Жаз дүйнөм муңга чөгөт.

Кечебиз да көз боочу бул жашоодон,
Айланабыз соолбос жаз гүлүнө.
Тажап кеттим кусалуу жалгыздыктан,
Артта калсын кир толгон күүгүм дүйнө...

## 13-СЕНТЯБРЬ

Ачылып эшик жай гана,
Асылзат дүйнөм чыктыңыз.
Күтүүнүн тарткан күйүтүн,
Жарк этти аалам көңүлсүз.

Тиктешип турдук энтигип,
Сөз азыр бизге артык баш.
Кан дүргүп денем дирилдейт,
Тумандайт баары, сезим мас.

Батынбай сүйүп кош эрин,
Гүл менен кошо жыгылдым.
Кусадар кылган тааныш жыт,
Себеби белең ыйымдын.

Өрттөнгөн колдор айкашып,
Тартынып кыстым акырын...
Уятпы минтип озунуу..?
Ага азыр жетпес акылым.

Билгеним ушул... бактым зор,
Биз турган зал да хан сарай,
Өткөн эл мейли карасын,
Бүт эрким менин Сизде Агай...





## ТИЛЕК

Көл жээгинде болсо үйүбүз,
Түнү бою камыш ырдаса,
Анда уулубуз коркуп элеңдеп,
Агатайым Сизден сураса.

«- Бул ким, Ата, тынбай ырдаган,
бирде катуу, бирде акырын?»
Сиз айтсаңыз сырдуу жылмайып,
Дүйнөдөгү жалгыз жакыным.

«- Бул Көл кызы, уулум, тыңшагын,
Алп сүйүүнү данктайт күнү-түн
Жаралгансың ошол сүйүүдөн
Кана, уктайлы, коркпо үмүтүм.»

## ЖОГОТУУ

Жаз жакын... Келет, аз калды.
Суу чуркап арык сайлардан.
Күз кетпес, бирок, көңүлдөн,
Жалгыз түп кайың саргайган...

Дарактар бүчүр жарышат,
Бул мыйзам эч бир өзгөрбөс.
Айрылдың эң зор бактыңдан,
Менчелик "Сизди" жан күтпөс.

Өрүктөр гүлдөйт кайра эле,
Апакай бүрү шаңданып.
Жаныңдан өтөм теңсинбей,
Сүйүүгө алсыз "Сиз" майып.





## СЕНИ АЯЙЫН

Канча ирет арзуу сурап кайырчыдай,
Көзүмдү терезеңе кароол койгом.
Сен мени сүйбөсөң да, бир келмексиң,
Намысың бийик туткан эркек болсоң.

Жазылган каттар калып бир окулбай,
Баланын оюнундай көрдүң баарын.
Көп кыздын бири өңдөнтүп карадың да,
Туйбадың жалын болуп жаралганым.

Жүдөдүм ырас, бирок аябагын,
Аёого кудуретиң жетпейт мени,
Агатай, байкушум ай, Сизди аяйын...
Жеңдирген пенделикке сезимдерди.

## ЖҮРӨККӨ КАЙРЫЛУУ

Кум дөбө беле бул сүйүү,
Үмүтсүз шамал ураткан.
Айрылып бүткүл бактымдан,
Түнөрүп калды күн, асман.

Жүрөгүм аркар жаралуу,
Байкушум... шорун али арбын.
Азгырык болуп алдаган,
Сазайын берчи кыялдын..





* * *

Мен Сизди унутпайт көрүнөм,
Эстесем дагы эле сөгүлөм.
Пенде эмес дүйнөгө жаш болуп,
Жаралган өңдөнүп төгүлөм.

Селт этпей жүрөктүн ыйына,
Сиз сүйбөй сүйдүрүп өтөсүз.
Калтырып күз сымал күндөргө,
Көктөмдүү ааламга кетесиз.

* * *

Периште эмесмин мен,
Пенделик кылсам кечир.
Эч качан кир жугузбас,
Бир гана ыйыгым ыр.

Келбесең мейли келбе,
Күтөт деп кейибе эч бир.
Куткарчу жалгыздыктан,
Корголор коргонум ыр.





## КАТТАР

Канча ирет колду шилтеп баарына,
Канча ирет кайра Сизге кайрылдым.
Каттар менин кубанчымдын күбөсү,
Каттар менин жубатаары кайгымдын.

*Саламатсызбы, агатайым!*

*Жанымды жай алдырбаган кусалыкты бөксөртүү үчүн Сизге кайрадан кат жазып жатам.*

*Кечирип коюңуз, ушундай кечте Сизди эстебей коюуга кудуретим жетчүдөй эмес. Тыбыттай үлбүрөгөн жумшак, назик кар себелеп, сырдуу жымжырттыкка чөккөн таптаза айыл кечинде гана эмес, ар дайым эсимдесиз. Жүрөгүмө, денеме, ой-сезимиме, ал тургай дем алган абама да сиңип калгандай сезем Сизди. Мен өз жашоомдо эмес, Сизде жашап жатпайын, агатайым. Анткени, Сизди таптакыр тана албайт экем.*

*Эсиңиздеби жаңы жылдык кече. Ошондогу абалыма түшүнүп турдуңуз, бирок, аттиңай, оорулуу жүрөгүмдү дабалап, чарчаткан кусалыктан эс алдырып коёр жылуу көз карашыңызга да ээ боло албадым. Мен периштедей ыйык санаган Сизди башкалар опоңой бийге чакырып, тартынбай сүйлөп, ал тургай кучагыңызда бийлеп жүрүштү. ЖАДЫРАГАН АЖАРЫҢЫЗГА суктанып, сыймыктанып, ошол эле учурда жүрөгүмдү оор куса, жалгыздык, жан-дүйнөмдү басынткан бейопа кызгануу кысып, ушул жерден чуркап чыгып түн койнуна түн болуп сиңип кетүүнү көксөп турдум. Ушул күнгө чейин жүзүмдү өрттөп, жүрөгүмдү жылытып келген эриниңиздин тагы музга айланып, сезимим тоңуп калгансып нес абалда жүрдүм. Өзүм менен өзүм алпурушуп, көчөдө эле эмес, лекцияда да жалгыз болууга аракеттенем.*





*Кечирип коюңуз агай, кээде буулугуудан жарылып кетчүдөй дүйнөм тарып, сизди жек көрүп кетем. Кадимкидей күлгөн, сүйлөгөн болом, бирок эмнени сүйлөп, эмнеге күлгөнүмө, эмне иш жасаганыма баамым жетпей түшүркөгөндөй сезим ээрчип алды. Койгон жеримде кала берген группанын журналын, кээде сумкамды артыман курбуларым алып келип беришет. Бир жолу сабакта агай тапшырма сураса укпапмын. Группалаштарым күлүп жиберсе, чочуп кеттим.*

*- Кийинки күндөрү өзгөрүп кеттиң. Окугун, сессия жакындап калды, -деди Каныбек агай, анан группага кайрылды, - старостаңардын абалын сурап койсоңор. Эми медицинага эмес, таптакыр башка жакка кетип калбасын.*

*Курбуларымдын жылмайган шылдыңдуу жүзүн көрүү жүрөктөгү санаадан да оор болчу. Өткөндө медицина сабагынын бүткөнүн унутуп, Юго-Востокко кетип калыпмын. Агай ошону уккан экен.*

*Сессиядан да, окуудан да улуу нерсе жанымды кыйнап жүргөнүн эч кимиси, жапжаш секелек кыздар эмес, мен сезимтал деп эсептеген Каныбек агай да туйбады. Ансайын эч кимге ачылбай, кошулбай чөгүп, бирок көшөрүп окудум. Бул көшөрүү окуудан айдалып кетүүдөн корккон көшөрүү эмес, улуу дүйнөм Сизден айрылып калуудан корккон көшөрүү болчу. Окуу кусалыгыма аралжы боло албады. Энесин сагынган наристедей саргайып, Сизди сагына бердим. Ооруп калар чекке жеткенде кайра өзүңүз жардамга келдиңиз. Сиз жөнүндө пьеса башта-*

*дым. Сизди тана албасыма, Сизди сүйбөй коё албасыма биротоло көзүм жетти.*

*Агатайым, сүйкүм көздөрүңүздү жакындан көрүп, денемди өрттөгөн ысык демиңизди туюп, карылуу кучагыңызда кыйналчу, өрттүү эриндериңизге сүйүлчү күндү сагындым. Кечирип коюңуз, минтип жазууга акым жок болчу...*

*Кайда жүрсөңүз да аман болуңуз. Канчалык унутууга, Сизге жолукпоого тырышсам да качандыр бир кезде, күүгүм кечте Сизди күтүүсүз дал кылып, көзүңүзгө жалооруй сагынычтуу тигилип кирип барам. Ошондо менин жалгыздыкка, күтүүгө, кусалыкка каржалган келбетимди, кечки иңирдеги тоо көлүндөй ойлуу, муңдуу көздөрүмдү көрүп туруп, бул сүйүүнүн түбөлүктүү экенине ишенесиз.*

*Тилерим ар дайым бар болуң. Жан-дүйнөмдүн кубанчы!..*

***Ош шаары. Март айы.***

*Саламатсызбы.. аке?!*

*Ден соолугуңуз, иштериңиз жакшыбы?*

*Бул менин Сизге жазган акыркы, эң акыркы катым.*

*Сиз буга чейин жупуну турмушумдагы улуу дүйнөм, күндөрүмдүн кубанчы болсоңуз, азыр жөн гана бел тутар жалгыз агамсыз. Эми мурунку жүрөгүмдү өрттөгөн турпатыңыз ыр өлкөмдүн каарманы болуп, ал ыйык элеске ырларым гана жолугуп, мен жетпеген көздөрүңөн сүйөт.*

*Сиз сүйүү үчүн эмес, сүйдүрүү үчүн жаралып-*





*сыз. Эчен жолу кайырчынын абалындай абалда, сезимим үчүн кайыр сураганыма зээним кейийт. Атаганат, андан көрө эч нерсе айтпай койсом эмне... Бул сезим улуу, ыйык, кир кол тийбеген, купуя бойдон кала бермек. "Сиз" аттуу жан менде тирүү бойдон сырткы дүйнөдө жашап калмак. А азыр ал ыйык жан сырткы дүйнөдөн өчүп, Гераклиттин үмүтүндөй бүрүшүп, кайгы-арман, күйүт, оору, жек көрүү түнөгөн жүрөгүмдүн түпкүрүндө гана жашап калды, мен өлмөйүнчө жашай берет. А балким, ал мен өлгөндөн кийин да ырларымда жашайт. Мен сизден ушул улуулуктун учугун үзбөөнү сурагам, аны аткардыңыз, бирок пенде катары...*

*Адам жөнөкөй, мансапсыз кезде гана рамкасыз, "пландсыз" эркин жашап, эркин кыялданып, а мансап, атакка жеткенден кийин өз мансабынын кулу болуп, сезимди, анын улуулугун өзүн-өзү зордоп жашоо нугуна баш ийдирип салат көрүнөт. Антпесе, сиз мени эмне үчүн чакырып, көзүңүз нурга, сырга толуп: "Айдын 10-11леринде кел, күтөм" дедиңиз. Чындыгында Сиз мени күтпөй эле, күтсөңүз да ал убактылуу жүрөктү дүрт эттирген сезим болуп, кайра эле өз ишиңиздин кызуулугу менен унутулуп кетип жүргөн тура. Менин делбиреп баруум, кыялдан!уум баары келесоонун ишиндей бир арзыбаган, күлкүлүү нерсе экендигин эстесем уугуп кетем.*

*Деги эч нерсеге түшүнбөй жанчылам. "Биз мамилебизди үзбөйлү, келечекти дагы көрөбүз, мен*

кудайга ишенем, кудай эмне десе ошону көрөбүз. Бул жакшы нерсе, кудай мындай кыйноодон айрыбасын, ыраазымын сага!". Ушул сөздөрүңүз, коңур үнүңүз күндөлүгүмдү ачкан сайын жаңырып кеткенсийт. Бул эмне жооткотуу беле... Айтыңызчы, агай, эмне үчүн чакырчусуз да, мен бараарым менен кеткенге шашчусуз. Бул эки жүздүүлүктү, же, чын эле ак ниет, аруулукпу, балким, аёдур..?

Сизди көргөн, сүйгөн күндөн баштап өлүм бар экенин билсем да ал коркунучтуу эмес болчу. Өлүм менен өмүрдүн аралыгындагы аңгыраган коркунучтуу боштукту бир бийик, сырдуу дубал тосуп тургандай өлүм коркунучу көрүнчү эмес. Ал дубал азыр урап, ошол боштуктан сезимди, жүрөктү үшүткөн суук илеп келип тургансыйт. Пенденин баары ошол суук илептен, аңгыраган коркунучтуу боштукка ың-жыңсыз сиңип кетүүдөн сактануу үчүн гана аракеттенген алсыз, майда макулук окшойбуз. Сиз "мен сенин келечегиңе тоскоол болбоюн деймин. Кийин бул үчүн мага рахмат айтасың, туура экенине көзүң жетет" - дебедиңизби. Жок, мен буга өлөр-өлгүчө түк макул эмесмин. Минтип өзүн сүйгөн жандын кийинкисин "ойлоп", "бактысына" бут тоспоо ар бир пенденин колунан келет. Бул жигиттик ачылыш эмес, калыптанып калган жайлуу турмуш нугунун бузулуп кетүүсүнөн сактануу, аңгыраган коркунучтуу боштукка ың-жыңсыз сиңип кетүүдөн коркуу.

Мен пьесаны, ырларды, катты өз талантымды рекламалоо, Сиздин сезимиңизге ээ болуу, мак-





тоо угуу үчүн жазбагам. Анын баары ички сезимдин ашып-ташкан ээ-жаа бербөөсүнөн жаралган, Сиздин сезимиңизден баш паанек издеген кызыл эт балапан болчу. Атаганат.., канаты жетилбей жатып кайрылды, жок дегенде темир канат болсо эмне. Андан ары өз багытын өзү таап, ыйыктыкты туу тутуп, сезимдин бийик асманында көкүрөгүндөгү улуу ишеним менен, өз сүйүүсүнүн көз уялткан нурунан жердеги талпаңдаган муздак кан бакаларды көрбөй, алыска-алыска, көрүнүп, бирок, жеткирбеген көгүлтүр үмүт дүйнөсүнө чарчоону билбей уча бермек, уча бермек. Ал көгүлтүр үмүт дүйнөсүндө "Сиз" аттуу ыйык жан жашамак...

Билем, мунун баары артта калчу күн келет, кеп нерсе унутулуп, ордуна жаңы эскерүү жаралат, бирок, ошол жаралган жаңы эскерүүлөрдүн түпкүрүндө кез-кези менен жай таптырбай сыздап оорутчу бир орду толгус жоготуу, арман калат. Кайда жүрсөңүз да ошол арман, жоготуу менин "Сизим" экенин эстей жүрүңүз. "Кетем" - дейсиз, жат жер, жат элге кетсеңиз сиздин тагдырыңыз Алманбеттин трагедиясына айланып кетпесе экен деп тынчсызданып, сизге ак жол тилеген жан бар экенин унутпаңыз,

Ошол алыста жүргөн кезде жан-дүйнөңүз табышмактуу кусалыкка чөксө, мени эстеңиз. Ал менин сагынчым, сизди издеген. Күн көрүнбөй, булуттар түнөрүп, көп күн бою эзилип жамгыр төксө, мени эстеңиз. Ал менин көз жашым сизди

*издеген.*

*АЯЛЫҢЫЗдын эрдинен, көзүнөн сүйүп жатып мени эстеңиз. Кудай бар экени, жан денеден бөлүнөрү чын болсо, менин жаным анын көзүнүн түпкүрүнө жаш, кусалык, эринине ысык дем болуп сизди издеп барат. Балдарыңыз чын дилден каткырып күлсө, мени эстеңиз. Сиз мени "агам" катары өпкөн күндөгү кубанычым сүйкүмдүү наристелериңизге күлкү болуп төгүлүп сизди издеп барат. Өзүңүздөгү жылт эткен сезимдердин баарын кишендеп, иш менен алпурушуп жүрүп, карылыктын келгенин билбей, капыстан аны менен бет келип, селт эткен күнү мени эстеңиз. Тээ жүрөгүңүздүн түпкүрүнө эскерүү, кусалык болуп кирип барып, өрттөй жаштыгыңызды, кыз жандаган күлгүн курагыңызды, толуп турган кезиңизде бир жөпжөнөкөй, эси жок кыялкеч сары кыздын сиз элес албаган наристе сүйүүсүн эсиңизге салган армандуу өкүт ой болуп сизди издеп барам.*

*Демек, мен сизде жашайм, андыктан коштошпойм. Буга чейинки бардык нерсе үчүн кечирим сураймын. Эми сиз менин агамсыз. Бар сурарым менин каттарымды жок кылбаң, анан биз жолуксак мени басынтып кеткенге шашпаң, мен сизден ашыкча, сиздин намысыңызга, үй-бүлөңүзгө доо кетирчү эч нерсе сурабайм, сиз да жалтайлап "кийинчерээк жолугалы ээ..." дебейсиз.*

*Ушул катты жазаарын жазып алып бук түшүп жатсам, балкондо турган курбум " СИЗ келди" деди. Боорум титиреп, селт эте түштүм. А сиз болсо терезеден көзүн алалбай армандуу, кусалуу*





*караган жан менен ишиңиз жок мугалимдер менен сүйлөшүп турдуңуз. Көз нурум буурул чачтарыңызды, көздөрүңүздү аймалайт. Бар болуңуз. Ар дайым ушинтип жадыраган улуу күндүн алдында, жаныңыздан эл үзүлбөй жүрө бериңиз, улуу дүйнөм.*

*Түнкү саат 03. 8нен 9на караган түн.*

***1996-жыл. Апрель айы.***

* * *

*Жалгыз экенимди бүгүн сездим. Ырас ,мени куттуктоочулар көп болчу, бирок... жүрөгүмдүн түпкүрү негедир сыздай берди. Оор, кусалуу сезим кысып, жан-дүйнөмө бирдеме жетишпей, ошол жетишпөөнү эч нерсе толтуруп-толуктай албай койду.*

*Түпкүргө зордоп ооздукталып камалган сезим ушул куттуктоолору, куру сөздү, белектерди эмес таптакыр башкача, эч кимге байкалбай өзүмө гана сезилчү жылуу, жок башкача, сөз менен айталгыс купуя сыр каткан көз караш ты күйүп-жанып самады.*

*Мен бир мүчөл жашап эмне жасадым, эмнеге жетиштим? Ушул суроону өзүмө берерин берип алып коркуп кеттим. Эч нерсе жасабапмын, жок дегенде эң ыйык парз - аялдык, энелик парзымды да аткара албапмын. Жакшылыкта кубанып, жамандыкты бөлүшөр ата-эне, ага-туугандан башка жан курбу күтпөпмүн. Беш жыл бою куру кыял менен жашап, шайтандын отундай үмүттү эш*

*тутуп жүргөнүмө зээним кейиди...*

*Эрте менен ойгонсом эле жүрөгүм түпөйүл кыжаалат экен. Туулган күнүмдү бир күн болсо да эрте тосуп, ушул кусалуу, оор санаалуу жылдардан алыстап картайгым келип кетти. Үстүмдөгү ак көйнөктү, ак туфлини майрамга эмес, азага кийгендей басыңкы маанай менен кийип, муунткан суз бөлмөдөн чыккыча шаштым. Бирок, каякка? Жүрөгүм сыздап кетти. Экзамен да эч нерсеге татыбайт болчу. Анан капыстан сизди көрдүм. Ушу бүгүн "Сизге" арналган ырлар жөнүндө сөз кылуу да мени жеңилдетмек. Анан дагы.., эсиңиздеби, дал ушул терезенин алдында мен сизге "Сиздин чачыңызды салаалап тарап койгонуңуз окшош" - деп өзүм байкабай айтып алгам. Биз токтоо учураштык. Адатыңызча чачыңызды тарап алдыңыз. Жүрөгүм тымызын ыйлап турду. Анан, жүрөктү кыйнап, күйүткө чыланган оюмду жарыя айтып жибердим. Митал агай,"СИЗИМ" эми мага идеал, чыгарма гана болуп, мындан ары мынчалык бийик, арүү сүйүү жолукпастыр. Балалык тилектеримдин бирине да жетпей калат окшойм". Балким, Сиз менин бул тантыроомо маани деле бербеген чыгаарсыз. Мен болсо сиз чачыңызды салаалап тараган сайын жүрөгүм кошо таралып, өмүрүмдүн кыялга, таза арзуута толгон жылдары менен коштошуп жаттым.*

*Мен эми бала эмес - аялмын. Эмнелерди гана тилебегем, арзуу кылбагам. Бирине да жетпедим. Бирөөгө жан-дилимди арнап берилип сүйгүм келген. Сүйдүм, бирок андан сүйүү таппадым. Мен ал үчүн эч нерседен коркпойт, тайсалдабайт элем, баарына жан-дилим менен даяр болчумун...*

*Көрсө, мунун баары балалык наристе тилек, кыял экен. Ошончо жыл "куру тулупка мөөрөп" жүрүпмүн. Ушул нерсеге көзүм жеткенде шалдая түштүм. Эч кимге мынчалык төгүлө албайм.*

*Азыр түн жарым. Мен бүгүн акыркы жолу ыйлап жатам, акыркы жолу ал жөнүндө сизге ыймандай сыр төгүп отурам. Эми мындан аркы өмүр учуп-күйүп делөөрүткөн романтикасыз өтөр бекен. Жок, мен романтикасыз жашай албайм. Эми анын кимдир бирөөдөгү окшош кыялдары, кыймылы, жада калса үнү да романтикага айланат.*

*Бул жөн эле ага-карындаштык сырдашуу. Менин бүгүнкү чөккөн, кусаланган көңүлүмдү көтөргөн, бактысыз майрамым менен биринчи куттуктаган сиз болдуңуз. Рахмат сизге, Митал агай. Эртең, жок, тагыраак айтканда, бүгүн болуп калбадыбы, топураган көпчүлүктүн шаңдуу, ызы-чуулуу супсак куру куттуктоолорунун арасында, улам сиздин ой-кыял тунган көздөрүңүздү, үзүп-үзүп сүйлөгөн коңур үнүңүздү, чачыңызды салаалап тарап койгон жагымдуу мимикаңызды эстеп турам.*

*"... көп жаша, ырларың сенден да көп жашасын". Билем, минтип эч ким каалоо айтпайт. Сиздин "кайгылуу майрам" деген сөзүңүздү мен бир күн мурун күндөлүгүмө минтип жазгам.*

*"... туулган күн эң кайгылуу майрам, анткени*

*бир жылга өлүмгө жакындайсың, бир жылга картаясың". Адам өлүмгө жакындаган сайын өткөнүн көп ойлоп, жалгыздыктан коркуп калат окшойт. Балким, мени ушул нерсе сиз менен сырдашууга түрткөндүр. Сизге өөн көрүнгөн ушул сырдашуу, чалды-куйду ойлор, бир отуруп жазылган баш-аламан ички толгонуу Сизге терс таасир калтырса кечирип коюңуз. Чынын айтсам, эгер бирөөгө минтип жарылып албасам оорун калчудаймын. Бул өмүрүмдөгү экинчи да, балким, акыркы да адамга жазылган сыр чыгар. Бул эмне үчүн дээрсиз, Өзүм да билбейм. Мүмкүн жөн эле...*

***1996. 23. 06.***



# ЭКИНЧИ КИТЕП

# ЖҮРӨКТӨГҮ АРАЛ

## АМАНАТ

Сүйүп да, сүйбөй чуркап жүргөндөрдүн.
Баардыгы менсиз калган күүгүм кечте.
Коркпой айт: "Өлбөстүккө айланды!"-деп,
Кас айтсын, "өлгөн" дешке алы жетсе.



# АЙЖАРКЫНГА АК ЖОЛ

*Айжаркын Эргешованын ырларын окуган окурман, анын жан-дүйнөсүн көрүп турат. Ал ылайланбай аккан мөлтүр булакты элестетет. Андан, агып бараткан суунун түбүндөгү ак таштарды кыйналбай эле терип алса болот.*

*1998-жылы Сорос фондусунун директору Жакыпова Чынара Шаршеевна жаш акын жазуучулардын фестивалын өткөрүүгө үч миң доллар бөлүп берген эле. Султан Раев экөөбүз, ал Республикалык фестивалды мурдагыдан өзгөртүп Бишкекте эмес, Баткен районунун борборунда өткөрдүк. Өлкөнүн ар тарабынан элүүгө жакын жаш акындар катышышты.*

*Айжаркын Эргешованын ырлары менен, мен ошондо тааныштым. Анын саптарында чагылгандын сыныктары бар эле. Будуң-чаң түшкөн булуттардын бар экени да байкалган.*

*Жарымдан тумчуга жашырам,*
*Дилдеги айыккыс жараны.*
*Дале өчпөйт көңүлдүн мизинен,*
*Эч кыйбас бир жандын караанын.*

*Ушул бир куплет ырдын жакасынан жашоонун, турмуштун чындыгы баш багып турат. Мындай*

*сезимдерди жакшына сөз менен айтууга, түшүндүрүүгө мүмкүн эмес. Ал жардыргыч коюп, жардыруу менен барабар. Айыкпай турган жарага жолукканын акын ичинен сезет. Жан дүйнөсүндө бороон-чапкын жүрүп, толкундар жарга чабылып жаткандай таасир калтырат. Муну айтып жатканымдын себеби, кээ бирөөлөр элдин баары эң жакшы билген эле нерсени уйкаштырып, ыр катары тартуулай беришет. Жок, андай эмес. Андай мамиле негедир менин көз карашыма туура келе бербейт.*

*Айжаркын башкалардан айырмаланып өзүнүн жан-дүйнөсүндө чөгүп жаткан буркан-шаркан сезимдерди алып чыгат. Жогорудагы ыр саптарында өкүнүп, кайгыруу, жаштыктын рамкага түшпөгөн сезимдери, эң башкысы - поэзиянын мөлтүр тамчылары бар.*

*Тешип чыгып камасам да тереңге,*
*Жүрөгүмдөн тамчы тамат акырын.*
*Ысык тамчы күйүт болуп өрттөйт не..,*
*кыйбайм сизди сезим Ханы асылым.*

*"Жерден жарака кетсе, ал акындын жүрөгү аркылуу өтөт"- деп айткан Гейне. Жарака эле эмес, жел жүрсө да, же чымындын үнү чыкса да акындын жүрөгү аны кармайт. Каарманды сезим-*





*дердин ханы деп атаганы да кызыктуу. Анткени, калган нерселеринин баары бул жашоодо майда-чүйдөлөр. Аларды сезимдердин ханы, падышасы менен теңөөгө мүмкүн эмес. Акын кызыбыздын улуулугу, тазалыгы, дүйнөгө болгон көз карашы ушул саптардан даана байкалат. Айжаркындын басымдуу бөлүгүн сүйүү ырлары түзөт.*

*Жаныңда балким бирөө бар,*
*Дилиңди назы толкуткан.*
*Эх, муну жазуу кандай оор,*
*Кагаз сен түтсөң болдум таң.*

*Акын жана бала калп айтпайт деген кеп бар. Чындыгында эле ошондой. Айжаркын ичтеги сырларын жаап жашырбайт. Жаап жашырайын десе да, бүркүлгөн бойдон өзү чыгып кетет. Негизи поэзиянын чындыгы ошондой. Ага акылмандыктын, эстүүлүктүн кереги жок. Эң башкысы, мурдагы акындар айткан ойлорду кайталабай жаңы ой айтуу. Акын кызыбызда, ошондой жетишкендиктер бар. Дидактикадан алыс. Албетте, чыгармаларынын басымдуу бөлүгү өзүнүн тагдырына байланышкан. Өзү жакшы билген нерселерди чагылдырат. Мага ушу позициясы жакты. Андан сырткары, Айжаркындын ырлары дүрбөлөң түшүргөн сезимдерге жык толгон. Кызыл-тазыл кыялдарга бай.*

*Акырында акын кызыбызга айтаарым ак булуттар ааламда айланып жүргөндөй, поэзия асманына бүткөн өз жылдызыңды тап. Андай дарамет, күч, аруулук сенде бар. Поэзия – асман. Асманга кеткен жолуң ачык болсун Айжаркын!*

***Акын Карбалас БАКИРОВ***





## АВТОРДОН АЛГЫ СӨЗ

*"Жүрөк" аттуу өзгөчө планета бар. Анын дээрлик баардык булуң-бурчун эбегейсиз зор "Сүйүү" деңизи ээлеп жатат. Баарынан кызыгы учу-кыйры көрүибөгөн бул деңизде алакандай арал жайгашкан. Ал аралды Үмүт аралы дешет. Деңиздеги Күтүү, Сагыныч аттуу бирде катуу, бирде жай толкуган толкундар аралды канчалык каптабасын аралдын кандайдыр бир кичинекей урчугу толкунга көмүлбөй, Үмүт аралынын барлыгын билдирген кургактык көрүнүп турат. Бул аралга ойноок шамал ынак. Көк чаңкай асманынан көз жаштуу булуту кетпеген, жарк эткен күнүнөн жамгыры көп жумшак наристе жаз, кусалуу күтүү коштогон түнт күз мүнөздүү. Мында ээли каардуу кыш, куйкалаган жай болбойт...*

*Аралдын дагы бир өзгөчөлүгү - мына-мына куурачудай көрүнсө да куурабаган, каңылжаарды жарып буркурабай мээлүүн жыттанган Свзим аттуу жакшына гүлдөр өсөт. Гүлдөрдү эмгегин эч ким деле баалабаган жалгыз, бактысыз багбан сугарып жүрөт. Чарчабачы, чөкпөчү, мокобочу кыялкеч апеиди багбан.*

***2002-ж. 20.10.***

# САПАР АЛДЫНДАГЫ ТИЛЕК

*Жол. Ыйык жол, узак жол, асмандын түбү тешилгендей жаай берген жамгырдан баткактуу муздак көлчүктөргө чөккөн, ташы чыккан, жыландай ийрелендеген тар жол. Жылаңайлак буттарын жыртык этегине катып жанымда турган бир боор сезимимди ушул таштуу жолго чыгараарда дагы далай кездешчү жан чыдагыс кыйынчылыктарды алдын-ала туюп, бул катаал тагдырлуу жолго жан сырдашымды чыгаргым келбей турду. "Кой тобокел, кечикпей жөнө. Жолдун ыйык улуулугунун алдында бул тоскоолдуктар арзыбаган иш. Жан чыдабаган кыйынчылыкка Сезим сен түтөсүң. Сенин жанда жок өжөрлүгүң, беттегениң катуу багыт болсо да кайтпаган туруктуулугуң кайда?" - деди Жүрөгүм, жүрөсүгөн Сезимимди кайраттандырып. Жөнөсө жөнөйлү...*





# ЭСТЕЛИК

Жеңилбей, бирок жеңээр чекке жетпей,
Зади пас пенделиктен кечем бир күн.
Ырларым, мени менен кошо кетпей,
Жарк эткен жарыгы бол өлбөстүктүн.

Ыйлаба башым жөлөп, күлүп узат,
Адамзат түркүк болбойт бул дүйнөгө.
Мен кетем гүлгө оронуп, жаркып кабак,
Өлүм бул жоготуу эмес - өлбөс дүйнө.

Чарчадым ырас, чарчоо тажоо болбос,
Бир жанды мүрзөмдө да сүйүп жатам.
Данктагын ошол жанды муздай мерез,
Жеңилсин ыр күчүнө дүйнө жалган.

Көпөлөк болуп учкун күндү көздөй,
Адамдар жаз сагынса апкел жазды.
Демиңден чыксын уяң байчечекей,
Мен өскөн тоонун өрттөй кызгалдагы.

Муңу бар адамдардын жамгыр болуп,
Муңун жуу, жүрөгүнө күлкү түнөт.
Ташышсын өз нугуна батпай толуп,
Жел минип, анан мага жолугуп өт.

Мүрзөмдөн адашпайсың билем аны,
Чегишет кымбат таштан эстелигим.
Арзыбайт билсең ЫРЫМ мунун баары,
Жанында сендей кунсуз эстеликтин.





## ЫРЛАР МЕНЕН СЫРДАШУУ

Жаным биргем ырлар жалгыз сырдашым,
Укчу бүгүн, сага айтаар сөзүм бар.
Бекем катып ичке ачуу көз жашым,
Качып жүрдүм жолдон сага жолугаар.

Жемелебе неге минттиң көк бет деп,
Өкүнүчтөн азыр жүдөп жүрөмүн.
Карышкырдай капкан чапкан бутун жеп,
Өжөрлөнгөн өзүмдөгү бирөөмүн.

Кыяртса да мезгил дилдин өрөөнүн,
Көнбөй койду жай жашоого жүрөгүм.
Жетегинде тилеп бүтпөс тилектин,
Көк мунарык ҮМҮТ төргө жөнөдүм.

*Өмүрүмдө көп жолу жаңылдым, бирок алардын бирине да атам менен апамдын жаштыгын, өмүрүн, уйкусуз түндөрүн уурдаганыма өкүнгөнчөлүк өкүнбөдүм.*

## БАЯГЫНҢМЫН, БАЯГЫҢ ДА ЭМЕСМИН

Достор менен кеттим таштап көп ирет,
Умсунганың элес албай от болуп.
Каңырыгың түтөп АТА жер тиктеп,
Сагындыңбы бала кезим жоктолуп.

Эстедиңби, тентек, өжөр анан да,
Сени жанга ыраа көрбөс пейлимди.
"Атаң келбейт, башка кызы бар имиш".
Деп койсо авам, жаш чайычу көзүмдү.

Тамак да өтпөй жолуң карап саргайып,
Кумөн ойдон бырчаланчу жүрөгүм.
Үзөңгүңө асылчумун чаң салып,
Сен келгенде сөзүн укпай бирөөнүн.

Энем гана тынчтандырчу дилимди,
"Аваң сени эркелетип койгон да"
Тизеңде уктап, түшүмө АЙ, КҮН кирчү,
Буркураган тер жытыңа тойгондо.





Өзгөрбөдү мээрим сага сөз чыны,
Атакебай, дале күчтүү сүйөмүн.
Тоо жыттанган конур тааныш жытыңды,
Сагынуудан түтөп кетет жүрөгүм.

Көңүлүңө алба анча-мынчаны,
Кечирип кой азын-көбүн күнөөмдүн.
Баягыңмын, баягың да эмесмин
Кээде өзүмө бейтааныш, жат бирөөмүн.

## АТА

Атаке, атакебай кагылайын,
Жол карап, ичтен күтүп жүрөсүңбү?
Сураса, уулум "апам келеби?" - деп,
Карматтың бекен жашык мүнөзүңдү.

Атаке, атакебай кагылайын,
Кейибе, уулум экөөң жөлөксүңөр.
Таштаса, таштап кетээр башка адамдар,
Кантсем да, эч кыйбаган жалгыз силер.

Атаке, атакебай кагылайын,
Каралдым кантти дебе, кайгы жутуп.
Жүрөмүн кыйналсам да адамдыгым,
Пастарга тебелетпей бийик тутуп.

* * *

Абдан чөгүп жүдөп жүрөт көңүлүм,
Ата, абалым билесизби бул кезде?
Супсак, муңдуу өтүп жатат өмүрүм,
Колдон келбей көз кубантаар эч нерсе





## АПАКЕ

Күз эле, телефондон ыйлаганың.
Зымдар да көтөрө албай дирилдеген.
"Үйгө эмне батпадыңбы кагылайын?"
Антпе апа, мен өзүмө батпай келгем.

Дилге жат күү-шаа түшкөн чоочун шаар.
Өгөйлөп алыстыгың эске салат.
Сиз кирген түштөр апа, аян тумар.
Жыгылып бүк түшөөрдө жөлөп-таяйт.

Жан-дүйнөм чыр чыңырып бир айтаарым.
Чарчадым адамдардын пастыгынан.
Ийилдим далай, бирок, сынбай калдым.
Билем бул, сиз эмизген сүттөн улам.

Апаке, мен өзүмө сыйбай турам...

## УУЛУМ ИСХАККА САПТАР

*Мен бир жашоодо гана парзымды – ЭНЕ болуу парзын так аткардым окшойт. Анткени, кайда болсом уулум менен бирге болдум, чогуу ач калдык, чогуу кыйналдык, чогуу ыйладык, чогуу кубандык. Абдан көп бөлүнгөнүбүз алты ай болду окшойт ээ каралдым...*

* * *

"Апа бүгүн жумушка мен да барам".
"Эстүү балдар каралдым, антчү эмес,"
Айланайын көзүңдөн жаш айланган,
Мени эч ким сенчелик керектебес.

* * *

Чарчап келсем дил сынып, ооруп жүрөк,
Дарылайсың бал тилиң, сөзүң менен.
Өмүр бою ушинтип болуп тирек.
Дал ушундай жароокер калсаң экен.

* * *

Оюнчуктан көзүң өтүп жайнаган,
Чоң кишидей шуу үшкүрдүң үн - сөзсүз.
Жеңил болмок мындан көрө ыйласаң,
Зил топтобой жүрөгүнө күнөөсүз.





* * *

Алыссын уулум, абалың билбей дил канап,
Жүз маал маал эстейм кыялың тентек, ойноогун.
Унутту дебе, бытыйган колуң күн санап,
Карааным мында, сен жакта менин ойлорум.

* * *

Куса болуп ак мамаңды сагынып,
Түшүңдө эрдиң соргондурсуң кулунум.
Суук бөлмө, жан шеригим жалгыздык.
Айланайын, мен да сенсиз курудум.

Тууган да жок, же бир сырдаш күтпөдүм,
Жат айылда сенден алыс коргоосуз.
Өтүп жатат муң коштогон күндөрүм,
Эмнегедир ырларым да жансыз, суз.

* * *

Толбойт көңүл кемтиги, толбойт орду.
Жүрөгүмө катайын баарын, баарын.
Жалгыз чыдап көтөрүү оор болчу,
Сен дем бердиң, Исхагым кагылайын.

* * *

Узак жаша, ак сүйүүдөн жолдуу бол.
Атаң өндүү кыйнабасын жетимдик.

Бул жашоого жерден туруп карап көн.
Мен сыяктуу ырга жакын болбо түк.

Кагылайын ак сүйүүдөн жолдуу бол!





* * *

Бөксөсүн тагдырымдын толбой калган,
Медерим өзүң гана толуктайсың.
Өткөнү, келечеги жалаң арман,
Сүйүүнүн тилейм сага жолукпашын.

Үнөмчүл тагдыр мага бербей койгон,
Бакыттан сага энчи калган чыгаар.
Баладай оюнчугун жулган колдон,
Мен өңдүү томсортпосун арман жылдар,

Азабы арбын таштуу өмүр жолдо,
Узак бас, маани бербе пас кишиге.
"Байкуштар" - деп аяп кой, капа болбо,
Дилиңе бычак урган жан кезиксе.

Максатты бийик койгун кагылайын,
Билем сен татыктуусуң Жигиттикке!.

* * *

Көздөрүңдү карап туруп күнөөсүз,
Чоңойгондо ким болоорун сурадым.
"Адам болом" дедиң дароо ойлонбой,
Учуп кетти бардык санаа убайым.

"Мени таштап кетпейсиңби эч качан?
Кагылайын кубанычым, каралдым"
Карегиңде коркуу конуп жаш чайган,
"Сизсиз кайда кетемин?" - деп, таң калдың.

Азыр менсиз жашоо жоктой сезилет,
Анан баары өзгөрүлөт акырын.
Сага жакын жандар абдан көбөйөт,
Менин жалгыз сен болосуң жакыным.

Аянычтуу, балким бакыт ошол кез.
Сенден гана күтүп калган жылуу сөз.





# АЙСАЛКЫН

Сен элең эң арыгы, эң ыйлаагы.
Анан да мээнеткечи үй-бүлөнүн.
Узун кыз, кагылайын эстейм дагы,
Балага бала туруп үйрүлгөнүң.

Жылмайтат элжиретип дале дилди,
Тоокту ташыганың эшек менен.
Тезекти тоодой үйүп тизгениңди.
Кыш сайын үшүгөндө эстей берем.

Өтсө да жакшы-жаман далай баштан,
Өжөрүм максаттарың таштабадың.
Оо далай, өзөгүмдү куйкалаган.
Карагат каректериң жаштаганың.

Жарыгым, кагылайын кейибе эч.
Күчтүүсүң, кайраттуусуң билем, бизден.
Ишенгин уулуң жигит болгон кезде,
Унутулат ушул күндөр ичтен сызган.

.. .бактылуу болууга сен татыктуусуң.

## КЕНЖЕТАЙ ИНИМЕ

*(Бүгүн сенин туулган күнүң Адику.*
*Эльмира да сени Адику дечи эмес беле...)*

"Ооруп калдым, чакыр Мейиз эжеңди".
Жаз кечинде апам бизди дүрбөттү,
Бут-бутума тийбей чуркап бараттым,
Коркуу менен кубаныч бийлеп жүрөктү.

Ай ошондо түн кылымга созулуп,
Онтосо апам, жан-жүрөгүм толгонот,
Жалгыз иним, сиңдилерим жалдырап,
Тамак да ичпей жашылдана томсорот.

Мейиз эже эмчиси ушул айылдын,
Чебелектейт апакемдин жанында.
Бурчта жатат кашка торпок алаң көз,
Бир күн мурун туулган жаз таңында.

"Бүчүнөрдүн баарын чечип салгыла"
Дээри менен чечтик болгон топчубуз,
Иним Акыл майкесин да айрыптыр,
Келди анткени, бүт кырсыкты тоскубуз.

"Ыңаа, ыңаа" ыйлап жатты жаңы көз,
"Ырысыңар толо экен садага,





Бүт айылга сүйүнчүлөп чыккыла"
Ыйлап жатты Мейиз эже өзү да.

Жылаңайлак, жалаң көйнөк, жылаңбаш,
Акең менен кеттик айыл кыдырып,
"Ээ-э-й сүйүнчү, апам эркек төрөдү",
Биздин үндөн жатты аалам жаңырып

Биз эле эмес, бүткүл айыл сүйүнүп,
Адыл дедик кичинекей бөбөктү,
Канча үмүт, аруу тилек коштогон
Арадан ай, анан бир топ жыл өттү.

Айтчы Адику, ойлондуңбу бир ирет,
"Актадымбы андагы аруу үмүттү".
Канча ирет өлүп жакшы тилектер,
Кайра аны үмүт далай тирилтти...

***2009-ж. 17-ноябрь***

## КЫРЧЫНЫМ

*(Элмира, азыр сен периште болуп жүргөн чыгарсың. А биз болсо пенделик кайгыдан, пастыктан, көйгөйдөн кутула албай, өлбөчүдөй жан үрөйбүз...)*

Жай эле толукшуган.
Көктө күн күлүп турган.
Түн түштү капилеттен.
Соолуду кулпурган гүл.
Күтүүсүз өчтү чырак,
Эми эле күйүп турган.

Ушунча назиктикте.
Мыкаачы жан кыйдылык,
Бар беле кагылайын.
Өлүмдү шылдың кыла
Өмүрүң кырчтың кантип?
Мизине кыл аркандын.

Көз жашы апакемдин.
Нөшөрү суук күздүн,
Дүйнө үшүп титиреген.
Атамдын сыздаганы,
Бороону улуу тоонун,
Даракты тамырынан,
Омкоруп жулуп кеткен.





Жаз сайын мүрзөң менен,
Мен сага жолуккандай,
Ашыгып учурашам.
Сабылып муңга батып,
Жүрөгүм канап үнсүз,
Эзилем сагынуудан.

Карагат көздөрүңдүн,
Орду эле калган чыгаар.
Төгүлгөн олон чачың,
Айланды ээ топуракка,
Арадан өтүп жылдар?!
Үшүтөт бүгүнкүдөй.
Өлүмдөн калган ызгаар.

## ТУУЛГАН ЖЕР

* * *

Булак бойлоп мөлтүр мончок муздарды,
Жеп жүргөндүр мал айдаган жаш балдар.
Апам серпсе, таңда туруп боз үйдүн,
Түндүгүнөн төгүлгөндүр ак таңдар.

* * *

Жаз, жай, күздө көрбөй улуу тоолорун,
Кыш сагынып бек кучактап жаткандыр.
Улар түнөк тоосун сүйгөн бир кызды,
Сүргүнүндө айдап жүрөт кем тагдыр.

* * *

Бала кезде булут чөккөн тоолордун,
Колотунда ураган там эсимде.
Ээндиги жалгыз тамдын негедир,
Кусалыкты тартуулачу сезимге.

Бир байуулу ыйлап чыкчу түн бою,
Жалгыз тамды жалгыз өзү мекендеп.
Ураган там сүйүүм болуп, а жаным
Ойлоп кетем байуулу эмес бекен деп.





## БАЛАЛЫКТАГЫ ЖАЗ

Буурул түн жымжырттыкка чөгүп үнсүз,
Буюккан ойлор болуп жан шеригим.
Даба издеп балалыктан дилиме суз,
Эскерем жаркын жазын бала кездин.

Оо жазым, анда өзгөчө келээр элең,
Шөкүлөң аппак кардан, жашыл көйнөк.
Байчечек бүчүлөрүң ысык көзгө,
Муздарды ээритчүсүң жээк бойлоп.

Дал биздей тентек элең, баёо элең,
Мажүрүм чачтарыңды жел тарачу.
Бүчүрдөн сөйкө тагып экиленсең,
Көктөгү булут токтоп жалт карачу.

Зар ыйлап Мажнун булут ашыктыктан,
Чагылган каттар келчү көктү тилип..
Кусалуу үшкүрүктү жалын бүрккөн,
Тоотпой суйсалчусуң менменсинип.

Түрлөнтүп көйнөгүңдү тоо гүлүнөн,
Атырың жийде жыты баш айлантчу,
Күмүш үн тентек булак бото көздүү,
Демиңден нукка батпай туйлап акчу.

Сага окшош жапжаш кетик ай аскадан,
Жарк күлүп. Жылдыздардын ажарычы,
Дилине өзүң ышкы тартуулаган,
Ырдачу жүрөк сырын толук ырчы.

Азгыраар шылтоо таппай энекесин,
Боз үйдө беш көкүл кыз селт деп алчу.
Албырып жал-жал карап жаш жеңесин.
Ак шамда чака кармап суута барчу.

Келчү эмес белең Жазым күйүп - жанып,
Бейкүнөө, койнуң толо күмүш күлкү.
Адамдар шайыр болчу ушунчалык,
Ак чөлмөк уктатпачу айлуу түндү.

...жүрөгүм азыр түндөй кап - караңгы,
Жап-жаш ай, аппак чөлмөк жетпей жүр бу...





* * *

Буурул кеч, боппоз туман, акыркы кар,
Буулуккан жан дүйнөмдөй аялуу бу.
Көңүлдү жетим болгон сооротчу жок,
Дүйнөм ээн, дагы жалгыз тостум жазды.

Суюлуп боюм ылдый төгүлгөн чач,
Көздөрүм мурдагыдан муңдуу болсо.
Таарынба, кагылайын кыялкеч жаз,
Ак жүзүм бала кездей күлбөй койсо.

Кел андан көрө тоону эскерели,
Үлбүрөк булут көчкөн көпкөк асман.
Улары бийиктиктин ырын ырдап,
Бүркүттөр шамал жиреп эркин учкан.

Кеп андан көрө тоону эскерели...

## АЙЫЛДАШ ЖИГИТКЕ

Ичтен кайрып өткөндүн муң кайрыгын
Эстей берем негедир айыл кечин,
Карлуу кыштак четинде айдын шаңын,
Жолукчубуз жамынып, эсимдесиң...

Аппак кардай ак эле тилегибиз,
Аалам сыйган андагы кыялдар ай.
А азыр биз, ал кезге жат бирөөбүз,
Эми түндү жаркытпайт андагы Ай.

Күңгүрөнгөн дайранын сүрдүү үнү,
Жан дүйнөнүн жалындуу кайрыгы эле.
Оо андагы ажайып кадыр түндү,
Айылдашым, унутуп калды дебе.

Күкүк болуп ар жазда барат жаным,
Сен жашаган суу бою, жапыз тамга.
Бакан менен суу ташыйт башка келин,
Мен салынчу ак жоолук буйруп ага.

Ээрчип алган сага окшош ойноо бала...





*Биринчи жолу он жети жашымда керемет сезимге кабылдым. Анын керемет экенин деле аңдай албай көпкө дендароо болуп жүрүп, анан сүйүү деген ажайып ааламга келгенимди түшүндүм. Бирок, бул ааламда ордум жок экенин туйганда дүйнөм бир аңтарылды, жашоо жалаң кара боёктон тургандай ындыным өчтү.*

## КЕМ ТААЛАЙ ТИЛЕК

Аялдык таалай тилеп көп деле эмес,
Жалынсам тагдыр азга жуутпады.
Бакыттын өлкөсүнө алып кетчү,
Ак боз ат минген жигит унут калды.

Арзуулар аппак тандай жүрөгүмдө,
Аттин ай, супа салып атпай калды.
Кур күтүү толуп алган өмүрүмө,
Кем таалай тилек, балким, батпай калды.

## СҮЙҮҮ ДЕРБИШИ

Бир шоола бар, нурдантып дил жарыткан.
Бир көксөө бар, жүрөктү зар сагынткан.
Бир тилек бар, бүт өмүр тилеп өтөөр,
Бир күтүү бар, уйкусуз тандар аткан.

Бир үмүт бар, эртеңге жолум улаар,
Бир сарай бар, курулуп, кайра ураар.
Ураганда бактысыз урандынын,
Ар бир ташы жалгыздап ыйлап тураар.

Бир арман бар, күндөрдү коштоп жүргөн,
Бир сезим бар, жан - дүйнөм жоктоп жүргөн
Бир адам бар, эх, сизге жетмек кайда,
Бар болгону көздөрү окшоп жүргөн.

Бир куса бар, дилимди эзип жүргөн.
Ыйык жан Сиз алыста сезип жүргөн.
Убалына падышам калдык, калдык,
Бир сүйүүнүн дербиштей кезип жүргөн.





## "СИЗ" ГЕ

Сиз азыр алыстасыз, алыстасыз
Сүйүүмдү жүрөгүнө катып алган.
Бөксөрбөй койду неге агатайым,
Сиз куйган жүрөк кесе толо арман. ...
Күндөрүм айсыз, күнсүз өтүп калган.

Унутпай койдум Сизди, унуталбай,
Дилимден издериңиз өчпөй койду.
Сезилген Сизсиз деле жашоо бардай
Муз өлүм ээлеп барат сезимди ойду. ...
Сүйүүнүн ырдан бүткөн табытта орду.

Сиз мени эстейсизби, эстейсизби,
Бир эңсөө муунтпайбы дилиңизди.
Падышам, кантип жашап жүрөсүз.., билбейм,
Сагынбай дил өрттөгөн кезибизди.
..ай кармап, жылдыз терген жылдар кетти.

Сиз мени эстейсизби, эстейсизби...

## ОН ҮЧ ЖООГАЗЫН

Ак сүйүү, наристе жаз, гүл көтөрүп.
Кутүүсүз үйүңүзгө барган кечти.
Эстедим кусалыкка дилим чөгүп,
Ошол күн көз ирмемге келип кетчи.

Каректен кетпейт күнү бүгүнкүдөй,
Жоогазын кучактаган элесиңиз.
Ар бир тал кең көөдөнгө бекем ыктай,
Жүрөктө толкуп турган улуу деңиз.

Коңур үн кулагыма дале угулат,
Көмүскө сезимдерди сылап өткөн.
Көңүлдө жүрөт али кетпей кулап,
Колдордун табы андагы оттон бүткөн.

Сиз мага, а мен сизге тик карабай,
Тартуулап таттуу мүнөт үмүт, бакыт.
Ишенип кетем кээде жаш баладай,
Келет деп ошол күндөр кайра кайтып.





* * *

Өзүңүз сүйүүдөгү соолбос башат.
Башкалар сизди гана толукташат.

* * *

Ысмыма шайкеш тагдыр махабатым,
Ай сымал муздак, жалгыз күн кечирем.
Түндөй түнт өмүрүмө жанган бактым,
Жылдыздай бир жарк этип, учуп кеткен.

* * *

Ар жазда Үмүт аттуу сиз жашаган,
Калаага барам, арзуум көтөрө алгыс.
Сиз берчү аял эне бактысынан,
Куру кол кан түкүрүп кайтам жалгыз.

* * *

Көк, өжөр, менсинген көкүрөк,
Сыр бербей көтөрүп жок, барды.
Кыялга жык толгон делбиреп,
Күндөрүм "Сизи" жок бош калды.

* * *

Сыртта аппак кар үлбүрөгөн жупжумшак,
Муздактыгы төп келбеген көркүнө,
Убагында жааган сүйүү кардай ак,
Ээрип кетти түтпөй жаштык өртүнө.

* * *

Үшкүрүгүм шамал болуп жер кезген,
Сагынычым коштойт аны булуттай.
Жамгыр болуп кайда жүрсөң төгүлөм,
Эсте ошондо, менин барым унутпай.

* * *

Келет күндөр түштө гана жолуккан,
Ошол кезде азап болоор ойгонуу.

* * *

Күтүүдөн чылым өңдүү түгөп барам,
Күлүнө күл түшүргүч буйрубаган...

* * *

Кур күтүүгө түтпөй барат жүрөгүм.
Мен, мен эмес, тек күтүүнүн түнөгү.

* * *

Сүйүүгө татыбайт не дүйнө жалган?
Көңүлүм ыйлап чыкты түнү бою.

* * *

Жаныңда, балким, бирөө бар,
Дилиңди назы толкуткан.
Эх, муну жазуу кандай оор,
Кагаз сен түтсөң болдум таң.





* * *

Кыш эмес, адамдардын суугунан
Жан-дүйнөм үшүп кетти.
Жылытчы жөлөнөөрүм.

* * *

Кой, Айжаркын, ыйлаганың бир гана
Көпкө түткөн жүрөгүң мен билейин.
Душман көрсө сынылтыр дейт жылмая,
Көтөр башың уулуң сенин тирегин!

* * *

Сезимдерди топ таш кылып ойногон,
Күлгүн кездин ыры эми ырдалбас.
Мен өзүңдү чарчайм азыр ойлоодон,
Бирок, сени унутуу да кур далбас.

* * *

Сен менден кеттиң эле,
Ааламым эли кеткен.
Журтка окшоп калды бопбош.
Айт билсең, эми кантем?

* * *

Мен сага капа эмесмин.., жомок бүттү,
Кыялдан, тилектерден курап алган.

Жомокту уккандарга айтам дагы,
Ошентип үзүлгөнүм улап алам.

* * *

Аман бол жаным, амандык жакшы,
Айыгат жараат, кечилет күнөө.
Сагынды дебе, түгөптүр дегин,
Жолуксам капыс жолуңан жүдөө.

* * *

Булуттар үңкүйүшүп, жааса жамгыр,
Дарактар сөйкө тагып тамчылардан.
Өткөрүп жаттың бекен көз алдыңан...,
Күндөрдү учкан куштай алыс калган.

* * *

Бизде жамгыр...Сен жакта да суукпур?
Жылуу кийин, бутуңа суу өтпөсүн,
Эмнегедир унутпадым мен сени,
Мейли тагдыр уйпаласын, өкчөсүн...

* * *

Алыста жүрсөм дагы мажүрүмдөр.
Кусалык сүртөт дилге көңүл көксөп.
Сүйүүдөн өрттүү көйнөк кийген күндөр,
Жүргөнсүйт дайра бойлоп мени издеп.





* * *

Мен сизди сүйүп калган айбым үчүн,
Жалгыздык өкүм кылдым өзүмө-өзүм.
Башканы багынта албас ак сүйүүнүн,
Жазасы жан ыйлабас жалгыз өлүм.

* * *

Дил кыйналып жаның турса жабыгып,
Көңүл улап жубатаарың болбосо,
Ыйлаганда жүрөгүңдөн кан агып,
Ачуу жашың эч ким сүртүп койбосо,
Ошол сенин жалгыздыгың бейопа.

* * *

Дайым дилим кусадар да неге кир,
Жүрөгүмдү түпөйүл зил санаа эзип.
Кейип турат жаным азыр негедир,
Мен өзүмдү бир сезимге күң сезип.

* * *

Сары санаалуу күзүм келдиңби,
Сен келгенче көптү жоготтум.
Арман менен бүттү сездиңби?
Аягы бир сүйүү жомоктун.

Сыртым жапжаш билбейт муң кайгы,
Дилим болду кемпир кейикчээл.

Жан-жүрөгүм абдан картайды,
Эмки күздө жаштык алып кел.

* * *

Канча ирет жүрөк мертинди,
Чымыркана кайра айыктым.
Кыйдың далай кырчын сезимди.
Куну эле бул кайсы айыптын?!

* * *

Абалым оор өзүнө деген кусадан,
Көрүп кой келип, ооруну көрүү сооп иш.
Дарылан дебе, ал куру бекер убараң,
Дабасы жалгыз - жолубуз болсун кесилиш.

* * *

Бир түпөйүл жанчат дилди басынтып,
Санаа эзет кеч күздөгү булуттай.
Өзү билбей сагынткан бир пенденди,
Өтөт окшойм бир өмүргө унутпай.

* * *

Сиз жөнүндө жазам али көп нерсе,
Тил билбеген сүтак угуп ыйлаган.
Ырдан жасайм эбегейсиз гүл десте,
Алакандай тар ааламга сыйбаган.





* * *

Алыссыз азыр болгону, балким, экөөбүз,
Жаш айды анан, жылдызды чогуу көрөбүз.
Эл-жерди эстеп кейисе сиздин дилиңиз,
А менин дилим кууураган чөптүү сары аңыз.

* * *

Бактымдын терезесин сынып калган,
Жылуулап далдаалайсыз сезим менен.
Ичтеги зор сүйүүнү өчпөй жүргөн,
Жашырам неге өзүмдөн, неге Сизден.

* * *

Алыстан көрүп койсом жетет мага,
Ай, жылдап уу жуткурган караанынды.
Түшүнө кирсем керек түн кур эмес,
Сен мени түш көрүүдөн тажадынбы?

* * *

Чабарман шамал айдайт жалбыракты
"Күз пааша сени алып келгин деди"
Пас болбой күндүк өмүр сурап андан.
Бир ырга из калтырат сезимдеги.

* * *

Кирпигимден секин өөп сурадың
"Көзүңдө не күлбөс муңдуу кайгы бар"

Көңүлгө алба, жубатпа да, сооротпо
Жалгыздыктын жанга баткан изи ал.

* * *

Мен Сага келдим өчпөс сезим болуп,
Сен менде жаша менин өзүм болуп.
Экөөбүз бир бүтүнгө айланалы,
Жашоонун башталышын, түбүн кошуп.

* * *

Кеттим сенин жашооңдон, күдөр үз.
Бир көрүүгө зар болоорсуң караанымы.
Сыздайт дилим наристедей күнөөсүз,
Мен сени эмес, сүйүүбүздү аядым.

* * *

Мен сизди такыр сүйбөй калуу үчүн,
Өзүмдү курмандыка чалган элем.
Ансайын сүйө бердим, жетпей күчүм,
Аттиң ай, баары алдоо, жалган белем.

* * *

Оорукчан да болдук жүрөк, ыйлаба.
Мындай дарттын дабаасы жок айыгаар.
Мен өлгөндө бул сүйүүмдү артымда,
Сүтак болуп учуп кеткен ыр улаар.





* * *

Өчтү дегем муңдан бүткөн сезимдер.
Сизге окшошту кеч күз көрүп көчөдөн,
жаралуу дил бир зыркырап алды. Анан,
сагыныч ыйын ыйлап турду бүт денем.

* * *

Жан-дүйнөм чаңкаганда суусун сунган,
Сиз менин сезим деген мөл булагым.
Күтүүмдү үмүт менен тычтандырган,
Тилегим, турмуштагы жогум, барым.

* * *

Күр-шар түшкөн деңиз толкуп дилимде,
Солк эттире жүрөгүмө урунат.
Толкундардай кубалашкан сезимдер,
Жашайт дилде сүйүү деген жолду улап.

* * *

Тагдырына кирип келчү капылет,
Бир керемет күтүп ичтен тымызын.
Эртеңдерге үмүт артып, бак тилөө,
Узун түндө эрмеги экен жалгыздын.

* * *

Кечээ батпай өзүнө өрөпкүгөн,
Жүрөк бүгүн араң жан муздак кагат...

Кабары жок адамзат көйгөйүнөн,
Мен суктанган чымчыктар канат тарайт.

* * *

Сиз мени ойломоксуз азыр кайдан,
Дербиштей тентип жүргөн турагы жок.
Дүйнөсү ээн кокту кар көчкү алган,
Жат көздөн коргоп, сүйүп тураары жок

* * *

Жалгыздыктан жабыркады жүрөгүм,
Оорулуудай муздак карап жашоого.
Көңүлдөгү тоңду эритчү тийбей күн,
Тентип кетким келет жакка баш оогон.

* * *

Дилдегини ачык айтпай бук болуп,
Коштошобуз сөздөр калып кийинге.
Көкүрөккө барат күйүт жык толуп,
Артып алдык оор жүктү ийинге.

* * *

Кыялыма дүрт зткен от жагышып,
Чакырышат ак көбүктөй булуттар.
Жылдыздарга шыңгыр бокал кагышып,
Айда олтуруп жалгыз шарап ичким бар.





* * *

Унчукпай бөлүнөбүз дил чыркырап,
Жанымды өрттөйт көңүл кусалыгы.
Белегиң жалгыздыкты бек кучактап,
Чилдеден үшүп, күтөм көктөм жазды.

* * *

Канча түндү көз жаш гана узатып,
Канча таңды көз жаш тосту шор маңдай,
Каткырсам да шаңдуу күлкүм таш жарып,
Көзүм калды жаштуу бойдон жылмайбай.

* * *

Жүрөгүмө бүткөн муңум дил толгоп,
Ээлеп алдың мен жашачу жылдарды.
Маңдайыма бүтүп калсаң куп болмок,
Бирге көрүп баткан күндү, түндү, айды.

* * *

Падышасы жан - дүйнөмдүн көк чаңкай,
Каалаганда дарбазасын ача алчу.
Өчүп барат буйругуңсуз бут баспай,
Жолдун изи жүрөгүнө мен барчу.

* * *

Сагынычым - жүрөгүмдү чарт тилген,
Күндөрүмө сүрткөн түрдүү боёгун.

Пайгамбарым - мен сыйынып, мен билген,
Ташбоорум - чегин билбес кыйноонун.

* * *

Сен билбегин, кыйналганым мен кантип,
Сагынганын зилге чөгүп жүрөгүм.
Сен билбегин, ыйлаганын дил жашып,
Көрбө азыр, азыр абдан жүдөөмүн.

* * *

Бир көрөбүз жаркып чыккан ай, күндү
Бирок, бирдей муңга толбойт дилибиз.
Сенсиз жашайм бир жашачу өмүрдү,
Жаңылыштык айтчы деги кимибиз?!

* * *

Бадамдуу талаа, жылдыздуу асман, тентек жел.
Талашып менден сылаган сенин чачыңды.
Шыбактуу адыр өчпөдү бекен сезимден,
Айлантат бекен карекке мендей жашыңды?

* * *

Сапсары көйнөк жамгырлуу ошол ыйлаак күз,
Унутулган чыгаар, а балким, түштөй сезилээр.
Чубалган жолдо бооруна кыскан үн - сезсүз,
Мен үчүн ыйык, мен үчүн Меке ошол жер.





* * *

Гилас гүлү, анан асман көгүлтүр,
Түбүндө анын ыктап турдум сизге мен.
Айтса бирөө "Баш коштуң" деп, "сүрөттө",
Жинди болгум келди дароо ишенген.

* * *

Көз жумган тунгуч сүйүүм ууз бойдон,
Азаңды жылдар өттү унутпадым.
Чөп баскан суз мүрзөңө келет сезим,
Артынып оор жүгүн муң, кусанын.

* * *

Жарымдан тумчуга жашырам,
Дилдеги айыккыс жараны.
Дале өчпөйт көңүлдүн мизинен,
Эч кыйбас бир жандын карааны.

Кем ырыс үмүткө ууланам,
Кур бекер жылдарды уурдаган.
Сүйүүмдү дил канап аяймын,
Энедей майыбын кыйбаган.

Мага жат кыялдар жетектеп,
"Сиз" мунун баарынан кабарсыз.
Жүрөгү деңиздей аялды,
А балким, унуткан чыгаарсыз...





* * *

Сиз жөнүндө кабар угуп капыстан,
Жан-дүйнөмдү кетти сагыныч, муң чайып
Жүрөгүмө катып жүргөн тумардай.
Өткөн күнгө карап алдым кылчайып.

Карадым да, көрдүм сары аңызды,
Кыштын каарын ташыйт шамал боздогон.
Жүргөнсүйбү тээ алыста бир караан,
Тагдыр жээрип бактылууга кошпогон.

Карадым да көрдүм жалгыз карaанды,
Тагдыр жээрип бактылууга кошпогон...

* * *

Ак шоокум түн дале эсимде,
Жүрөккө делгирүү чакырган.
Жаз эми жаш кыздай кыялкеч,
Көйнөгүн кийди эле жашылдан.

Бороондуу деңизде кайыктай,
Жүрөктөр урунуп көөдөнгө.
Турбадык беле эч кайыкпай,
Корунбай суук көз көргөнгө.

Думуга аптыккан алоо дем,
От болуп бүркүлгөн жүзүмө.
Андагы Ош түнү тумандуу..,
Дагы эле дем берет дилиме.





* * *

Манжаларым сүйүп терет номериң,
Тыңшайт дилим жумшак үнүң сагынып.
Узун гудок ыйлачудай солуктайт,
Ээн үйгө шоокум салып жаңырык.

Шыңгыраган жылаажын үн делбирей,
Бөлмөлөрдөн шашып издеп караанын.
Костюмуңду сылайт кеткен сен кийбей,
Өөп өтөт сүрөтүңдүн жамалын.

Таппай анан, шуу үшкүрө томсоруп,
Башын катат үн түтүктүн бооруна.
Кайда жүрдүн экен мынча кеч калып,
Терезелер телмиришет жолуңа.

Кирип келчи, күлүп ийсин үй ичи,
Жазгы муздай чарт жарылып жалгыздык.
Унутулуп көз ирмемге тирүүлүк,
Унутулуп кара өзгөйлүк, арсыздык...

* * *

Ааламга жаз, мага күз келип,
Бариктери түшөт сезимдин.
Сурабачы дилим кейитип,
"Күз чакырган сенин Сизиң ким?"

Жанга айтылбас ал бир арманым,
Эскерүү да оор аябай.
Дилден орун таппай алганым,
Дүйнөм бопбош.., ээн талаадай.

Макул болгон менен акылым,
Жүрөк койду кабыл ала албай...





* * *

Эл дебей, эрөөн дебей башты байлап,
Багынгым келип жүрөт өзүңүзгө,
Баш ийбес шариятка, кудайыңа,
Бир улуу сүйүү күтүп ушул күздө.

Келиң "Сиз" өзүм батпай өз дүйнөмө,
Делбиреп тосуп алам түн оогондо.
Агай ов! Ай төгүлөт көздөрүмдөн,
Нуру өчпөс жылдыз түнөп жүрөгүмдө.

Карылуу кучагыңыз алсыратып,
Жибимден бермет болуп үзүлөйүн,
Эркиндик бир сайрандап алсын кургур,
Унутуп аял арын, дүйнө көйүн.

## АСЕЛ ЖУМАТАЕВАга

Эсимде, көк пальточон секелек кыз
Жупуну, нурдай таза, жакын дилге.
Эң кедей, бирок, ысык жашачубуз,
Эртеңдер максатка бай эмес беле.

Келечек үмүт менен коштолчу анда,
Сыйкырдуу күндү күтчү жаш жүрөктөр.
Ар кадам жаап турчу аппак кардай,
Көңүлдү дегдеттирген ак тилектер.

Анда сен тентек элең, баёо элең,
Жигиттер бүт сүйөөрүн самачусуң.
Кыялкеч элең жаздай жаңы келген,
Чачыңды күндө жүз маал тарачусуң.

Азырчы.., колдон түшкөн бермет сымал,
Андагы сени таап таппай кетем.
Аттиңай, көп нерсени жууду жылдар...
Бактылуу болсон экен, болсоң экен.





# АЛГАН ЖАРГА АРНООЛОР

## 9-ИЮНЬ, ЖЕ, 1-ЫР

*(Бул ырды Исхагымдын атасы Максатка арнадым)*

Турмуш жолдо мага сапарлаш,
Түнт жолоочу сырын аз билген.
Тобокелдин арты шор болчу...
Күндөр коштоор ичтен сөгүлгөн.

Сапар алыс, багыт белгисиз,
Көөдөнүмдү күйүт муң тирейт.
Арзуу, Күтүү айылы эми суз,
Конок болуп келбес ак тилек.

Алыс калды карек кадашуу,
Сүйүү, кыял кечтим баарынан.
Үмүт, көз жаш, күтүү, адашуу,
Түнөп өтчү дилге үй курам.

Эң акыркы ушул сапарым,
Жалгыздыктан жаным бук болор.

Сурабаңыз эми кабарым,
Сиз бир арман дилде жоктолоор.

Жол жолдошум кечир сенин да,
Тагдырыңа салсам жарака.
Бирге издейли... Бакыт бар дешти,
"Жок" дүйнөлүү алыс тарапта..

...Кеттим "Сиз" бар сүйүү журтунан,
А өзүмдөн кантип кутулам...





## 2-ЫР

Тешип чыгып камасам да тереңге,
Жүрөгүмдөн тамчы тамат акырын.
Ысык тамчы күйүт болуп өрттөйт не,
Кыйбайм "Сизди" сезим ханы асылым.

Өкүнүчтөн ыйлайт дүйнөм бук болуп,
"Сизге" эми жолугушат ойлорум.
Эске салат башымдагы ак жоолук,
"Сиздин" мага жаттан да жат болгонун.

Өзүмдү-өзүм байлап бердим тагдырга
Дил өрттөбөс муздак күндөр жай жылат.
Жүрөк байкуш тилинсе да, жок арга,
Басуу зарыл турмуш деген жолду улап.

...Алды жакта арманы арбын жол турат

## 3-ЫР

Суз тарттың неге, көздөрүң ойлуу,
Тымызын санаа кыйнайбы.
Таарынба.., дилим багынбай койду.
Кеткиим бар таштап бул жайды.

## 4-ЫР

Бакыттын жээги алыс көз кайкыткан,
Жетчү жолдор коштолгон бороондорго.
Сени дагы өксүттүм жакшы жардан,
Экөөбүз тең жалгызбыз өмүр жолдо.

## 5-ЫР

Сулуу көзүң кубанычка жык толуп,
А жүрөгүң элеп-желеп от болуп.
Кубандыра алдым бекен бир ирет?
Жан-дүйнөңө сиңип кетип жок болуп.

## 6-ЫР

Үзүлө албай үмүт-күдөрүм,
Алда неге сыздайт жүрөгүм.
Көнө албаган жайым турмушка,
Эркиндикти абдан сүйөмүн.





## 7-ЫР

Капылет, жай күнүндө толукшуган,
Жолуктум жазың, мүмкүн, күзүң болуп.
А балким, кыялыңда жасап алган,
Сезилдим издеп жүргөн кызың болуп.

Мен чыны сезим болуп келгим келген,
Кышыңды айландырган жаркын жазга.
Унуттуруп өткөнүңдү, кечээгиңди,
Ал турсун унуттурган ааламды азга.

Аттиң ай, анте албадым кечирип кой,
Жарымың, жакшы аял боло албадым.
Мен сенден талап кылып өтө көптү,
А өзүм азды деле бере албадым.

Мен чыны келгим келген сезим болуп....

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

*1999-ж.*

Кел Жаңы жыл, суз жылмайсам турбагын
Өт төрүмө, бул жылмаюу сага эмес.
Көнүлгө алба көзүмдөгү жаш тагын,
Сенден күткөн жакшылыкка сан жетпес.

Ырас, бир аз кейип турам, чарчадым,
Адамдарды түшүнө албай жанчылып.
Алган жардын дилин таба албадым,
Мунун баары оор мага канчалык.

Бир мен эмес, эч кимде жок дил бүтүн,
Мени кой да, элге келген Кызыр бол.
Үрөнүн сеп асыл максат үмүттүн,
Сенден кетсин жакшы күнгө узун жол.

Кел Жаңы жыл өт төрүмө, өтө гой!





## КЫЗЫЛ АЛМА

*(Кеч күздүн суук шамалы мекендеген ээн алма бактан табылган бул алманы шарактаган топ кыз бырча-бырча майдалап бөлүп, бир бөлүгүн мага беришкен. Ошондо алаканымда томсоргон бир тиштем алманы жегенге даабай койгонум эсимде.)*

Далдаалап өрт жүзүңдү калың бутак,
Терилбей жалгыз калган кызыл алма.
Сыртың чок, а ичинди үшүк чоолап,
Тагдырдан качтың беле окшоп мага.

Баладай сооротору жокко көнгөн,
Томсоруп дасторкондун көркү болбой.
Мупмуздак колдор жарып жүрөгүңдөн,
Бөлүндүң ыйлаганың эч ким билбей.

Кароого дилим түтпөй басып кеттим,
Шире эмес, акты мөлтүр ачуу жашың.
Баркына жете албаган улуу көрктүн,
Кечиргин пенделикти тагдырлашым.

## БИР КҮЗ

Ошол күздө..,
Бала кезден багып жүргөн аздектеп,
Таштап кетти баёо тилек ойдогу.
Ай унчукпай ичтен сызып "аттиң" деп,
А жылдыздар ыйлап жүрдү күз бою.

Ошол күздө..,
Хан сарайым жан дүйнөмдү көрктөгөн,
Талкаланды тумчуктурган чаң калып.
Жүрөгүмдө жоготуу, муң өрттөгөн,
Сезим жүрдү чарк көпөлөк айланып,

Ошол күздө..,
Аруу сезим, сулуу сезим от карек,
Шор пешене кайырчыга айланды,
Урандыны муздак шамал мекендеп
Оту өчкөн күл, саргайган журт тул калды..

... ошол күздө сүйүү өчүп дагы бир,
Дил сыздаткан жоктоо ыры ырдалды...
2002-жылдын күзү





## ЖЫЛ УЗАТУУ

Эски достой көз караштан түшүнгөн,
Сагынчымды, кубанчымды бүт баарын.
Назик дилге жөлөк болуп дем берген,
Жакшысы элең, жаркыны элең жылдардын

Сырдаш болдуң, сырдашчу жан көңүлдүн,
Бир бутагын кайрып басып кеткенде.
Мундаш болдуң жашын сулуу көзүмдүн,
Аарчычу жан менде жашап бүткөндө,

Эх, эмнесин, кайсы бирин айтайын,
Түкүргөнмүн "түү" деп сенин бетиңе.
Мага ишенбей калган кезде жакыным,
Сен ишендин эртеңиме, эркиме.

Дил майышып, жаш муунтат сезимди,
Коштошо албай турдук.., тоолор тунжурайт.
Жан пенде жок узатышчу өзүңдү,
Жерде экөөбүз, көктө жалгыз Ай турат.

Кайрылбайсың эми эч качан билемин,
Кетти сенде уйкусуз түн, ак таңдар.
Аткарылбай далай баёо тилектер,
Төрөлбөдү үрдөй кыздар, өрт балдар.

Канткенде да кайтпайм эми ыр жолдон,
Ташыркасам жардам сурайм Музадан.
Кош Эски Жыл, ии баса акыркы айтаарым,
Ыр таштап кет, али эч ким жазбаган.

***2001.22.12***





## МАЙРАМ

Бүгүн майрам, делбиреткен жүрөктү,
Менин болсо дилим сыздайт, аза күн.
Тандабады эч ким мага гүл көрктүү,
Сурабады ички дартын көңүлдүн.

Бул тагдырды, балким, өзүм тандагам,
Күнөөсү жок мында буйрук, жазмыштын,
Сындырса да улам туруп кайрадан,
Түтөм жалгыз сыноосуна турмуштун.

Уулум дагы жөлөк болбойт бүт өмүр,
Издейт ал да өз сүйүүсүн, бактысын.
Аман болсун, мындай дешим күнөөдүр,
Тагдыр берген белектин эң жакшысын.

Өттү майрам, өттү өмүр күнүмдүк,
Көз алдына бырыш түштү байкалбай,
Түгөнбөдү.., калды дилде бир үмүт
Эрте жазда шоокум салган ак таңдай.

* * *

Сан ойго салып жанды санааркатып,
Айылына кирип келдиң жан - дүйнөмдүн.
Уруксат, суроо-сопкут салган жоксун,
Аралай чаап дилдин эшик - төрүн.

* * *

Чагылган түшүп жүрөккө,
Будуң-чаң азыр ааламым.
Сыныгы калды дилимде
Бүтүрбөс оозун жаранын...

* * *

Бейкабарсың буулуумдан, кусамдан.
Жаздыгымда ачуу туздун даамы бар.
Үшүйт сезим жыртык көйнөк жамынган,
Жүрөгүмдө жаап жатат муздак кар





## КҮТҮҮ

Кызык, неге күттүм деги билбеймин,
Сени менен өтпөс балким, бир да кеч.
Тийип, бирок жылытпаган күндөйүм,
Тагдырымдан булут кетпей койду эч.

Ушул күндө бактылуудур башка аял,
Ким экенин билбөө уудур, мүмкүн бал.
Сыздайт орду жүрөктөгү жараттын,
Акчы көз жаш, дил оорусун жууп сал.

Эринимди кесе тиштеп үн - сөзсүз,
Ысып-күйгөн чекем жөлөп дубалга.
Тилдеп алып тагдырымды күнөөсүз,
Үмүт топтоп кирдим жетчү жыл - айга.

* * *

Кечир мени,
Өжөрлөнүп укпай акыл эсимди,
*Кайра сүйгөн жүрөгүмдү кечиргин.*
Жаш баладай кур кыялды эш тутуп,
Үзүлбөгөн күдөрүмдү кечиргин.

Кечир мени,
Сырын ачпас жүрөгүндөн жылт деген,
Жылуу учкун таппаганым кечиргин.
Оюнчугу сынып калган баладай,
Карегимди жаштаганым кечиргин.

Кечир мени,
Элестетип мүнөзүңдү, көзүңдү,
Узун түндө сагынганым кечиргин,
Өзүңө өмүр, оомат тилеп ишиңе,
Жаратканга жалынганым кечиргин,

Кечир мени...





* * *

Азат күнү келбес өрттүү кезимдин,
Ыры ырдалбас кумар ышкы коштогон.
Перзенти элек өлбөс аруу сезимдин,
Татый албай "Сиз" ге өзүм кош дегем.

Өттү ал күндөр кайталангыс, кайрылгыс.
Күтүү түгөйт күйүп шамдай акырын.
Бир কездеги өрттөй өжөр сары кыз,
Жашап калган жетегинде сабырдын...

## ТҮШ

Жылмаясыз, тик кароодон уялам,
Терезеге нур чагылып жаркыйт күн.
Көкүрөгүм сизден ыйбаа далдаалап,
Жаныңызда бала эмизип жатыпмын.





* * *

Мен сенден, сен менден тымызын,
Издейбиз бактынын ачкычын,
Күтөбүз үмүттөн, эртеңден,
Билбейбиз, а бирок, тапчу ким...

Ишенүү, айрылуу окшош жол.
Бастык биз аягы бүтпөдү..,
Тартылдык бейтааныш болсок да,
Үмөткөр пендебиз, анткени.

Мен сенден алыста бактысыз,
Сен менден алыста муңдуусун.
Тилектер эртеңге жетелейт,
Тагдырдын не дээрин ким билсин...

* * *

Сенден күттүм алда нени. Айталбайм,
эмне экенин, анткени өзүм билбеймин.
Көрбөй туруп караанынды.., көзүңдү,
Белгисиздик ааламына жүр деймин.....

Кетеличи, бир тобокел кылалы,
балким анда жашоо оор.., жеңилдир,
Кышы узак а мүмкүн, эч кыш болбос,
Жаз кетпеген талаа чыгаар мейкин бир...

Кайгы билбей, куса эмне таанабай,
Жалаң күлкү жашайт чыгаар ким билет.
Азгырат оу белгисиздик ааламы.
Билбейм, билбейм жүрөк недир делгирет...



## ҮЧҮНЧҮ КИТЕП

# ШООКУМСУЗ ТОЛКУНДАР

* * *

Далай жолу агын суудай сен мени
Өз жолуңдан алып салдың...
Жарга урулуп, кайра турдум...
Кансыраган, алсыраган абалымды,
Ташбоорум билем туйдуң...
А бирок,
Жээкте калган жокмун агындыдай
Кошо эле ага бердим,
Куду сенин бир өркөч агымындай...
Өжөрлөндүм, жээкке түртүлбөдүм,
Ансайын күчөп сүйүп...
Ансайын күчөп агып,
ҮМҮТТӨЙ үзүлбөдүм...





*Бул толкундар эбегейсиз чоң, чоңдугун ушундан бил, жолунда эмне жолукпасын баарын кыйратат. Бирок.., анын күр-шар түшкөн үнүн эч ким укпайт. Анткени, кубанычынан кайгысы, толосунан бөксөсү көп бу жалган дүнүйөң дүлөй...Шоокумун жан укпаган толкун гана жан алып, жан берип удургуйт. Кээде гана ыйлап-ыйлап чарчаган баладай алсыз солуктап, кыймылсыз бүк түшүп жатып калышат. Бул өлүк абал көпкө созулбайт, жаны жай албаган өжөр толкундар кайра баш көтөрүп, түрүлө толкуп кирет...*

* * *

Ыр түшүнбөс байкуштардан чарчадым,
Ырдын даамын, кудуретин туйбаган.
Сөз баалабас адамдардан дил ооруп,
Сөз баалабас адамдардан ыйлагам...

* * *

Канча жолу сөздөн алып жаракат,
Канча жолу сөздөн турдум, жыгылдым.
Кайран гана далай жакшы сезимдер,
Катуу сөздүн каарынан кыйылдың...

* * *

Көңүл бөксө, дилде өктө, жүрөк бош,
Эртеңдерде жашайт үмүт бир үзүм.
Сүйөм, ыйлайм, көңүл толкуп кубанам,
Мен, анткени, жашап жатам тирүүмүн

* * *

Кызганам сени баарынан,
Кашайгыр, сүйөм мынчалык.
Кете албай, же бир кала албай...
Кырчылып жүрөм кыйчалып...

* * *

Карегим ыйлабай тиштенип,
Эриндер бир сөздү жашырат.
Жүрөгүм буулуга тумчугуп,
Белгисиз көктөмгө чакырат.

* * *

Унуткум келет баарын,
Болгону койбойт жүрөк,
Зыркырап сагынганын.
... негедир,
мен сизди.., унутпадым..





* * *

Аарчыба көз жашымды, алаксытпа...
Жан жокто ыйлап алгым келип турат.
Аялуу үмүтүмдүн жүрөктөгү,
Дагы бир пайдубалы түштү урап...

* * *

Аралык алыстыгы жанды кыйнайт,
Арuузат сезимдерден кубат алам.
Асырап, калкалай көр канатына,
Жараткан сага аманат жаркын адам...

* * *

Биз алыспыз, бирок, чогуу көрөбүз,
Сулуу айды, жылдызы көп асманды.
Карегиңе жаш айланып муңканба,
Асылкечим, жолугууга аз калды.

* * *

"Унутам" дедим тирүү отко күйүп.
Мен сени унутпасым билип туруп,

* * *

Аппак кар аппак үмүт, ак тилектей
Күмүш нур, жылдыз болуп себеленет.
А бирок, эртең ушул ак тилектер
Канчанын бут алдында тебеленет.

* * *

Жол карап, жаш баладай күттүм кечир.
Баарына, сен суранбай түттүм кечир.
Канча ирет шам өңдөнүп өзүмдү өрттөп,
Сени да ошол өрткө түрттүм кечир..

* * *

Калдаңдап жааган сары жалбырактай,
Көңүлдүн үзүлүүдө бариктери.
Кеч күздүн куюнуна минип алып,
Негедир алыс, алыс кетким келди...

* * *

Буулугуудан кээде дилим бук болуп,
Терезеден карайм шаар отторун.
Муздак баары, анан дагы муңдуудай,
Туулган жер жылуулугуң жоктодум.

* * *

Токтобо, токтой көрбө чыда жүрөк,
Алдыда жароокер жаз, жаркын көктөм..
Жамгыры суук күздүн өтүп кетет,
Дил майрам келет ишен, арзып күткөн.

* * *

Аз калды биздин көчө майрамдачу,
күндөргө. Унуткарып кусалыкты,
Жамгырдай төгүлөлү ошондо бир.
Ансыз да экөөбүзсүз күндөр акты...





* * *

Кабарың жок, түн созулуп кылымга,
Карегиме коркуу менен муң чөктү.
Жылуу сезим көз жаш менен сарыгып,
Дилге дагы бир жарака из кетти...

* * *

Көңүлүм ыйлап жатат...
А жүзүм күлүп турат,
Түтүнү сыртка чыкпай,
Жан-дүйнөм күйүп турат...
НЕГЕ???

* * *

Жүрөгүм кусалыктан ыйлап жатат,
Баладай апакеси зарыктырган.
Мен азыр сагынычка түтөп быкшып,
Мен азыр сагынычтан жанып чыгам...

* * *

Дилимде муң, көңүлүмдө кусалык,
Абдан, абдан ооруп турат жүрөгүм.
Учуп кетким келди ааламга эч ким жок,
Ыйдан турган жашоо сенден жүдөдүм...

* * *

"Майрамың менен!" дедим ичтен гана,
Купуя каалап сага аруу тилек.
Карачы кандай арман, жадагалса,

Каалоону ачык айтпай, катат жүрөк...

* * *

Унчукпайсың билбейм нени ойлоорум,
Көңүлүңдө эмне жүрөт удургуп.
Эмне дейин барлыгыңа каниет
Аман болсун Сезим деген улуу журт...

* * *

Шыбыртынан шамалдын үнүң угам,
Жалбырактар дирилдейт сени сурап.
Күн кызарып батты ыйлап сени күтүп,
А булуттар кете албай дале турат...





* * *

Нур дегим келди сени эмнегедир,
Дилиме жарык берген жалгыз үзүм.
Түбөлүк, балким мейли азга келген,
Бактысы болуп жүрбө ушул күздүн.,

Нур дегим келди сени эмнегедир,
Муңайган ууртума күлкү сүрткөн.
Саргайган жалбырактай суз көңүлдүн,
Жамгырдай чаңын жумшак жууп кеткен.

Нур дегим келди сени эмнегедир..,
Жүрөккө сураттырбай кирип келген,
Кечигип келдиң неге көп күттүрүп
Аттиң ай өмүр ирмем, өмүр ирмем...

## БОЗ ТОРГОЙ

Ааламга карап коноор жай таппай,
Арзуусун ичте аярлап сактай.
Каалгыйт торгой, армандуу торгой,
Уучка толбос жалганга сыйбай.

Дирилдейт канат, ыр толгойт жүрөк
Бой таштап көктөн агылган суудай,
Атылат кайра асманга карап,
Түгөйүн күткөн армандуу куудай.





## ЖАҢЫ КӨЗ

"Ыңаа, ыңаа...", чарт жарылды тирүүлүк,
Келди ааламага жаңы АДАМ өкүмдар!
"Уучумда болсун Жер, Тоо, бүт дүйнө,
Бер бардыгын жарыкчылык, эмнең бар?!"

Мындай буйрук кошо агып суу менен
Жер жүрөгүн бир силкинтип өттү да.
Тал-теректин тамырында сүт ийип,
Жел акактап сүйүнчүгө кетти ана!

Тоо кубанып жентек берип жылдызга,
Көктөн Ай, Күн, Жылдыз төгүп мээрим нур.
Кучакташып улуу тоону булуттар,
Кубанычтан ыйлап алды ак жамгыр.

"Ыңаа, ыңаа..."!!! Келид ааламга жаңы көз.

## МАМЫРЫ ГҮЛҮ

Көзгө комсоо, жупуну тоо гүлдөрү,
Угуп турам сокконун жүрөгүңдүн.
Ала келдиң үйүмө өзүң менен.
Тазалыгын мөңгүнүн, табын күндүн.

Мен да сендей тоодо өскөм качандыр бир,
Үзүп келип жетишпей кадырыма,
Таштап салган тамыры, таяры жок,
Шаар деген мупмуздак, ушул жайга.

Али унутпай сагынам айыл жытын,
Таңда ашыгып ташыган булбул ырын.
Шүүдүрүмдүн даамын туям дале,
Түштө көрөм андагы күндүн нурун.

Унуталбай койдум эч унута албай,
Улуу тоонун добушун күңгүрөнгөн
Кулагыма угулуп кетет кээде,
Дайра үнү таш ташып дүңгүрөгөн.

Эми экөөбүз шерикпиз, тагдырлашпыз,
Бирге эстейбиз өткөндү арман менен,
Айырмабыз - сени үзсө мага арнап,
Мени үзгөн адамдар "өзүм" деген.





## АСЕЛГЕ

*(Бул кичинекей кызды Сибирден кезиктиргем. Чыканактай кыз Сибирдин суугунда соода кылып, атасы таштап кеткен майып апасын, эки кичинекей сиңдисин, карыган таенесин бакчу)*

Муштумдай жүрөк сымал дир-дир каккан,
Жупуну турпатына дүйнө баткан.
Боз чымчык булбул кушту эстей берем,
Көзүңдү көргөн кезде аалам жаткан.

Бул көздөр али сенин курагыңа,
Төп келбес оор санаа ойду катат.
Бул көздө ата-энеге багышталган,
Бир куса, анан чексиз мээрим жатат.

Ичинде майдасына көңүл бурба.
Ишенгин, адам асыл, адам улуу.
Түбөлүк Асылдыктар гана калат.
Жоктук, муң, байлык баары убактылуу.

Ишенгин Адам асыл, Адам улуу.

## КЫЯЛКЕЧ ТҮШ

Түш көрдүм... Түн кызымын Чолпон жылдыз,
Сен күйөө Көктүн уулу Таңсың нурлуу.
Жымындайт курбуларым жылдыз кыздар,
Шок Шамал күйөө жолдош ызы-чуулуу.

Суйкаят Булут жеңем кербезденген,
Жол тоскон дарактарга жолдук берип.
Булбулдар таңдай безейт, гүл сулуулар,
Шыкаалайт "келин көрөт элек" дешип.

Жер Эне чачат тойдун чачыласын,
Апакем АЙ муңаят ичтен сызып.
Чагылган кыйбай асем карындашын,
Чартылдайт шылтоо издей каны кызып.

Бакалар жар-жар айтат жаны калбай,
Камыштар шыпшынышып ушакташат.
Көл кары ойго чөгүп күңгүрөнө,
"Шарп" серпип этек жеңин, карек жаштайт.

...түш көрдүм, кыялдарга жетелеген,
Түйшүктөр көз ирмемге унут калып.
А балким, эртең баары өзгөрүлүп,
Күн чыгаар бир башкача жарык жанып.





## БИР ЖАЗ

Унутулбады көз ирмемдик ошол жаз,
Жамгырын айт көктөм бою жүдөткөн,
Күн күлдүрү жүрөгүбүз, а сезим,
Асан-Үсөн көпүрө эле биз өткөн...

Эл шашса үйгө а экөөбүз далдаада,
Өбүшчүбүз жамгыр көзүн күйгүзүп.
Көчө баткак, гүл таажысы, дарак суу,
Колдор муз-таш, а каректе күн күлүп.

Бизден кийин уйпаланган тулаң чөп,
Жаткан бойдон жаз, жай, күздү узатчу.
Булут төшөк орунушкан чокулар,
Таңда уйкулуу көзүн ачпай күн батчу.

Кайда ал жаз, кайда андагы боз улан..?
Ай бейтаалай унутпадың шол жазды.
Ойлойм минтип "адам деген шордуунун,
Бар бактысы өмүрдөгү бир жазбы..?"

* * *

Жалбырак жааган көчөдө,
Жапжалгыз келем маанай суз.
Бир жанды күткөн зарыгып,
Апкелээр бекен ушул күз?

Мен күткөн адам болгону,
Жалбырак болбос күздөгү,
Калбаса боштук.., анан да,
Куураган бутак дилдеги...





* * *

Төгүлөт муздак жамгыр көчөдө күз,
Негедир жаздын жыты келет дале.
Тумчугат боз туманга айлана суз,
Капырай, кечээ эле жаз эмес беле.

Дарактар сары көйнөк кийген ойлуу,
Карыдай качанкы ырды кайрыйт токтоо.
Бул ырда жаздын деми, күздүн муңу,
Анан да бариктердин ордун жоктоо.

* * *

Күнүм...
Не жүзүң булут тосуп,
Үшүтөсүң дилимди чыйрыктырып..?
Нуруң күтөм, шооласы көз уялткан,
Жарыгым...
Жарк дечи жан кыйнабай буулуктуруп...

* * *

Унчукпа..,
унчукпоо да кыйын билем...
Жүрөктүн тумчуктуруп кыйкырыгын.
Жазы арман, жайы ыйлуу, күзү күтүү
Кантейин оорлугун... ушул жылдын...

* * *

Бүгүн түнү түшкө кирчи...
Жалбырак жааган жолдо катар басып,
Тигилчи көздөрүмө...
саамайым коомай сылап учкан барик.
Ыйласын ошол түштө,
кирпиктерим кусадан катып калган.
жуулсун көз жашыма,
Көөдөндү ээлеп алган күтүү.., арман.





* * *

Эшигиң кагып турам...
Жүрөгүң ичкериде..,
текшерип чыдамымды, үнсүз тыңшайт.
Тук-тук...
Дербиш келди сүйүүңдөн кайыр сурап,
Сыртта суук...
А кайырчы күтүп турат.., күтүп турат...

* * *

Жалгыз караан, жалгыз булут, жалгыз жол,
Үчөө барат бирин-бири толуктап,
Тагдыр кыйшык болбосо эгер мынчалык,
Бирине күн, а бирине жолоочу,
Жалгыз жолдо бирге басчу жолукмак.

* * *

Ошол күз дал сиздей токтоо болчу,
Бараандуу анан...
А жазы ошол жылдын...
Дал мендей ойноок эле...
Шамал менен жарышкан тентегин ай...
...алыста калган күзүм,
өмүргө кетпей калган изин салган,
сездиңиз бекен түштө аян берип,
Ал жаздын кыш болгонун...
Гүлдөрүн үшүк алып,
көөдөнүн кар каптаган...





* * *

Кайдасың...???
Андагы эси жок күз, кыялкеч күз,
Дал биздей ой-санаасы сүйүү гана....
Күлкүчү күз..,
алтын түс сары чачтуу
Негедир караан үздүң алда кайда..?

Бактылуу күз, кубанчы жүрөгүмдүн,
Жүрөсүң Бакыт болуп кайда, кимге?
Сүртүлүп кайсы көзгө..?
Кел кайра каткыралы,
кайрылып жарыгы көп жаркын кезге...

Каткырык коңгуроодой шоокум салып,
Ойготсун сезимдерди уктап калган,
Эске салсын Жүрөктө анын барын,
Карегимде жүргөнүн көз жаш болуп,
Күдөрүм төшөп күтүп зарылганым...
Кел кайра каткыралы эси жок Күз...

* * *

Өзү өскөн идишке сыйбай калган...
гүл сыяктуу...
Жүрөгүм сыйбай калды бул ааламга,
капкара боёгу көп,
Өз денеме,
кубаныч түнөк кылбас, бактысы жок.
Сүйгөндөргө..,
баалабас сезимдерди, кытмыр тиктеп.
Тилектерге..,
мезгилдер салган тепсеп.
Жүрөгүм сыйбай калды...





* * *

Турпатың сөөк эмес, эт да эмес,
жүрөк бүтүндөй.
Дирт эткен
ар бир сөзгө бой салып, туюп демин...
таарынып ыйласа да,
Турду айланып...
ыйлап алып жакшы жаман сөзүңө сенин...
Барлыгың, таарынтканың..,
... демек тирүүлүм ошол менин...

* * *

Саргайган жалбырактай жүрөгүмдө
Бир кыйноо турат азыр...
Күз келди күндөрүмө...
Каректен жашым мына.., кулайт азыр

Сыздаткан дил оорусун,
... чыгарбай тумчугамын
Жаш кезде сезбептирмин,
Өмүрдө күздүн барын...





* * *

Жалгандын өзү күз го,
Саргайды ой тилектер,
Негедир баары суз да, түшүнүксүз...
Жүрөгүм оор баштык,
Ичинде санаа, арман, күтүү толо
Сыягы биз адамзат,
Баригин күүп бүтпөс коңур күзбүз.

* * *

Сен жөнүндү ыр жазуу азап мага...
кусасың арылбаган..,
тилексиң наристедей,
Шору арбын апакеси туубай калган...

Сан жылдар жүрөгүмдү сүзөктөтүп...
жарасың жарылбаган..,
дарысы табылбаган...
А бирок, күнөө жаным,
Ыр жазбоо сен тууралуу.
Мен -
МЕН болбой калмакмын сагынбасам..!





* * *

Жашагым келген...
Кадимки аял болуп кадимки эле,
Сагынган алган жарын...
Ыйлаган кызганычтан,
Кубанган белегине.
Чыдаган азабына,
кечирген жакшы-жаман баарын, баарын...

Жашайм азыр...
Жашоодо жалгыз аял, турмушумда...
Үмүтмүн жүрөгүңдө,
кыялга оозандырган,
Бактыңмын купуя аалам,
сен гана башбага алган,
Анан да жанга айта алгыс,
... шорумун аялыңдын арылбаган

* * *

Сен кеттиң,
келбей туруп.., коштошподуң,
Ал турсун жолукпадык...
Төгүлдү жалбырактай тилектерим
Күн-түндү коштоп алган куру үмүт
Күтүүнүн күзү болду быйылкы күз,
көрбөдүм көзүң кандай..,
сулуу чыгаар..?
Үмүтүм чекке жетти
жардан кулаар...

* * *

Zhanna Eleusiz
Сен кеттин...
Кеттин келбей?
Костаспадын.
Шашылды жапырак боп Киындымыз.
Кундерим тундериммен астаскалы
Кутудиң Кузи болды - биылгы Куз...
Кормедим. Козиң калай?
Сулу ма али...
Умитим бара жатыр сынуга, ани...
***(Айжаркын Эргешовадан аударма)***





# АНКАРА КАЙРЫКТАРЫ

* * *

Кыргызстан сенде туулуп, сенде өскөн,
Кулунуң башка жерде тосту көктөм,
Сендеги жазга окшоп окшобой да,
Көңүлдө бир көксөө тур.., толбой бөксөм.

* * *

"Негедир жаз кечикти зарыктырып",
Ушундай кабар алдым мекенимден,
Мен жазды жүрөгүмө катып алып,
А балким, өзүм менен ала келгем.

* * *

Көктөм жаз, делбир жазым, кыялкечим,
Таарынтып койду сени кандай наадан?
Гүл көйнөк кийип алып кирип келчи,
Кубанып ыйлап ийсин жер жана аалам!

* * *

Быйылкыдай күтпөгөнмүн жаз сени,
Жүрөгүмө күтүү толуп, бук толуп.
Сенсиз баары супсак экен, бош экен,
Жокмун азыр... келсен калам бар болуп…

* * *

Мекенден алыстамын, дилим анда.
"Сулуу жаз келсе экен" дейм көңүл көксөп.
Ансайын зарыктырып жаз кечигет,
Кантти экен, байчечекей, көк майсан чөп..?

* * *

Билбей такыр жакын кезде кадырын,
Катуу айттым, пенделиктир.., күйүктүм
Азыр сезди жетим тайлак көңүлүм,
Мен досторсуз, тоосуз калган кийикмин...

* * *

Түшүмө кирбейсиң, же.., унутул биротоло,
үмүткө оозандырбай жүрөгүмдү.
Бир күндө бир гана ирет эстеп койчу,
Баладай томсортпостон тилегимди.

* * *

SMSтер келет сенден күн сайын,
Жылуу сезим, зор сагыныч жүктөгөн.
Канат байлап менде жүргөн сүйүүдөн,
Учат сага дал ошондой жүк менен…





* * *

Чарчадым кеттим дедим,
өзүмдөн кете албадым,
Чийе албай койдум сени жүрөгүмдөн..?
Көөдөнүм ээсиз журттай.
Ийи.., жаным сыздайт.
Тамчы жаш кирпигимде.., дилимде сен......

* * *

Асылым, арзуум менин арманым оо,
Жашаган карегимде көз жаш болуп.
Тамасың кирпигимден жүрөгүмө,
Сен мага көкүрөктө гана жолук.

Көөдөндөн эч ким көрбөйт экөөбүздү.
Болсок да кандай кейипте, кандай көйдө.
Жашоодо дил ооруту бир болгончо,
көөдөнүң өрттөп өтөөр арман өйдө...

* * *

Сагындым сени, сагынган жакшы экенин,
Сездим да анан, кусадан үнсүз ыйладым.
Жаман деп айтат ыйлаган деги кыргызда,
А менин келди сен үчүн жакшы ыйлагым…

* * *

Мейли үн катпа, кабар бербей жазала,
Дилим күйүп сапырылсын ааламым.
Бир жакшы ырга себеп болот а балким,
жалгыз жанды миң азапка салганың...

* * *

Ушу азыр ичимден кыйналып...
Ушу азыр күтүүдөн чайналып..,
турганда. Сен кайда, кимге ов,
жүрөсүн нур болуп ак жарык..?

* * *

Жаз жытын турпатыңа,
Жашылын карегиңе,
Жамгырын жүрөгүңө,
Чөгөрүп алып анан...

Бирөөгө арман болуп,
Бирөөгө караан болуп,
Кыйноочум жүрөсүң ээ,
Кабарсыз азабымдан...

* * *

Көзүм күлүп, жан жүрөгүм капырай,
Ушул күздө күлбөй койду негедир,





Кусалыкка көөмп коюп жүрөктү...
бир асыл жан тээ алыстан себет нур.

* * *

*Жүрөк шар менен эки адам учуп баратат. Бири эркек, бири аял... Экөө бирин-бири тааныйт болду бекен, же экөө эки башка жанга учуп баратабы..? Менин да сен бар жакка учкум келди...*

Умтулуп көз жетпеген кыялдарга,
учкум бар жетегинде жүрөк шардын.
А балким, күн түнөгөн ошол жакта,
башкалар окшой албас өзүң барсын..

* * *

Жаныңда жалбарамын карегиңе,
Чачыңды сылайт ысык алаканым.
Туямын энтиккениң кулак түптөн,
Угамын жүрөгүңдүн туйлаганын...

Кучагың алсыратып.., калтыратып,
Унутам өлүм барын, арман барын.
Жумулат муң түнөгөн каректерим,
Төгүлөт далым ылдый кундуз чачым.

Дилимди мемиреткен коңур үнүң,
Добушу кеч күздөгү каркыранын...
Шыбырың көл шоокуму, а колдоруң,
Дарысы арманы арбын жалгыз жандын...

А бирок мунун баары кыял жаным,
Мен муну туйган кезде ыйлап алдым...





* * *

Эсиндеби, жамгырлуу кеч күз эле,
Биздин каттар агылган кез сыр ташып.
Көчө сары, көкүрөктө жаз эле..,
Ошол көктөм тез бүттү не мынчалык...

Кол чатырым бош ташталып тек гана,
Каттын деми калкалачу жамгырдан.
Алыскы күз жытың кетпейт дагы эле
Суу сарыккан көйнөгүмдөн, чачымдан,

Биздин каттар сээлдеди… Кур намыс,
көкүрөктү бырча-бырча тилип тур...

Жообу жок умсунушкан каттарым,
Ай ошондо телмиргени жолуңа
Калка болоор табылбады кол чатыр,
Көз жашыма, кусалыкка, шорума...

Көрсө, бизди тосчу тура катчатыр…
Сагынычтан күтүү менен коштолгон.
Тамгаларда калган ошол сүйүүнү
Суук көздөн далдаалай көр… Кош болгун!

## САГЫНЫЧ

Мында деле көчмөн булут көк кезип,
Жел акактап ары-бери сүрдүгөт,
Таңды ээрчиген Күн батышка жол тартып,
Кызгыч булут көшөгөлөп кеч кирет.

Бирок, мында кылым кечип ашыгын,
Издеп күйгөн күкүк үнүн укпадым...
Түркчө сүйлөп түшүркөдүм, а бирок,
Кыргыз жери түшкө кирип уктадым.

Кыргыз Жазын, кыргыз Жерин, кыргыздын,
Бакылдашып сөгүшкөнүн сагындым.
Тоого кеткен чыйыр жолдо жалпайган,
Уй богуна келип турат жалынгым…





## АНКАРАДАН КАТ

Түшүмө кирдиң уулум. Маанайың суз,
көздөрүң ыйлагандай кызарыптыр.
Зыркырайт көкүрөгүм көңүл түтөп,
Түштөгү жүзүң дилим жаралап тур...

Кусадан меникиндей көздөрүңдү,
Толтуруп ысык жашка кылгыртпагын.
Сагындым мен да сени арaң жүрөм,
Сыр бербей чыдоону бил, үйрөн баарын.

Сен эми чоң жигитсин. Бул жалганда,
тосоорсун түйшүгү арбын далай таңды,
Түз карма ийиниңди, башың көтөр,
Кейитпе жашык, жумшак таятаңды.

Аялмын, мен ыйласам кечиримдүү,
Сен антпе, бала ыйласа ыйлайт аалам.
Өзүңдө үмүттөрүм, кайрат-күчүм,
Сени менен эртеңдерим, жаным балам.

* * *

*Кеч калуу...Өмүрдө ордун толтура алгыс кеч калуулар болот. Ошондой кеч калуу дал менин башыма келгенин быйыл түшүндүм. Түшүндүм да, ааламды селт эттирип чаңырып – чаңырып ыйлагым келди. Убагында атам менен апама кийгенге, кенен жеп-ичкенге мүмкүнчүлүк бербедик...Ал эми, азыр жейин десе тиштери жок, кийейин десе кийим андагыдай жарашпайт...*

## КЕЧ КАЛУУ

Кутманым апам, кутманым атам,
... үн катпай бараттыңар...
Далыңар бүкүрөйүп, ойлонуп алда нени,
Кундуздай бир креэдеги чачыңар аппак эле.
Колуңар калтырайт не, көтөрүп баккан мени...

Апамдын бакырайган, кирпиктүү сулуу көзүн,
Санаалар түнөк кылып,
миң бырыш желелептир.
Улакчы, балбан жигит.
Суктанган далай сулуу
келбетин атакемдин, шум мезгил тебелептир





Алдыда АТАМ, АПАМ.
Мен артта, мезгил артта.
көңүлдү жөргөмүштөй санаалар
чырмап кысат,
Кеч калдым көп нерсеге, АПА, АТА...
Чачылып дүйнөм бүтүн,
боштуктан үрөй учат...

Кымбатым атам, ыйыгым апам менин,
Бараттым артыңардан изиңер болуп баскан.
Уурдаган өмүрүңөр, кыярткан кырчын кезиң,
мен элем. Канткенде карызымды
кайтара алам...

Кымбатым атам, ыйыгым алтын апам...

## БАЯГЫ МЕН

Мен сенден күйөөрүмдү биле туруп,
Сүйгөнмүн үмүт артпай, тилек кылбай.
Качандыр бир кездерде көкүрөгүм,
Билгенмин бош калаарын аалам сыйбай

Канатым кыркылаарын кайсы бир күн,
Туйганмын карегиңди карап туруп.
А бирок уча бердим, учтум күн-түн...
Көз жеткис мунарыкка боюмду уруп.

Куладым анан ошол бийиктиктен,
Түбү жок туңгуюкка дүйнөм чөгүп...
Жок дегем.., көрсө үмүт болгон экен,
Жөлөдү эң акыры ошол келип...

Бир тилек жүргөн экен тамыр байлап,
Ал дагы калкып чыкты кыял болуп,
Экөөлөп анан мени колдоп турду,
Дүйнөмдө аңтарылган кыян алып.

Асырап калды мени жоголуудан,
Тилегим, үмүттөрүм кыярбаган,
Дагы эле өзгөрбөдүм. Баягы мен..,
кете албас сүйүү менен кыялдардан...





## ТҮШ

Кайрылгыс жомок кезди эске салып,
Түшүмө кирдиң бүгүн айсыз түндө.
Өзөгүм күйөт.., бирок кете албайм,
Алыскы-ы биздин аалам, биздин күнгө...

Жакшымдын баары ошол түштө калып,
Боштукта аңылдаган кууруламын.
Карттанган жарам сыйрып жөн кирбедиң..,
Көп сынып, ыйлаганым туйдуң жаным...

Жытың да ба-аягыдай, көзүң көрдүм,
Жашоодон турам азыр боюм үркүп.
Энтиккен таттуу шыбыр дале угулат,
Кусадар көкүрөккө жалын бүркүп...

Сени жок окшош күндөр коштоп алган,
Жалганга кайрыла албай онтойт көңүл.
Күйүтүм башым менен кошо жатат.
Бөксөсү толбой калды, кайран өмүр...

## ЖҮРӨКТҮН ЫРЫ

Кат жазды күнү бою, жандым кошо,
Өткөрдү мен аркылуу далай сөздү.
Түшүнө албай койдум анан недир,
Ыйлады жашка жууп кара көздү...

Жаш дагы мен аркылуу өтүп жатты,
Тызылдап күйүп турду бүткөн боюм.
Кызык ай, татаал мынча адамзаты,
Деги өзү аңдайт бекен каалоо, оюн..?

Көөдөндүн эшиги бар болсо эмне,
чуркабайт белем кезип ай-талааны
Бугумду айтып ыйлап алсам дегем..,
менчилеп бырчаланган жүрөк барбы?

Сеземин, тээ бурчунда бул ааламдын,
Барлыгын муштумдай бир санаалашым,
Экөөбүз эки жакта турган менен,
Дүбүртүн бирге угабыз аккан кандын.

Дүргүгөн кызыл жалын тамырларда
Ашыгып арман ташыйт, жашоо ташыйт
Кошулуп кетпейт белек таштап баарын...
Көкүрөк койсо бизге эшик ачып...





* * *

*"Кыргыз кыздары көзүңөрдү ачып жүргүлө" деген ролик асманды жерге таштап жибергенсиди.*

Кыргыз кызын көлөкөгө баккан эл,
Сөз эле эмес, күн заарынан калкалап.
Тыюу болгон ырас, кызга кырк үйдөн,
Бирок, мындай пастыкка айтчы, ким кыят?!

Кыргыз кызы керек кезде журт үчүн,
Курмандыкка чалган жеке бактысын,
Сулуу кыздар, күлүк аттар көтөргөн,
Журт кадырын, эл абийрин, намысын.

Кыргыз качан жайчу эле элге жаманын,
Жазалачу журттан сыртка чыгарбай.
Намыс учун жанын кыйчу жигиттер,
Журт уяты ыйык эле ураандай.

Кантип эми энелер уул төрөсө,
"Журтту коргоор уул туудум" деп айта алат.
Кантип эми кыргыз кызын жат элде,
Кыргыз жигит жандап тирүү баса алат?

Кантип? Кантип? Суроо миң сан жооп жок,
Күйүп турат ар намысым, дүйнө бок.

## КУПУЯ ТЕРЕЗЕЛЕР

*(Менин бейтааныш таанышым. Сени көрбөсөм да көп жолу дем бердиң, ошол эле учурда ыйлата алдың... Бар бол дегенден башка эч нерсе дей албаган абалдамын.., анткени, сени көрө элекмин.)*

Аркы бетте сенин аппак терезең
Көркөм парда кош айнеги мен жакта,
Сыры көчкөн арзан парда терезем,
Пастан туруп бийик карайт сен жакка.

Терезелер үн-сөзү жок тиктешип,
Экөөбүздүн көзүбүздөй телмирет,
Мен ачканда сен толкуйсуң. Сен ачсан
Мен кубанам, "Кудайым ай, келди!" деп.

Сөздөр гана ТИЛЕК канат, ОТ жүрөк,
Зор ааламда ары-бери удургуйт.
Бирин-бири көрбөй, билбей алыстан,
Кандай жакшы турса дилди дил туюп.

Элес аалам, насип кайып бул жолдон,
Далай пенде ары-бери агылаар.
Көңүлү бир, бирок үйү ар башка,
Арасынан биздей балким, табылаар...





Бүтөт жумуш, сен кетесиң, мен кетем.
Терезелер умсунушат баладай.
Күтөт үйдө эстүү жарың сыр бербей,
Басам жалгыз, карегимде сүзөт Ай...

Үчүнчү күн, бүгүн асман ыйлаган,
Үч күн болду.., ачылбады терезең.
Үчүнчү күн кароол менин жүрөгүм,
Үчүнчү күн.., аягы жок бүтпөгөн.

* * *

Сен кеттиң жөн эле...
Сурабадым..,
сен да айтпадың сууган жайың...
А мага жек көрүндү алдамчы аалам.
Кечиргин.., көңүлүмдөн чийип салдым.

Дары эле сенин сөзүң,
Көзүң, үнүң..,
Өткөндөн жүрөк ооруп кыйналганда.
Аман бол асыл адам, жарыгы башка жандын,
Мен үчүн жакшы сөзгө кыйналба анда...

Жөн эле чийип салдым,
чийип салдың...
Сен эми..,
дары эмессиң кыйналганда...





* * *

Качандыр бир кездерде, кача-а-андыр бир
Билем биз жолугабыз...
А бирок, ошондогу.
ким болуп жолугабыз дегенге жообум алсыз...

Жүрөгүм чарт тилинет, жашын сүртүп...
Түтөйт ов, шордуу жалгыз,
Мен сени эстебейин.., дейм азыр,
Чын эле эстебеймин...эстейт бу жүрөк арсыз...

Балким, сен катардагы..,
пендесин көптүн бири,
Жубатаар ушул мени..,
Асылзат эле дейт да сыздайт жүрөк,
Негедир сен үчүн жан кыйгым келди...

Тынч жатсам деди жаным ала салбай,
Жамынып капкара муздак жерди,
Ошондо сезээр белең...
Жоготконуң жакшыңды, адемиңди...

## АКЫР ЗАМАН

*(22-декбарда акыр заман болот экен деген учурда келген кунарсыз ойлор...)*

Хан качып, журт чайпалып
Кан жутуп кайран кыргыз,
Аянтта атылганда сексен жигит,
Энелер какшап боздоп уулун жоктоп,
Келиндер жапжаш туруп кара кийип,
Өз жерин кыргыз уулу өзү тоноп,
Башка улут четтен карап муздак күлүп,
Турганда ээсиз калган иттер улуп...
Кашайтып келген болчу акыр заман...

Суукта жарыгы өчүп,
Төрөлгөн күнөөсү жок балдар өлүп,
Чоңдоруң чокойунча көрбөй элди,
Жигиттер көөдөндө бар зарде деми,
Кылыч алчу колуна шыпыргы алып,
Ат-Журт, Тоону таштап кезип жерди,
Кеткенде келген болчу акыр заман.

Тең бөлүп аккан Ошту,
Ак-Буура кызыл канга боёлгондо,
Баланы бешигине кошуп өрттөп,





Кара башыл кайрандар жоголгондо,
Кыздардын көкүрөгүн бычак тилип,
Сулайман Тоо түтүнгө оронгондо...
Аттиң ай, келген болчу акыр заман...

## ТУУЛГАН ЖЕР

Сурашайын бүгүн куса бөксөртүп.
Амансынбы, өзөктөшүм АТА ЖУРТ!
Асман, талаа, өзөн-көлдөр, ой-кырлар
Кебелбестен турган чыгаар сүр күтүп.

Калбаатынан жазбадыбы аскалар,
Караанындан кагылайын Улуу-Тоо.
Жетпедиби сага заман оомалы,
Эл дагы эле чыгаар айкөл, март, баёо..?

Аксакалдар бакылдашып чер жазып,
Жол четинде дөңдө маек курабы.
Ары-бери өткөн атчан жөөлөргө,
Жеңелерим ыйбаа кымыз сунабы..

Шамал дуулап жер кезет го ээ акактап,
Тынчтана албай койду деги, жарыктык.
Эсиңдеби, бала кезде жел менен,
Далай ирет чаң ызгытып жарыштык...

Жашык жамгыр андан бери көп ирет..,
Гүл желегин, тал саамайын жуугандыр.
Ай келинчек бетин сепкил ээлеген,





Далай сүйрү Ай "бөбөктү" туугандыр.

Сен бар болгун, ошол менин барлыгым,
Ата Журтсуз тирүүлүгүм кимге опаа.
Отузду эчак ашсам деле түшүмө,
Кирет апам, сапсары кыз, боз талаа...

Бар болгула, соо болгула баарыңар.
Силерсиз оов, менин барым кимге опаа...

## ЖОКТОО

Бала кезде болчу баары жөнөкөй.
Ишенчүбүз таң атат деп, чыгат Күн.
Эч бир сөзү, талашы жок туйчубуз,
Атам үйдүн көтөрөөрүн түркүгүн...

Үшүп калсак, же улуулар сабаса,
Апам гана жылыта алчу, болушчу.
Шүүдүрүмдөн сөйкө таккан камышы,
Жоктойм эңсеп суу жээгинде конушту...

А азырчы, баары татаал бүдөмүк.
Билбейм кимге кандай сөздү сүйлөштү.
Айткан кебим кайра өзүмө жаа болуп,
Канча жолу жүрөгүмдө Күн өчтү.

Кечиргиле түшүнө албай койдум эч,
Сыягы мен эрте, балким, кеч келдим.
Бул жашоого баары татаал тополоң,
Көнө албадым, келбейт недир өзгөргүм.

Калгым келет күндөй таза булганбас,
Таштандыга тийсе тийген нур бойдон.
Кабыл алаар белең барсам ушу азыр,
Суу жээгинде конуш дилде жоктолгон...

Калгым келет күндөй таза, булганбас
Таштандыга тийсе тийген нур бойдон.





## АЛЫСКЫ ТИЛЕКТЕР

Тилектер ай далай түндөр тиленген,
Балалыктын айдыңында калдыңар,
Күчүңөргө таң калам да, тан берем,
Ушул күнгө чейин өчпөй жандыңар.

Бириңерде тиленчү эле көп бала,
Үйдүн ичин үч көтөрүп чуу салган,
Бириң жигит сөз кылышып апалар,
Далай сулуу жүз аарчыга гүл сайган...

Бириң болсо шаар элең алыскы,
Жалаң бакыт, сүйүү, кыял жашаган.
А бириңчи.., тилеги элен апамдын,
Болсо деген кадимки эле жакшы адам.

Аттиң азың.., абдан азың ишке ашты,
Он беш эмес, бир гана уулга энемин.
Айылдагы мыкты жигит жар болбой,
Турмуш жолдо жалгыз басып келемин.

Аа алыскы шаарда да арман муң,
Бар экенин билгенде көз жаштадым.
Жакшы эмес, орто адам боло албай,
Көп адемим жоготтум эх.., таштадым..!

## АРУУМ АПАМ

Бой жеткени ырын ырдап сүйүүнүн,
Сүйдүм ырас.., далайларга сүйүлдүм,
Бирок, апа ошончонун ичинен,
Айныбасын туйдум сенин сүйүүңдүн.

Жолун карап сен таанабас бирөөнүн,
Жомоктодум кыялымды ыр кылып,
Билип туруп эртеңдерге жылдырдым,
Күткөнүңдү күндү санап, ай сүрүп...

Бактым тилеп узун түндө түйшөлсөң,
Жалгыз жатып мен башканы ойлодум.
Шор пешене мени далай коргоду,
Апа сенин аруу тилек ойлоруң...

Жаным апам, аруум апам, ыйыгым!
Жакшы тамак жесең дагы кыйылдың.
Жолсуң апа  улуу көчтү улаган.
Мен болгону сенден түшкөн чыйырмын...

Жаным апам, аруум апам, ыйыгым!





## ТУУЛГАН КҮН...

Туулдум.., бирок билбейм эмне келдим,
Жарыкка чындыгынан жалганы көп,
Сүйүүдөн жек көрүү арбын.., алдоо арбын,
Дил жарган кубануудан арманы көп...

Жарыкка неге келдим деген суроо,
Ушу азыр көңүлүмдү турат тилип.
Апамдын оорун колдон ала албадым,
Түйшүктөн кыйналганын билип туруп....

Элиме көөдөн жарган сыймык болуп,
Жашоого сүрткөн жокмун жаркын жарык...
Сага АТА санаа болдум узун түндө,
Тилектер ара жолдо сынып калып...

Уулума жакшы эне боло албадым,
Биздин үй бир ыптасы турат кемип.
Ыр гана жөлөк мага ыр гана дем,
Азыр да жалгыз жанга ырым шерик...

## 13-МАРТ

Жаз, шамал, күтүү, үмүт, жолугушуу
Бүгүндүн жүрөгүндө турду туйлап.
Байчечек сезимдерим көөдөнүңө,
Баш коёт бактысынан үнсүз ыйлап.

Көзүмдүн түпкүрүнө көзүң катам,
Калсын деп көз карашың карегимде,
Жолукчу күн уза-акка күттүрдү да,
Жолугуу көз ирмемде бүттү неге..?

Шыбырың оттон бүткөн.., түнү бою,
Толкундай тээп чыкты көөдөнүмдү,
Эрдиңдин даамын туюп, демин сезип,
Күн сайын жашайм эми ушул күндү...

***2013. 13. 03***





* * *

Канча жылдын карегимде сүрөтү...
Кур үмүттөн өзөк жалгап,
Умсунуудан мертинген,
Сезим тентип, жарга урунуп,
Жалгыздыктан кетилген...

Канча жылдын жүрөгүмдө издери...
Көз жаш жууп жаздыгымды,
Көңүл далай буй түшкөн,
Жазы болуп башкалардын,
Көп күттүргөн бир көктөм...

Адашкан куш түнөгүндө жаз мендик,
Гүл уктабай, ай телмирет...
Көңүл дүрбөп оштоном,
Корком жаным, ышкы отунан,
Бар болом, же, жок болом...

## КҮТҮҮ АНАН САГЫНЫЧ...

Сиз, Жол, Көктөм...
жамгыр тиктеп айнектен...
Мөлтүрөтөт каректерин тамчылар..,
Маңдайдагы таш күзгүдөн,
Жолугушат көздөр үнсүз,
Кирпигимден кулайт куса, кайгы, зар...
Унчукпайсыз.., унчукпаймын,
Тынщайт жүрөк жымжырттыкты...
Жол боюнда ойлуу жүдөө дарактар...
Мен, Сиз, Тоолор,
Шамал ырдайт бир ырды,
Күдөр үзбөс Гүл саамайын жел өпкөн...
Эрдиндерде эрийт сагыныч...
Таттуу шыбыр күн күкүмү
Эки жүрөк өрөөн эле өрт кеткен...





* * *

Сагындым...
Шыбырыңды шоокум сымал,
Шарп уруп, сылап кеткен жүрөгүмдү..
Негедир туйлап жатат токтоно албай,
Эси жок эрке кыял жүрөгүм бу...

Көзүңө...
чөгөт менин каректерим,
Дүкүлдөйт көөдөнүмдө сендик жүрөк
Сезимдер ак тилектен ак желегин
Көтөрүп чарк айланып учуп жүрөт...

Дилимде...
Удургушат кыялдарым,
Сен билбес, балким сени кызыктырбас,
Болгону кубат мага опол тоодой,
Бир жандын бар экени мени кыйбас...

* * *

Жаныңда алган жардын,
кыялың мени менен,
Миң түркүн ойлор келип,
көңүлгө бир бук толоор,
Тумчугуп унчукпайбыз,
аралык тыңшайт бизди
Жазбайбыз жылуу сөздөр,
анткени, баары оор...

* * *

Күттүм сенин тамгаларың тизилген,
Катып алган жылуу сезим боюна.
А сен болсо жол караган күтүүмдү,
Алган жоксун, балким, такыр оюңа...

* * *

Унчукчу тумчуктурбай жүрөгүмдү,
Үн катпай мени кыйноо жагабы айтчы?
Жүрөгүм сен тарапка жүз бир ирет,
Жүгүрүп барып ана.., кайра кайтты

* * *

Буюккан ойлорумдун падышасы,
Алыстан маяк болуп жол көрсөткөн.
Ооруган жүрөгүмдүн дарыгери,
Кыш кетпес ааламыма келген көктөм...





* * *

Мен кеттим экөөбүзүн дүйнөбүздөн,
Кайрадан көрүшүүгө үмүт байлап.
Бир бакыт дил жылытып, ой жаркытса,
Бир күйүт көкүрөктү турат кыйнап...

* * *

"Кызганам..." Кызык бар ооз ушул сөздөн,
Дилимде куюн кетти ала-салып.
Кыялда кызганганың элестеттим,
Көзүмдү бекем-бекем жуумп алып.

* * *

Жар эмес, жара болуп айыкпаган,
Шам сымал көңүлүңдө дайым жанам.

* * *

Тентидим, жалынга урдум жалгыз жанды,
Таппадым.., бирок, даба жаратыма...
Унутам дегем сени, болбоду аттиң,
Кусаны жүктөп келдим канатыма...

* * *

Унутуп калган экем көп нерсени...
Сен мага кайра баштан эске салдың,
Аялуу аялдыгым, алсыздыгым,
Болоорун таянууга ким бирөөгө,
Сүйүүгө, сүйүлүүгө акым барын...

* * *

Бир жыл өттү арадан...
Он күн мурун "кечээ көрдүм,
кечээ эле..." деген болсом,
Эми былтыр деймин.
Унчукпай сагынам да, узатам дагы бир жыл,
Анан эки, анан үч,
айтор..,
жат болобуз экөөбүз жаттан да жат...
Каректе жаш, көөдөндө үмүт калат...

* * *

Келдим жалгыз.. билбейм келээр-келбесиң
Ээн.., муздак Сүйүү аттуу зор бекет.
Жолукканча көңүл үчүн.., же аяп,
Сүйүп туруп.., муңга бөлөп таштап кет...

* * *

Кетээриңде узатам да ушул кеч,
Билем башка эрин сени өбөөрүн.
Жалгыз жатып, үшүп жатып. Тымызын,
өксүк ойдон үзө тартат өзөгүм...





* * *

Дилиме келген жазым,
Жүрөктөн бүчүр жарып.
Көчкүсү көөдөнүмдүн,
Кусамды кеткен алып.

Жабыркайт түн да азыр,
Ызадан көңүл күйүп.
Унчукпай жашытасың,
Сагынчым билип туруп.

Мейли кет жолуң тоспойм,
А дүйнөм сыздаары чын.
Сен көпкө көрүнбөсөң,
Сезимим ыйлаары чын...

* * *

Жанында жарың жандайт а мен болсо,
Бир таттуу кыялында термелемин...
Тилектей бүт өтүргө азык болгон
Жан билбес түпкүрүндө жашайм сенин...

Унчукпай күтөм канча күттүрсөң да,
Билемин шарап сымал саматаарым,
Жолугуу жууп бардык сагынычты,
Канында агат менин жалын каным...





* * *

Тырс.. тырс...
Үзүлдү бир тамырым.
Мөлт этти карегимден жалгыз тамчы...
Баладай жүрөгүмө...
Балапан тилегиме,
Шам болуп ишенимден.., жарык жанчы
Туз сымал
жутсам ачуу..,
Төгүлгөн көз жашымды өзүң аарчы...

* * *

Не кабарсыз? Же бир жазган катын жок,
Сен тараптан кабар күтөм.., ын-жынсыз.
Кечки иңирде тоо көлүндөй тунжурап,
Неге мынча ойго чөгүп тарттың суз?.

* * *

Сезип турам эриндердин бал даамын,
Канга от коюп, жүрөктөрдү дүрбөткөн.
Жан-дүйнөмдө учуп жүрөт көпөлөк.
А дилимде сайран курат жаз, көктөм.

* * *

Ачылды эшик...
Күн күлгөнү,
жаз гүлдөрү маанисиз,
Бет алдымда турган кезде карааның...
Тек жолуккан
Жүз тааныштай,
Жылмаясың баш ийкеп
Дүрт дейт сезим, жүрөк таппай амалын...
"Келдиңби эркем..!"
"Күттүрдүмбү..?"
Көздөр гана сүйлөшөт...
Демим токтоп оттой жанат жамалым...
Сени коштоп,
Мени тиктеп
Турган жандар көрүнбөй,
Сен, анан мен алкагында ааламдын...





* * *

Эртең, "эртең.." деймин
Бир күн калды жолугууга.
Тигилип көздөрүңө, чөмүлүп карашыңа...
Жыгылып кучагыңа,
Мен жүргөн көмүскө аалам,
… ДИЛИҢЕ жанашууга!
Түрсүлүн жүрөгүмдүн сааттай дикилдеген
Унчукпай тыңшайм анан...
Жаш чаят карегимди,
Өттү деп миллион мүнөт кыйгач бизден...
Жаз түнөк, жаркын тилек
Бир дүйнө сен, мен билген,
Өзүң жок миллион мүнөт томсорду ээн!
Жымжырттыкты ың-жыңсыз
тыңшайм жалгыз...
Шыбырайт шамал жыртык терезеден...

* * *

Бүгүн абдан чөгүп турат көңүлүм
Жаш баладай өксүк көңүл жарым жан...
Ээн үйдө жалгыздыктан корголоп
Апасынын чоң жоолугун жамынган...

... Кусалыктан солуктады жүрөгүм,
Өспүрүмдөй алыс кеткен айылдан...





* * *

Көңүлүңө көп ойду үйдүм билем,
Кабагыңда көлөкө түнөйт үнсүз...
Санаа ойдон кадамың оор тартып,
Бул сезимдер жашаар тек, жубатуусуз...

Эринимде эриниң эрип көпкө..,
Кош дей албай ийиним титиреп тур.
Анан кантип жүрөгүң самабасын,
Карегиңде али да бир сүрөт жүр...

* * *

Билем азыр сен мени тымызын бир,
Эстейсиң да ууртуңдан жылмаясың.
Жүрөгүңө күн болуп тийип турам,
Нурум, бирок, жашырып жылынасың.

Менин атым эч качан айтылбайт да,
Номурум бу жазылбайт эч бир жерде.
Айыптабайм мени сени асылзатым...
Кеч төрөлүп, кеч сүйгөн күнөө менде.





* * *

Турмуш.., мынча татаалсың,
Тамырың түбүң кайда..?
Чалынттын мүдүрүлдүм,
Жыгыттың.., турдум кайра.
Тилинген жан-дүйнөмдө,
Али да айыга элек канайт жара...
Чөкпөдүм тик карадым,
Көзүңдү көргүм келди.
Сурайын жооп берчи,
Күнөөбү сүйүү калуу эстен тана,
Күнөөбү жалгыз болуу..,
Күнөөбү бактысыздык..?
Унчукпай тунжурайсың жообуң кана...
Анткени, жообуң алсыз,
Өзөгүм күйгөн менен,
Өрттөнүп жүргөн менен
Күчтүүмүн билсең сенден алда канча!

* * *

Тынч жүргөн күндөрүнө,
Дүрбөлөң салып коюп,
Бейкапар жашооңдун,
Мазесин алып коюп,
Кабарсыз жүрөт дебе, түтөйт жаным...

Намыскөй көк эле деп,
Көтөрбөс ашыкча кеп,
Жүрөгүм тыбырчылайт,
Көңүлүм алай-дүлөй,
Көөдөнүмдү жалмалайт санаа-жалын...





* * *

Жолуктуң да.., жомок болдуң көп жылга,
Жүрөк айтып, сезим уккан муюп жай.
Башкаларды сүйдүң далай.., сүйдүрдүң.
А мен күттүм унутам деп.., унутпай.

Ошол жылдар сага айланып, сен коштоп,
Жашап калгам жетегинде кыялдын...
Жашым сенден кичүү, бирок күткөндөн
Ушундай бир чач агарып улгайдым...

* * *

Кабарың же, арнап жазган катың жок,
Каректерим кароол кылдың жолуна...
Үмүт гана жүрөгүмдү сооротуп,
"Тур! - дейт, "кана эртеңкиге жол ула..."

Эртең дечи... эртең баары өзгөрөт,
Санаалардын карыйт узак сапары.
Эртең деген сөздүн даба экенин,
Бүгүн билип ичтим дары катары.

Эртең дечи.., карыйт санаа сапары...





* * *

Жолугуу майрам билсең...
Жол кыска кандай гана сага барган!
Эстегим келбей кайра кайтчу жолду..,
Жүрөгүм калбыр болуп жараланам...

Өбүлүү өмүр билсең...
Өрт эрдим эринине төшөп алып,
Көзүңө чөгүп кетип каректерим,
Бүтүндөй тирүүлүктү унутуп салып...

Кучагың бейиш билсең...
Армандан, жалгыздыктан калкалаган,
Жолугуп бар болом да анан кайра,
Узатып.., кызганычтан талкаланам...

* * *

Түн... Узагың ай,
Муздагың анан дагы,
Өксүккө бөлөп дилди, үшүткөн көңүлүмдү,
Жек көрөм.., бирок шерик....
Кантем анан,
Сени менен өттү көп өмүрүм бу...
Жарты Ай.., жарты көңүл
Жалгыздык асманында,
Каалгый сүзөт кечип далай түндү...
Үмүттөй үлбүрөгөн..,
шоокуму буурул тартып,
Эсте мени.., төгүлсө төшөгүңө Айдын нуру...





* * *

Мойнуңа ороп алып билектерим,
Кыялда "бүгүн түнү кал" деп айтам.
Жытыңды, жылуулугуң таштап коюп,
кетесиң. Жамгыр шерик, жалгыз кайтам...

Каттарың караан, төтөк көңүлүмө,
Жалгыздык жабыркатып желкелеген.
Сүйлөмгө, тамгаларга сезим жандуу,
Жүрөгүм башын жөлөйт өктө менен...

Чачым суу, колум муздак, кирпикте муң,
Жек көрдүм бүгүн үмүт, сүйүү, баарын...
Жанымды ушундай бир ызалантат,
Аялдык бакыт тийбей унут калуум.

Ыйлабай шылдың кылам тагдыр сени,
Жакшысы унчукпачы, унчукпайын...

* * *

Ээрчишкен экөөбүздү тоолор тиктейт,
Апакай булут жоолук, чачы кайың.
Тересиң көзүң менен мында калган,
Жомоктун качанкы бир калдыктарын...

Желекче кирпиктерин ирмеп коюп,
Талаанын гүлдөрүнүн баёосун айт.
Жыртыгы кардын ойдо калып калган,
Бороондуу күндөрдү эстеп жалгызсырайт.

Өппөчү.., тоолор не дейт уят жаным..,
Жашынам костюмуңдун жакасына.
"Качандыр чогуу келип эскеребиз,
Эркем бил, биздики эми ушул жылга..."

Биздики.., ушинтти экен канча адам,
Менсинген, менчик болбос тонун койнун.
Анчалык көптүн мага кереги жок,
Алмашпа.., барда-жокто бирге болгун.





## КЕРЕМЕТ ТАЛАА

Бир талаа бар бийикке бой тирешкен.
Күндүзү Күн, түнү Ай жүзүн өбөт.
Жамгыр жууп кулпунган шибер чачын,
Гүл кыстарып тоо жели күндө өрөт.

Кыдырата Ала-Тоо коргон болуп,
Булут конот суу издеп айлуу түндө.
Кызгалдактар ырдашат кызга айланып,
Күтүү, жоктоо, жолугуу, СИЗ жөнүндө...

Шүүдүрүмдөн көз жашын сүртүп коюп,
Жыттуу шыбак муңаят неди-ир күтүп...
Түндүк жабуу кирпигин Түн серпкенде,
Тээ чыгыштан ашыгат Таң жүгүрүп!

Бу КЕРЕМЕТ ТАЛААГА сүйүү пири,
Жер кыдырып келатып конуп өткөн.
Энтигебиз экөөбүз эс-мас болуп,
Ушул жерден башталат ЖАШОО, КӨКТӨМ!

* * *

Кандай гана сагындым.., кандай гана,
Шыбырыңды дүйнөмдү дүңгүрөткөн.
Кучагыңды күн сымал ысык нурлуу,
Эриниңди эрдимди өрттөп кеткен...

* * *

Түн жамынган Ай экөөбүз... Жазгы кеч,
Жымжырттыктын ырын тыңшап жалгызбыз.
Кайгы түнөк көөдөн сырын бөлүшөөр,
Жан адам жок аалам дүлөй, аалам суз.

* * *

Түн бир оокум куштар уктайт, гүл уктайт..,
Сен да жаным уктап жаткан чыгаарсың.
Кирпик калем, жашым сыя, дил барак,
Ыр сурайм тынчын алып Кудайдын.

* * *

Ойгоном да, "ойгондубу?" деп ойлойм,
Тилейм анан иш күнүңдүн ооматын.
Сыртың токтоо болгон менен жан-дүйнөң,
Назик эле.., жамандардан сынбасын.





* * *

Негедир буулуктум.., негедир...
А балким, өзүмдү жектөө бул.
Батпаган эч жерге чайпалып,
Сен туйбас дилдеги көксөөдүр...

Түшүнбөй койдум эч.., түшүнбөй
Мен сенден эмнени самадым.
Жетет маа көп сурап кыйнабайм,
Болгону бир жылуу карагын...

Үнүңө жашырба муздактык,
Жанымдын туйгучун кантейин.
Күтүүдөн жалкыган жүрөгүм,
Чыдамсыз ушу азыр анчейин...

Капилет кирпикте шүүдүрүм,
Жаш турса ууртуңдан күл жаным,
Анткени.., билемин бүгүнкү,
Таарынтты ээ, обу жок кызгануум...

Барагой, кеч калба мен болсо,
Санаймын сен келчү мүнөттү.
Унутпа сураарым кымбатым,
Аралды ажайып күнөстүү...

* * *

Көңүл ай дирилдеген бириндеген,
Канча ирээт чачылдың да төгүлдүң о-у.
Кээ бирде көкөлөсөң көккө сыйбай,
Кээ бирде муздак жерге көмүлдүң о-у.

Көзүңө дит багууга күчү жетпес,
Бечара бычак сайды.., түттүң чыдап.
Жабыркап турган кезде түшүнбөөдөн,
Түшүнүү - сага жетүү кандай узак...

Унчукпай кетүү жакшы мындай кезде,
Эшигин жаап алып көңүлүмдүн.
Бүгүн мен бир барагын айрып салдым,
Түшүнбөө толгон супсак өмүрүмдүн...





* * *

Кымбатым... Кымбаттыгың эми сездим,
Жанымды жалгыздык, муң мычкыганда.
Жүрөгүм ээн, бопбош, дүлөй, тыптынч,
Айланды дүйнөм элсиз муздак жайга.

Карегим карыктырып алыстасың,
Билбейсиң тумчукканым кусалыктан,
Тез атчу таңдар азыр атпай калды..,
Эрмегим SMSтер аалам баткан...

* * *

Жүрөгүңө камалдым.., чыгуу болбос.
Сени сүйүп, сагындым ошол күнөөм,
Бир эле сөз дилиме канат байлап,
Бир эле сөз үшүтүп селт дейт дүйнөм.

Катар бассан гүл өнүп кадамымдан,
Карегимде Ай сүзүп, Жылдыз жанат.
А жүрөгүм боз торгой безеленген,
Жүрөгүңө жол издеп канат кагат.

Туясыңбы ким билет.., эмнегедир,
Бир түпөйүл көөдөнүм ээт неге..?
Акылы жок кызганчаак кыска ойлор,
Ишенимдин ой-кырын кезет кээде...





* * *

Күтүү күлөт каткырыгы таш жарып,
А жалгыздык муңдуу алсыз жылмаят.
Тээ алыстан үмүт оту азгырып,
Белгисиздик, сен тарапты нур чаят.

Барайынчы батпай калдым.., тосуп ал,
Күтүү менен жалгыздыктан чарчадым.
Жан баалабас жалгыз адам болгончо..,
Жалгыз гүлү болгум келди бакчаңын.

Кайгым, жогум, кубанычым бөлүшөөр
Дил шериксиз жашоо сенден чарчадым...

## ДҮЙНӨМДӨГҮ ЖАМГЫР

Жамгыр бүгүн, дүйнөмдо жамгыр бүгүн,
Тыңшайм ичтен эзилип жамгыр ырын.
Өзү ыйлаган жүрөккө башын жөлөп,
Ыйлайт сезим.., сооротом кайсы бирин...

Жылмаюңдун жугу бар кечээгиден,
Жолукканча жаныма кубат болоор...
Кейиттимби жан биргем түйшүк артып.
Көздөрүңө түнөтүп түмөн ойлор...

Ташка тийген маңдайы бейбак сүйүүм,
Калса эгер өткөндүн ордун жоктоп.
Менин муңум өтпөсүн сага жаным,
Көңүлүңдү көөнөртпө, мааниси жок.

Көңүлүмдү көктөтпөс өзгө нерсе,
Жүрөгүмдү уялаар күздөй куса,
Мен зар болгон бакыттын эсебинен,
Бакыт табат башка адам ушул жазда...

Ыйдан катып ирмелбей кирпиктерим,
Абалыңдан чайналам мен билбеген,
Биз жолуккан кечтерди, өбүшүүнү,
Сактап койдум көөдөнгө түн кирбеген.





## ДЕҢИЗ ЫРЫ

Аалам жымжырт...
Ушунчалык не жымжырт...
Толкуйт деңиз.., жээгинде кылаалайм.
Билбейт жаным,
Айдыңында не барын,
Үнсүз тыңшайм, толкун ырын сурабайм...
Эрбейемин..,
Ээндикке телмирип...
Жашым сүртөм, "болду эми ыйлабайм."

Атаандашпайм..,
арман кылбайм мен такыр,
Болбоду деп биринчим.., да биринчиң,
Буга чейин,
эстеп койсоң башканы,
Унуталбай жүрөт го деп бүлүнчүм.
Сездим бүгүн,
кылаасында кыдырып,
Тепсеп жатып толкундарын деңиздин...
Көрсө жаным,
жалгыз күткөн узакка
Мен экеним кайгырчуң.., да сүйүнчүң!

## СҮРӨТҮҢ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Унчук жаным, ууртуңдан жылмайбай,
Табышмактуу караганың сыр катат,
Көз караштa мээрим толгон мына бу,
Менде жүргөн сезим, тилек, ой жатат...

Эмне болду, кайдан келди суук жел..?
Тумучуктурба падышам ай жооп бер.
Шамал ыйлайт, дир-дир этет ак кайың...
Ээнсиреп биздин аалам, биздин төр.

Караба антип үн-сөзү жок куйкалап,
Суукпу азыр, же жылуубу сен тарап...
Көк иримге боюн таштап кыйкуулай,
Жалгыз ак куу толкун минип муңканат...

Суукпу азыр, же жылуубу сен тарап..?





## КӨЗ ЖАШ

Жаншерик санаалашым,
Мончоктой мөлтүрөгөн,
Боюңа батты куса, кайгым менин,
Оомал бу жалган аалам,
Калчады каалаганча
Кирпигим ирмейинби..?
Оор тамчы агылып кулап кетсин.

## БИР ЖОМОК

Мен уккум келген да келбеген,
Жомогуң унчукпай тыңдаймын.
Ичимден ойлоном "аттиң о-у,
Тагы бар көктөгү суз Айдын..."

Жүрөгүң өткөндөн дагы эле,
Бошонбой сагындың ал куруп,
Жаныңда ТОО кызы, кыялың..,
Ак чоку, түп арча, ак булут...

Карегиң камалган качанкы,
Сени эчак унуткан өтмүшкө.
Орду жок буюмдай сыйбадым,
Кетсем деп жутулуп бу кечке...

Күтүү, мен, бир үмүт диллеги..,
Көгүлтүр закымга айлансак.
Билбесең не аттиң барлыгым,
А балким, жаным тек жайланмак.

Сыртыңдан кайтарып карааның,
Мен көпкө жок болом сыягы...
Ай болуп унчукпай төгүлөм,
Күйүктөн тагы бар баягы...





## БЕЛЕК

Колуңду тос курбум, тартынба,
Бактымдан бөлүшөм бир үзүм.
Алганмын жашоодон, жамгырдан.
Бар анда көөнөрбөс үмүтүм.

Кур бекер таарынба эч качан,
Кубаныч тартуула жүрөккө,
Унутуп сал өлүмдүн барлыгын,
Дилиңди өйбөсүн күн өтпөө.

Сен күткөн, сени да сагынган,
Кучакка унчукпай кулануу.
Бар болуу, жаралуу, сүйүлүү
Мына ушул бакыттын булагы.

Теңелбе пастыкка. Тирүүлүк,
ансыз да абдан аз берилген.
Уратпа болбоско сезимди
Секунддар көп болсун элирген.

Төгүлүү, сагынуу, өбүлүү,
Жашоонун маңызы, данеги.
Деп билген аалам бар жүр курбум,
Менде анын жазылуу дареги.

* * *

Кабарындай бороондун...
Келди SMS...
Мен селт эттим... сен да эки бөлүндүң.
А дилиңде турдук экен кимибиз,
Жүрөгүм ай, тал-талынан сөгүлдүң...

Кучагыңда мен...
Телефондо SMS...
Кимдигибиз билбей үнсүз буулуктук...
Бейтааныш кыз.., сен да мендей жансыңбы..?
Бар деп билген сүйүү деген улуктук...
Кучагыңда мен...
Телефондо SMS...





* * *

Эч бир жанга кылбасак да жамандык,
Биз тууралуу билип-билбей айтышты.
Ууланды эх, ушактарга сезимдер.
Адам уулу ушунчалык байкушпу...

Коргой албай жалган сөздөн ышкымды,
Алсыз экем.., сынып турдум кайрылып.
Жүрөгүмдү кемирет оо-у бир ыза,
Көкүрөгүм тиреп турат кайгы бук.

Кечир сезим, кечир бизди пендени,
Сөздөн кылыч, уу көтөрүп жүгүргөн.
Досум менен сыр бөлүшүп кечээ эле,
Ошол сырдан күйүп турам бүгүн мен.

## КОШТОШУУ ЫРЫ

Ар бир күндүн батаары бар кымбатым,
Кош бол эми.., артта калды ак таңдар.
Ыйлабаймын.., санаа тартпа чөгөт деп.
Бул жашоодо мындан да оор жагдай бар.

Тээ түпкүрдө жүрөөр дааМы эрдиңдин.
Жазда.., күздө жүрөгүмдү сыздатып.
Бар болгону сөз тийгизбе сезимге.
Балапандай ал шордуууда не жазык.

Кечир мени.., актабадым күтүүңдү.
Сен самаган селки боло албадым.
Айланбадым жомогуна айтылчу.
Карегиңде сүрөт сымал калбадым...

Бирок.., билем бир керемет талаада,
Жазда жаштай ысык жамгыр жаарын...
Шамал жоктоор качанкы бир жакшы ырды,
Булут болоор тымызын бир жабыгуум...

Кеттим сенден, балким менден сен кеттиң.
Азыр баары жуксуз, изсиз, маанисиз.
Жаз өмүрү кыска болду кантели.
Байырлады бир талааны муздак күз.





* * *

Мен да сүйдүм, сен да сүйдүң от болуп,
Сүйбөй туруп байкуш гана жолукмак.
Сезимдерди атып чыккан октолуп,
Бийиктигин турчу сенин толуктап.

Бийик бойдон, калдың менде, от бойдон.
Өзөгүмдү өтөөрүң чын куйкалап.
Карангыга көнөм.., көктүк жайым бар.
Жарык болуп турса экен сен тарап.

Бийигиңден түшө көрбө чолпонум.
Жаркырай бер таңдын ачып бактысын.
Бүгүн эмес, кечээ эмес сен мага,
Тээ секелек бала кезден жакчусун.

Жарык жангын, күңүрттөнө көрбө ээ,
Сенин барың асманыма көрк болоор.
Ар бир кечте батыш тарап кусадан,
Жалын болуп ичтен тынып өрттөнөөр...

* * *

Эмне мынча сыздайсың о-уу жан-дүйнөм.
Чечимиме башың ийбей онтойсуң.
Кирпигимде жаш жок, күлөм сыр бербей,
Көз жаш агат тилип жүрөк толтосун.

Башың көтөр сезимдерим басынба.
Татыбадык.., балким татый албады.
Бир улуулук көз алдымда сынды да,
Тилектерим караңгылык жалмады.

Төрөлбөдү бир тентек уул, балким кыз,
Теңир андай зор бакытты сунбаптыр.
Төлгө салбайм эми качан келет деп.
Сенден калды бүтпөс жараат.., анан ыр.





## FACEBOOK

Экөөбүз эки жерде, бир чекиттен,
Жапжашыл үмүт сымал жанып турган.
Билебиз барлыгыбыз... Унчукпайбыз.
Тереңдейт жүрөгүмдө жараат улам.

Топчудай жашыл жарык дилди өрттөйт,
Анткени, жазбайм эми мурдагыдай.
Унчукпай амандыгын тилейм.., анан
Кусадан ыйлап алам жанга угузбай.

Эстейм бала кездин жомогундай,
Экөөбүз талаа кезген кымбат кезди.
Сыздайм "кантип адам сүйлөй алат,
Дарманы жетпей турган улуу сөздү"

Кыялдар колуң менен куруп берген,
Урады.., боштукта азыр шамал бийлейт.
Үмүтүм бозорду эх, жаш баладай,
Билгендер табалашып кермек сүйлөйт...

Шарт кесип салуу зарыл убагында.
Канчалык жан өгөөлөп оор болсун.
Мен кеттим ордум калбай калган кезде,
А бирок, ак сүйүүдөн кеткен жокмун...

* * *

Карегимде турасын карегимде,
Көз чарасын толтуруп ысык жашка.
Жүрөгүмдө турасын жүрөгүмдө,
Ала алабадым.., сен мени алып ташта.

Жакшым менин, өзүңдү унуттурчу,
Жылдар менен күттүргөн көөмп баарын.
Алыс-алыс учууну тилек кылып,
Орто жолдо арабөк калып калдым...

Колуң менен муунтуп тилегимди,
Унуттурчу кымбатым жашоо барын...





* * *

Ушу азыр көөдөнүңө жыгылып,
Ыйлап алуу бакыт мага ченегис.
Кайдан, андай кунсуз таалай буйрубас...
Жаттан да жат болдук жаным, эми биз...

Туйдум азыр түндүн кадыр экенин,
Сени менен чогуу тосуп өткөргөн.
Куру тулуп карааным бар... А жаным,
Ошол түндө калды Айга өптүргөн.

Кучагыңда жүрөт жаным жүрөгүм.
Карегиңде каректерим телмирет.
Ушу азыр билсе менин кайгымды,
Сүйүп көргөн, же айрылган жан билет...

* * *

Жарты ай, жылдыз, унчукпас түн, анан мен...
Жазды эстейбиз жашообуздан кыя өткөн.
Көз караштар, сөздөр өткүн сыңары,
Тез бүттү да.., издер калды сел кеткен.

Күндүз көрүп кумар толгон көзүңдү,
Сенсиз өткөн түндү анан шаштырып.
Мезгилди биз күйүктүрүп куупуз,
Карабаппыз алды-артыбыз баш буруп.

Күн баткандай батты бакыт алдамчы,
Караңгылык каптап дилди, жүрөктү.
Ушак менен саткындыкка ууланып,
Үмүт өлдү төрөп берчү тилекти.

Бопбош калды көөдөн, жүрөк, бүт аалам,
Балким сага мындай сезим жат чыгаар.
Учпайт эми гүлдүн чертип жүрөгүн,
Көпөлөгү ушул жаздын сен сымал...





## 1...6...ЖЕ...

Бир жолуккан, бир өмүргө кыйнаган,
Бир сүйдүрүп а сүйгөнгө кыйбаган.
Бир нече айга бакыт болуп жанымда,
Бир мага эмес ааламыма сыйбаган.

Бир мезгилдей гүлүн төккөн буркурап,
Бир көчкүдөй баарын алган жолунан.
Бир сезимден калды куру сүлдөрүм,
Бир кылымга айыкпастай ооруган...

Алыс калды баарын түштөй эскерем,
Айлам алты кетип турат кантейин.
Сен мен үчүн бүтүндөй бир дүйнө элең,
А сен үчүн кумар болдум анчейин.

Арманы арбын алты кылым карытты,
Караанына кароол болуум, кайтаруум.
Алты.., алты.., алты жолу жок болуп,
Сени унуттурбас алты жолу жаралуум.

Аман болгун алты саның соо болсун,
Бир майрамдын, бир жашоонун эгеси.
Жакын достор, сүйгөн жандар тост айтсын,
А мен болсо сунам күндүн желесин...

Анткени сен, жалгыз өзүң туясын,
Күн желеси менден белек экенин...

* * *

Жашынмак ойноймчыны өзүм менен,
Күлкүнүн кийип алып бет пардасын.
Жанымда жандабасын кандай жигит,
Баары бир сен өзгөчө.., сен башкасын.

Чүмкөнөт дилим, жаным, жүрөгүм бүт,
Көрбөөгө көздөн өчпөс жарыгыңды.
А бирок сенин жүзүң, эрин даамың,
Кантейин кошо жүрөт канымда бу..

Элесиң жараатымды тырмап турат,
Жолугуп ар бир бурчтан, жолдон, тоодон.
Кутула албай койдум.., кутула албай.
"Унутам" деген алсыз, кирсиз ойдон.





* * *

Унутуп калдың балким, көзүм кандай,
Кадалып карай берген карегимди.
Жадыңдан сүрүп салдың болуу керек,
Бир кезде шашып келген дарегиңди...

Кээде үнүм угулабы ысмың атап?
Мага окшоп элеңдээрсин жан-жагыңа.
Канчалык умтулбайын эстебеске,
Ансайын чөгүп барам арманыма...

Биз баскан жолдордогу кадамыбыз,
Чым басып жаткан чыгар, сагынуудан
чыйрыгып кар жамынып, жамгырда ыйлап...
Ар жазда жаңыланар жараат улам.

## ОКУРМАНДАРЫМА

Жакшы ыр жазсам менден мурун сүйүнүп,
Жаманына ичи оорунуп толгонгон.
Саптан изден өз кайгысын, сезимин.
Жылынышкан мен жылынган ойлордон.

Менин ырым далай жолу кат кылып,
Жөнөттүнөр көнүл сүйгөн адамга.
Ошол ырлар болду балким, себепкер,
Бакытка же, өкүндүргөн кадамга.

Ыйлап турса жашын төгүп ырларым.
Жанын таштап эң биринчи аарчыган.
Окурманым актадымбы үмүтүн..?
Ушул ойдон тынчый албай жанчылам.

Бир тилегим бар болгула баарыңар.
Кубаныч, кайгың бөлүшкөнгө даярмын.
Эгер силер болбосоңор жашоомдо.
Мааниси жок жашабасым, жашаарым.



Мазмуну

1-китеп
СИЗ ..........5

2-китеп
Жүрөктөгү арал ..........113

3-китеп
Шоокумсуз толкундар ..........185

*Көркөм-адабий басылма*

**ЭРГЕШОВА АЙЖАРКЫН**

# ШООКУМСУЗ ТОЛКУНДАР

*Ырлар*

Редактору *Сайрагүл Дуулатова*
Корректору *Сайрагүл Дуулатова*
Компьютердик калыпка салган *Нурлан Кыдыков*

Терүүгө 25.06.2013-ж. берилди.
Басууга 11.10. 2013-ж. кол коюлду. Офсет кагазы.
Кагаздын форматы 70x90 $^{1}/_{32}$. Көлөмү 9.0 б.т.
Нускасы 1000. Заказ № 1128.

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, Горький көч., 1.


Бул ... түн баламдай ... мага
Армандуу жылдарымдын дарыгери
Күтүп ал, ...н-дүйнөңө бүлө ...
Ырымды ше... ...рбе, мени айтпа
Ташпырдым, ак жо... ...леп... аздегимди